USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

"КЫРГЫЗ ЭКСПОРТ" БОРБОРУ

Кыргызстан

# Экспорттоо боюнча өлкөлүк жол көрсөткүч

Сауд Арабия Падышалыгы

2023

**"Кыргыз Экспорт" экспортту өнүктүрүү жана илгерилетүү борбору жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу "Кыргыз Экспорт" экспортту өнүктүрүү жана илгерилетүү борбору 2023-жылдын сентябрь айында түзүлүп, 2024-жылдын февраль айында өз ишин баштаган. Борбор Кыргыз Республикасынын экспорттук потенциалын стимулдаштыруу боюнча чараларды иштеп чыгууга жана ишке ашырууга катышуу, экспорттоону илгерилетүү бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын эл аралык жана региондор аралык тышкы экономикалык байланыштарын өнүктүрүү, экспортту илгерилетүү жолу менен Кыргыз Республикасынын экономикасын диверсификациялоого көмөктөшүү жана экспортту өнүктүрүү жана илгерилетүү менен байланышкан маселелер боюнча мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан баштап эл аралык уюмдардын, бизнес-коомчулуктардын координацияланышын жана өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылуу милдеттерин өзүнө алды.

---

**USAID Борбордук Азиядагы соода боюнча программасы жөнүндө**

USAID Борбордук Азиядагы соода боюнча программасы бажылык жана жеке контроль жол-жоболорун шайкеш келтирүү, соода жана инвестициялар маселелеринде мамлекеттик жана жеке секторлордун ортосундагы өнөктөштүктү бекемдөө, коммерциялык ишканалардын ортосунда трансчек аралык өз ара аракеттенүүнү бекемдөө, ошондой эле соода чөйрөсүндөгү гендердик маселелерди чечүү жолу менен Борбордук Азияда экономикалык өсүүгө жана экономикалык мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүүгө көмөк көрсөтүү үчүн региондогу соода чөйрөсүндө өз ара аракеттенүүнү жакшыртууга багытталган. USAID Борбордук Азиядагы соода боюнча программасынын алкагында соода чөйрөсүндө аялдардын мүмкүнчүлүктөрүнө жолто болгон учурдагы саясаттарды жана практикаларды кайра карап чыгуу жана ошондой аялдарга кыйынчылыктарды жеңүүдө көмөк көрсөтүү боюнча чараларды иштеп чыгуу жолу менен соода жана коммерция чөйрөсүндөгү ишкер-аялдарга колдоо көрсөтүлөт.

**Дисклеймер**

Ушул басылма № 720-115-21-C-0002 контракттын шарттарына ылайык АКШнын Эл аралык өнүгүү боюнча агенттигинин Борбордук Азиядагы офисинин, Азия боюнча бюросунун жардамы менен мүмкүн болду. Ушул жерде айтылган пикирлер автордун(-лордун) пикирлерин билдирип, сөзсүз эле АКШнын Эл аралык өнүгүү боюнча агенттигинин позициясын чагылдырбайт.

## МАЗМУНУ

КИРИШ СӨЗ ........ 8
I-БӨЛҮМ: ӨЛКӨ ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ ........ 9
**ӨЛКӨ ЖӨНҮНДӨ ФАКТТАР ........ 9**
**САЯСИЙ ЖАГДАЙДЫН СЕРЕБИ ........ 9**
**СОЦИАЛДЫК-ДЕМОГРАФИЯЛЫК ЖАГДАЙДЫН СЕРЕБИ ........ 11**
**ТЕХНОЛОГИЯЛЫК ТЕНДЕНЦИЯЛАР ........ 14**
**ЛОГИСТИКАНЫН СЕРЕБИ ........ 15**
**ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАГДАЙДЫН СЕРЕБИ ........ 16**
2-БӨЛҮМ: ИМПОРТТУ ТЫШКЫ СООДАЛЫК ЖӨНГӨ САЛУУ ........ 23
**САП СООДА РЕЖИМИНИН СЫПАТТАМАСЫ ........ 23**
**ИМПОРТТУ БАЖЫЛЫК ЖӨНГӨ САЛУУ ЖАНА САЛЫК САЛУУ ........ 25**
**ЖӨНГӨ САЛУУНУН ТАРИФТИК ЭМЕС ЧАРАЛАРЫ ........ 26**
**КРнан САПка ЭКСПОРТТООНУН ПОТЕНЦИАЛДУУ МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮ ........ 33**
**ЭТ РЫНОГУН ТАЛДОО ........ 35**
**БАЛЫК ПРОДУКЦИЯСЫНЫН РЫНОГУН ТАЛДОО ........ 37**
**БАЛ РЫНОГУН ТАЛДОО ........ 43**
**ЖАШЫЛЧА-ЖЕМИШ РЫНОГУН ТАЛДОО ........ 45**
**ДАЯР ТАМАК-АШ ПРОДУКЦИЯСЫНЫН РЫНОГУН ТАЛДОО ........ 53**
**КИЙИМ РЫНОГУН ТАЛДОО ........ 59**
4-БӨЛҮМ: ИШКЕРЛИК КЫЗМАТТАШТЫК ЛАНДШАФТЫНЫН СЕРЕБИ ........ 64
**КЫЗМАТТАШУУНУН ӨКМӨТ АРАЛЫК ПЛАТФОРМАЛАРЫ ........ 66**
**НЕГИЗГИ СООДА КӨРГӨЗМӨЛӨРҮНҮН ЖАНА B2B АЯНТЧАЛАРЫНЫН ТИЗМЕСИ ........ 67**
**МАМЛЕКЕТТИК УЮМДАРДЫН ЖАНА БИЗНЕС-АССОЦИАЦИЯЛАРДЫН ТИЗМЕСИ ........ 67**

## Таблицалардын тизмеси


1-таблица. Аймак боюнча бөлүштүрүүдө САП туристтери ........ 14
2-таблица. КРнын жана САПтын ортосундагы транзиттик авиакаттамдардын тизмеси ........ 16
3-таблица. САПтын экспорттук тармактарынын ТОП-10, млрд. АКШ долл. ........ 23
4-таблица. САПтын импорттук тармактарынын ТОП-10, млрд. АКШ долл. ........ 23
5-таблица. САПтын соода макулдашуулары ........ 24
6-таблица. КРнын тышкы соода жүгүртүүсү, миң АКШ долл. ........ 32
7-таблица. САПка экспорттоо үчүн потенциалдуу товардык позициялардын талдоосу ........ 33
8-таблица. 2022-жылы өлкөлөр жана товардык позициялар боюнча САПтын эт импорту ........ 37
9-таблица. 2022-жылы өлкөлөр жана товардык позициялар боюнча САПтын балык импорту ........ 39
10-таблица. 2022-жылы өлкөлөр жана товардык субпозициялар боюнча САПтын эжигей импорту ........ 41
11-таблица. 2022-жылы өлкөлөр боюнча САПтын ак май импорту ........ 42
12-таблица. 2022-жылы өлкөлөр боюнча САПтын бал импорту ........ 44
13-таблица. 2022-жылы өлкөлөр жана товардык субпозициялар боюнча САПтын буурчак өсүмдүктөрүнүн импорту ........ 46
14-таблица. 2022-жылы өлкөлөр боюнча САПтын картөшкө импорту ........ 47
15-таблица. 2022-жылы өлкөлөр боюнча САПтын жемиштер импорту ........ 49
16-таблица. 2022-жылы өлкөлөр боюнча жашылчалар импорту ........ 50
17-таблица. 2022-жылы өлкөлөр боюнча САПтын жаңгактар жана кургатылган жемиштер импорту ........ 52
18-таблица. 2022-жылы өлкөлөр боюнча САПтын кактап бышырылган тамак импорту ........ 54
19-таблица. 2022-жылы өлкөлөр боюнча САПтын ширелер импорту ........ 57
20-таблица. 2022-жылы өлкөлөр боюнча САПтын бөтөлкөгө куюштурулган суу импорту ........ 58
21-таблица. Аялдар кийиминин рыногундагы лидерлер ........ 61
22-таблица. Эркектер кийиминин рыногундагы лидерлер ........ 63
23-таблица. 2022-жылдагы САПтын кийим импорту (61 жана 62-товардык топтор) ........ 63
24-таблица. САПгы көргөзмөлөрдүн тизмеси ........ 67
25-таблица. САПтын мамлекеттик жана башка уюмдарынын байланыш маалыматтары ........ 68

## Сүрөттөрдүн тизмеси

1-сүрөт. САП калкынын динамикасы жана 2050-жылга чейинки болжолу, миң адам. .......................... 11
2-сүрөт. 2021-жылы САП калкын жынысы жана курагы боюнча бөлүштүрүү ....................................... 12
3-сүрөт. САПтын жумушчу күчүнүн статистикасы (15 жаштан 64 жашка чейин), миң адам ................. 12
4-сүрөт. САП калкынын улуттук курамы (2023), млн адам. ....................................................................... 13
5-сүрөт.САПта жана дүйнөнүн аймактарында санариптик каналдардын колдонулушун салыштыруу 14
6-сүрөт. Секторлор боюнча САПтын санариптештирүү деңгээли ........................................................... 15
7-сүрөт. 2023-жылы Логистиканын натыйжалуулугу индексиндеги САПтын көрсөткүчтөрү ................. 15
8-сүрөт. Учурдагы баалар боюнча САПтын ИДПсы, млрд. АКШ долл .................................................... 17
9-сүрөт. 2021-жылдагы экономиканын тармактары боюнча ИДП ........................................................... 18
10-сүрөт. 2012-2021-жылдар аралыгындагы САПтын инфляциясы жана анын 2028-жылга чейинки болжолу .......................................................................................................................... 18
11-сүрөт. DXY индексинин акыркы 5 жыл ичиндеги динамикасы. .......................................................... 19
12-сүрөт. САПтын репо пайыздык ченинин динамикасы (5 жыл) ............................................................ 20
13-сүрөт. 2013-2022-жылдардагы САПтын тышкы соода жүгүртүүсүнүн көрсөткүчтөрү. ...................... 21
14-сүрөт. 2022-жылдагы САПтын соода өнөктөштөрүнүн Топ-10 ............................................................ 23
15-сүрөт. САПта эт сатуунун динамикасы жана болжолу ........................................................................ 35
16-сүрөт. 2023-2027-жылдары эт сатуунун орточо жылдык өсүшүнүн болжолу, % ............................... 36
17-сүрөт. САПта балык сатуунун динамикасы жана болжолу .................................................................. 38
18-сүрөт. САПта эжигей сатуунун динамикасы жана болжолу , млн. АКШ долл. .................................. 40
19-сүрөт. САПта «Эжигейлер» сатуу каналдары, миң тонна .................................................................... 40
20-сүрөт. САПта ак май сатуунун динамикасы жана болжолу .................................................................. 41
21-сүрөт. САПта «Ак май» сатуу каналдары, миң тонна ........................................................................... 42
22-сүрөт. САПта таттуу спреддерди сатуунун динамикасы жана болжолу ............................................ 43
23-сүрөт. САПта бал сатуу каналдары, миң тонна .................................................................................... 44
24-сүрөт. САПта буурчак өсүмдүктөрүн сатуунун динамикасы жана болжолу ....................................... 45
25-сүрөт. САПта картөшкө сатуунун динамикасы жана болжолу ............................................................ 47
26-сүрөт. САПта тоңдурулган кайра иштетилген картөшкө сатуу каналдары ......................................... 47
27-сүрөт. САПта жемиш сатуунун динамикасы жана болжолу ................................................................. 48
28-сүрөт. САПта жашылча сатуунун динамикасы жана болжолу ............................................................ 49
29-сүрөт. САПта жаңгак сатуунун динамикасы жана болжолу ................................................................. 51
30-сүрөт. САПта кургатылган жемиш сатуунун динамикасы жана болжолу ........................................... 53
31-сүрөт. САПта кактап бышырылган тамак сатуунун динамикасы жана болжолу ................................ 54
32-сүрөт. САПта кактап бышырылган тамак продукциясын сатуунун каналдары .................................. 54
33-сүрөт. САПта алкоголсуз ичимдиктерди сатуунун динамикасы жана болжолу ................................ 55
34-сүрөт. САПта алкоголсуз ичимдиктерди сатуунун каналдары, млн. Литр ........................................ 56
35-сүрөт. САПта шире сатуунун динамикасы жана болжолу ................................................................... 56
36-сүрөт. САПта шире сатуунун каналдары, миң тонна ............................................................................ 57
37-сүрөт. САПта бөтөлкөгө куюштурулган суу боюнча динамика жана болжол .................................... 58
38-сүрөт. САПта бөтөлкөгө куюштурулган суу сатуунун каналдары ....................................................... 58
39-сүрөт. Кийим, бут кийим жана спорт жабдыктарын сатуунун динамикасы жана болжолу ............... 59
40-сүрөт. САПгы сатып алуучулардын модага жумшаган чыгымдары ..................................................... 60
41-сүрөт. Аялдар, эркектер жана балдар кийимдерин сатуунун динамикасы жана болжолу ............... 60
42-сүрөт. САПта аялдар кийимин сатуу түзүмү, млн. АКШ долл. ............................................................ 61
43-сүрөт. САПта эркектер кийимин сатуу түзүмү, млн. АКШ долл. ......................................................... 62

## Аббревиатура

| | |
|---|---|
| ИДП | Ички дүң продукт |
| БСУ | Бүткүл дүйнөлүк соода уюму |
| АКШ долл. | АКШ доллары |
| ЕАЭБ | Евразия экономикалык биримдиги |
| КР | Кыргыз Республикасы |
| ЭВФ | Эл аралык валюталык фонд |
| млн | миллион |
| млрд | миллиард |
| Улутстатком | КРнын Улуттук статистикалык комитети |
| КНС | кошумча нарк салыгы |
| САП | Сауд Аравия Падышалыгы |
| БАЭ | Бириккен Араб Эмираттары |
| БУУ | Бириккен улуттар уюму |
| ЭКӨУ | Экономикалык кызматташуу жана өнүктүрүү уюму |
| СЖП | сатып алуу жөндөмдүүлүгү паритети |
| АКШ | Америка Кошмо Штаттары |
| ТЭИ ТН | тышкы экономикалык иштин товардык номенклатурасы |
| тыс | миң |
| ФАО | БУУнун Тамак-аш азыктары жана айыл чарба уюму |
| ФРТ | АКШнын Федералдык резервдик тутуму |
| B2B | англисчеден business-to-business - бизнес үчүн бизнес |
| COVID-19 | Коронавирус инфекциясы (COVID-19) |
| DXY | АКШ долларынын индекси, АКШ долларынын наркынын башка валюталарга салыштырмалуу көрсөткүчү |
| EFTA | Европа эркин соода ассоциациясы |
| GCC | Перс булуңунун араб өлкөлөрүнүн кеңеши (Gulf Cooperation Council) |
| GSO | GCC өлкөлөрүн стандартташтыруу боюнча уюмдар |
| KSA | Сауд Арабия Падышалыгы (the Kingdom of Saudi Arabia) |
| USAID | АКШнын Эл аралык өнүгүү боюнча агенттиги |

# КЫСКАЧА МАЗМУНУ

USAID Борбордук Азиядагы соода боюнча программасы (2021–2026) Борбордук Азияда экономикалык өсүүгө жана экономикалык мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүүгө көмөк көрсөтүү үчүн аймакта соода чөйрөсүндөгү өз ара аракеттенүүнү жакшыртууга багытталган.

Ушул басылма USAID Борбордук Азиядагы соода боюнча программасынын жана Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу «Кыргыз Экспорт» экспортту өнүктүрүү жана илгерилетүү борборунун ортосуда  БАЭ, Катар, Сауд Аравиясы, Япония, Корея, Германия сыяктуу артыкчылыктуу рыноктор боюнча өлкөлүк жол көрсөткүчтөрдү түзүүдө көмөк көрсөтүү боюнча кызматташтыкты билдирет.

## Сауд Арабиясы боюнча өлкөлүк жол көрсөткүч жөнүндө

Сауд Арабия Падышалыгына (САП) экспорттоо боюнча биздин жол көрсөткүчүбүзгө кош келиңиз. Ушул чакан ресурста биз Сауд Арабиясынын экпорттук рыногунда ийгиликтүү багыт алууга жардам бере турган практикалык кеңештерди жана идеяларды тартуулайбыз.

Сауд Арабиясы Жакынкы Чыгыш жана Түндүк Африка аймагындагы эң ири экономика катары экспорт үчүн чоң мүмкүнчүлүктөрдү тартуулайт. Ушул жол көрсөткүчтө биз САПтагы рыноктун тенденцияларын, жөнгө салуучу ченемдерди жана тармактык мүмкүнчүлүктөрдү изилдейбиз. Ошондой эле биз ушул өлкөгө экспорттоонун атаандаштык артыкчылыктарын жана күчтүү жактарын кылдаттык менен карап чыгабыз.

Потенциалдуу тобокелдиктерди жана кыйынчылыктарды билүү маанилүү, ошондуктан биз жөнгө салуучу талаптар жана маданий өзгөчөлүктөр боюнча навигация боюнча колдонмону тартуулайбыз. Ушул жол көрсөткүч Сауд Арабиясынын экспорттук рыногунда компанияңыздын ийгилиги жана анын потенциалын ачуу үчүн Сизди зарыл билимдер жана инструменттер менен жабдып, сиздин ишеничтүү шеригиңиз катары кызмат кылат.

Ал өзүнө өлкө, анын экономикасы жөнүндө жалпы маалыматты, тышкы соода ишинин талдоосун жана потенциалдуу рыноктордун болжолун камтыйт. Ошондой эле, Сиз импортту мамлекеттик жөнгө салуу, логистика, өлкөгө баруу эрежелери жана мүмкүн болуучу көргөзмө платформалары жөнүндө маалыматты таба аласыз. Биздин жол көрсөткүч Сизге Сауд Арабиясына ийгиликтүү экспорттоо үчүн баардык зарыл маалыматты алууга жардам берет.

# КИРИШ СӨЗ

Ушул жол көрсөткүч Сауд Арабиясынын рыногунда өзүнүн экспорттук мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө кызыкдар Кыргызстандын ишкерлерине жана экспорттоочуларына арналган.

Сауд Арабиясы Жакынкы Чыгыш аймагында эң эле ири жана тез өнүгүп жаткан экономикалардын бири болуп саналат жана ар кандай товарларды экспорттоо үчүн көптөгөн мүмкүнчүлүктөрдү сунуш кылат. Ушул жол көрсөткүчтө биз САП рыногунун негизги аспекттерин карап чыгабыз.

Рынокко кирүүнү пландаштырууда экспорттоочулар **1-бөлүмдө** бериле турган өлкөдөгү жалпы жагдайды изилдеп чыгышы керек. Ушул бөлүмдө алар саясий жагдай, социалдык-демографиялык өнүгүү, технологиялык тенденциялар жана логистика жөнүндө маалымат ала алышат. **1-бөлүмдүн** аягында экономиканын өсүшүнүн, инфляциянын, улуттук валюта курсунун жана тышкы соода көрсөткүчтөрүн кошуп, САПтагы экономикалык жагдайдын толук сереби берилет.

**2-бөлүмдө** тамак-аш азыктарынын мисалында соода режимин, тарифтик жана тарифтик эмес жөнгө салууну кошуп, САПта импортту жөнгө салуунун өзгөчөлүктөрүнүн серебин бергенбиз. Биз негизги жөнгө салуучу механизмдердин кыскача мазмунун жана импортту жөнгө салуу үчүн жооптуу мамлекеттик органдардын расмий веб-сайттарына шилтемелерди бергенбиз.

**3-бөлүмдө** биз өндүрүүчүлөр жана экспорттоочулар үчүн САП рыногунун маанилүү секторлорунун талдоосун жүргүзгөнбүз. Бул жерде рыноктордун өлчөмдөрү, алардын өзгөчөлүктөрү, тренддери жана Кыргызстандан экспорттоо үчүн потенциал жөнүндө маалымат берилген. Биз рыноктун учурдагы абалынын акыркы статистикалык маалымдарга жана маркетингдик аналитикага негизделген терең талдоосун, ошондой эле керектөөчүлөрдүн артыкчылыктары жөнүндө маалыматты тартуулайбыз.

**4-бөлүмдө** биз САП менен өнөктөштүк мамилелерди түзүү үчүн зарыл каналдар жөнүндө пайдалуу маалыматты топтодук. Ошондой эле ушул жерде маанилүү мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдар, тактап айтканда аймактардын деңгээлиндеги экспорттоону пландаштырууда жана жүзөгө ашырууда маанилүү болгон соода палаталары жөнүндө маалыматтар да берилген. Ошондой эле биз Кыргызстандан болгон экспорттун артыкчылыктуу секторлору үчүн маанилүү боло турган соода-көргөзмө иш-чаралары жөнүндө маалыматты да беребиз.

Жол көрсөткүч окурмандардын ыңгайлуулугу үчүн түзүмдөштүрүлгөн жана иштелип чыккан. Анда чоң көлөмдүү статистикалык маалымдарды жалпылаган жана изилденип жаткан рыноктогу тренддерди көрүүгө мүмкүндүк берген көптөгөн инфографика камтылган. Мындан тышкары биз экспорттук ишти пландаштырууда маанилүү болгон киргизүүлөрдү даярдадык, жана Сизге алар менен таанышып, эсиңизге тутуп алууну сунуштайбыз.

Биздин максат Сизге экспорт чөйрөсүндө негизделген чечимдерди кабыл алууга жардам бере турган баалуу маалыматты жана аналитиканы тартуулоодо турат. Биз ушул Жол көрсөткүч Сиз үчүн пайдалуу инструмент боло алып, Сизге САПка экспортту ийгиликтүү баштоого жана көбөйтүүгө жардам берет деп ишенебиз.

# 1-БӨЛҮМ: ӨЛКӨ ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

Ушул бөлүмдө экспорттоочулар үчүн бизнес-чечимдерди кабыл алуу үчүн максаттуу рыноктогу чөйрөнүн шарттарын түшүнүүгө жардам берген жана максаттуу рынокто экспорттук ишти пландаштыруу үчүн маанилүү саясий, социалдык-демографиялык, технологиялык жана экономикалык факторлорду көрсөткөн маалымат берилген.

## ӨЛКӨ ЖӨНҮНДӨ ФАКТТАР

Сауд Арабиясы биринчи падыша Абдул-Азиздин уулдары жана неберелери тарабынан башкарылган абсолюттук теократиялык монархия болуп саналат. Мыйзам исламдык укукка негизделген. Теория боюнча падышанын бийлиги шариаттын ченемдери менен гана чектелген.

Сауд Арабиясын көбүнчө исламдын эки башкы ыйык шаарлары Мекке менен Мединага карата «Эки ыйык жердин өлкөсү» деп аташат. Өлкөнүн араб тилиндеги кыскача аталышы – ас-Саудия.

Административдик бөлүнүшү. Сауд Арабиясы Эр-Рияд, Мекка, Медина, Эль-Касим, Эш-Шаркия, Асир, Табук, Хаиль, Эль-Худуд-эш-Шамалия, Джизан, Наджран, Эль-Баха, Эль-Джауф аттуу мурда провинциялар, эмираттар же минтактар катары да белгилүү болгон 13 административдик округдарга бөлүнгөн.

Борбору –Эр-Рияд шаары.

Сауд Арабиясы – Арабия жарым аралындагы эң ири мамлекет. Ал түндүктө Иордания, Ирак жана Кувейт менен, чыгышта Катар жана Бириккен Араб Эмираттары менен, түштүк-чыгышта Оман менен жана түштүктө Йемен менен чектешет. Түндүк-чыгышта Перс булуңу менен жана батышта - Кызыл деңиз менен жуулат.

САПтын территориясы болжол менен 2 215 000 чарчы км жерди түзөт.[1]

Калкынын саны — 36,9 млн. адам[2] (2023-жыл).

Мамлекеттик дини – ислам. Жергиликтүү калк негизинен суннит-мусулмандардан турат.

Расмий тили – араб тили.

КРнын жана САПтын ортосундагы дипломатиялык мамилелер 1992-жылдын 19-октябрында түзүлгөн. 2008-жылы Эр-Рияд шаарында КРнын Элчилиги ачылган.

САПтын КРдагы Атайын жана ыйгарым укуктуу Элчиси Ибрахим бин Ради Абдурахман АЛЬ-РАДИ мырза 2021-жылдын 26-июнунда Бишкек шаарында аккредитацияланган.

Өлкөнүн телефон коду - +966.

Улуттук валюта – сауд риялы (аббр. SAR – англ. *the Saudi Riyal*).

## САЯСИЙ ЖАГДАЙДЫН СЕРЕБИ

САП – бул абсолюттук аткаруучу бийлиги бар монархия. 1992-жылдагы Негизги мыйзамга ылайык Куран жана сунна (салт) расмий конституцияны түзөт, бирок иш жүзүндө исламдык юриспруденция (исламды катуу чечмелөөгө негизделген) негизинен үй-бүлөлүк иштер жана кылмыш иштери менен чектелет. Мураскор канзаада 2022-жылдын сентябрында премьер-министр болуп дайындалган (мурда бул кызмат орунун падыша ээлеген), бул ага Министрлер кеңешинин (министрлер кабинетинин) үстүнөн формалдуу контроль берген.

[1] САПтын расмий порталы. https://www.my.gov.sa/wps/portal/snp/aboutksa

[2] БУУнун маалымдары. https://www.unfpa.org/data/world-population/SA

Консультативдик кеңеш кеңеш берүүчү ыйгарым укуктарга ээ. Муниципалдык кеңештер 2005-жылдан тартып жарым-жартылай шайланат. 2015-жылы акыркы муниципалдык шайлоолордо биринчи жолу аялдарга добуш берүүгө жана шайлоолордо талапкер болууга уруксат берилген. Саясий партиялар мыйзамсыз болуп саналат.

Падыша Салман бин Абдель-Азиз аль-Сауд 2015-жылдын январында падыша Абдаллы бин Абдель-Азиза аль-Сауд өлгөндөн кийин такка отурган. Мукрин бин Абдель-Азиз аль-Сауд дароо мураскер канзаада болуп дайындалган, бирок кийин аны иниси, ички иштер министри Мохаммед бин Найеф аль-Сауд алмаштырган, 2017-жылдын июнунда мураскер канзааданын постунда аны Мухаммед бин Салман аль-Сауд алмаштырган.

Аткаруу жана мыйзам чыгаруу бийлиги Эки ыйык мечиттин сактоочусу деп да аталган падышага таандык, бирок акыркы жылдары анын бийлигинин көбү мураскер канзаадага өткөн, ал иш жүзүндө өлкөнүн башкаруучусу болуп саналат. Падыша заманбап Сауд Арабиясынын негиздөөчүсү Абдель-Азиза аль-Сауддун түздөн-түз эркек тукуму болушу керек. Салман бин Абдель-Азиз аль-Сауд аталаш бир тууганы Абдаллы бин Абдель-Азиза аль-Сауд өлгөндөн кийин 2015-жылдын январында бийликке келген. Падыша Салмандын начар ден-соолугунун кесепетинен эл алдына барган сайын сейрек чыгуусу мураскер канзаада Мухаммед бин Салман аль-Сауддун ансыз деле көрүнүктүү ролун бекемдеген, ал ушул кызмат орунуна 2017-жылдын июнунда дайындалган. Ошондой эле мураскер канзаада Экономика жана өнүктүрүү маселелери боюнча күчтүү кеңешти жетектейт, ал эми 2022-жылдын сентябрында ал премьер-министр расмий титулун налган (адатынча бул роль падышага таандык болот). Эми мураскер канзаада жалпы саясат жана өлкөнүн иштерин күнүмдүк башкаруу жагынан башкы кыймылдаткыч катары өзүнүн позициясын бекемдеп, Министрлер кеңешине (министрлер кабинетине) карата толук контролду жүзөгө ашырат.

Сауд Арабиясынын укуктук жана саясий базасы 2016-жылдын апрелинде «Көрүнүштөр 2030[3]» киргизилгенден улам олутту өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Ушул стратегиялык план САПтын экономикасын модернизациялоого жана диверсификациялоого, мунайдан көз карандуулукту төмөндөтүүгө, жеке сектордун катышуусун кеңейтүүгө, мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртууга жана кыйла инклюзивдүү коомду түзүүгө багытталган. «Көрүнүштөр 2030» үч негизги темага багытталган: динамикалык коом, өрчүгөн экономика жана амбициялуу улут. Пландын алкагындагы демилгелер жумушчу орундарды түзүүнү, чакан жана орто ишкерликти колдоону, мунай секторлорун диверсификациялоону, мамлекеттик активдерди менчиктештирүүнү, ишкерлик чөйрөнү жакшыртууну жана инфратүзүмдү өнүктүрүүнү камтыйт. План Трансформациялоо улуттук программасынын алкагында ишке ашырылат жана ар кандай уюмдар тарабынан контролдонот. Бирок COVID-19 пандемиясы жана мунай баасынын түшүшү пландын ишке ашырылышына тоскоол болгон. Өкмөт экономикалык кризистен чыгуу боюнча чараларды кабыл алган, алардын ичинде КНС чендеринин жогорулатуу жана чыгымдарды кыскартуу. Экономикалык көрсөткүчтөрдүн жана рейтингдердин жакшыртылышына карабастан, контракттардын аткарылышын камсыз кылуу жана коммерциялык талаш-тартыштарды чечүү сыяктуу чөйрөлөрдө мындан ары да өркүндөө үчүн мүмкүнчүлүктөр бар. Коррупцияга каршы күрөш жана ачык-айкындуулукту камсыз кылуу боюнча аракеттер көрүлгөн, бирок көйгөйлөр дагы эле бар. Ошондой эле, аялдардын укуктарына карата аларга паспорт алууга, саякаттоого жана машина айдоого уруксат берүү сыяктуу реформалар жүргүзүлгөн[4].

Өкмөттүк дайындоолордо көбүнчө артыкчылык жаш княздарга жана технократтарга берилген. Мисалдар Мамлекеттик инвестициялык фонддун жетекчиси, *Saudi Aramco* төрагасы, мурдагы инвестициялык банкир жана Мохаммед бин Салмандын жакынкы

[3] Көрүнүш 2030 – бул Сауд Арабиясынын мунайдан көз карандылыгын төмөндөтүү, анын экономикасын диверсификациялоо жана саламаттыкты сактоо, билим берүү, инфратүзүм, эс алуу жана туризм сыяктуу мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн секторлорун өнүктүрүү боюнча стратегиялык чектер.

[4] БСУ, Соода саясатынын сереби, 2021.

кеңешчиси Ясир аль-Румайянды камтыйт. Абдулазиз бин Сауд бин Наиф коопсуздук чөйрөсүндө иштөөнүн чектелген тажрыйбасына карабастан, 34 жашында ички иштер министри болгон. Мураскер канзааданын башкы жакынкы шериктеши 36 жаштагы Абдулла бин Бандар падышанын үй-бүлөсүн коргогон Улуттук гвардияны көзөмөлдөйт.


Парламенттен тышкары болгон күчтөргө Аль Сауд династиясын консультациялар, статус жана артыкчылыктар үчүн мурдатан бери колдоп келе жаткан таасирдүү суннит ислам дин кызматкерлери таандык. Мураскер канзаада Мохаммед бин Салман аялдар тарабынан автомобиль айдоо жана дресс-код сыяктуу маселелер боюнча консервативдик позицияга көңүл бурбай, дин кызматкерлеринин социалдык саясатка болгон таасирин азайткан. Падыша Салман башынан эле консервативдик дин кызматкерлерине кошулган, бирок Мохаммед бин Салман өзүн киного салынган тыюуну жоюу, аялдарга машина айдоого уруксат берүү, эркектердин камкорчулугу жөнүндө мыйзамдарды жумшартуу жана аралаш иштини илгерилетүү сыяктуу өзгөртүүлөрдү киргизген социалдык реформатор катары көрсөтөт. Ушул реформалар Сауд Арабиясын Перс булуңунун башка мамлекеттери менен жакындатат, бирок диний терс жооп кайтаруу жана Сауд Арабиясынын исламдык иденттүүлүгү тууралуу тынчсызДануулар калууда. Чыгыш провинциясындагы шиит азчылыгынын маргиналдаштыруусу да туруктуулук үчүн көйгөйлөрдү жаратат, бирок Иран менен элдешүү боюнча акыркы аракеттер алардын абалын жакшыртышы мүмкүн[5].

## СОЦИАЛДЫК-ДЕМОГРАФИЯЛЫК ЖАГДАЙДЫН СЕРЕБИ

2022-жылдагы каттоонун жыйынтыктары боюнча САПтын калкынын саны 32 175 224 адамды[6] түзгөн. БУУнун болжолуна ылайык, узак мөөнөттүү келечекте калктын өсүшү 1% деңгээлинде болуп, 2050-жылга чейин 48,375 млн адамга чейин жетет.

САПтын калкынын жыштыгы бир чарчы километрге 16,7 адамды түзөт, жана 2050-жылга чейин анын 22,5 адамга чейин көбөйүшү күтүлүүдө. Ошол эле убакта дүйнө боюнча орточо маани 60 адамды түзөт.

**1-сүрөт. САП калкынын динамикасы жана 2050-жылга чейинки божомолу, миң адам**




*Булак: БУУнун Калк боюнча бөлүмү*


САПтын калкынын 71%ы 15-64 жашты түзөт жана 2021-жылы тургундардын орточо курагы 29,8 жашты түзгөн, бул бул дүйнөлүк орточо 30 жаш көрсөткүчүнө ылайык келет. Бирок 2050-жылга чейин орточо курак 38,8 жашка жетип, дүйнөлүк орточо 35,9 жаш маанисинен ашары күтүлүүдө, бул калктын улгайып баратканын көрсөтөт.

[5] *The Economist* маалыматтык агенттиктин аналитикалык бөлүмү https://country.eiu.com/saudi-arabia

[6] САПтын калкты каттоо боюнча расмий порталы https://portal.saudicensus.sa/portal

Экспорттук стратегияларды жана өнүмдөрдү иштеп чыгууда САПтын рыногундагы эң эле көп талап кылынган өнүмдөрдү аныктоо үчүн демографиялык курамды жана андагы өзгөрүүлөрдү, ошондой эле курак менен жыныска байланыштуу тенденцияларды эске алуу манилүү.


**2-сүрөт. 2021-жылы САП калкын жынысы жана курагы боюнча бөлүштүрүү**




*Булак: БУУнун Калк боюнча бөлүмү*

САПтын калкы менен катар САПта товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөнүн көлөмдөрүнө салымын кошкон эмгек рыногун жана туристтик секторду да түшүнүү өтө маанилүү аспект болуп саналат.

**3-сүрөт. САПтын жумушчу күчүнүн статистикасы (15–64 жаш), миң адам**




*Булак: БУУнун Калк боюнча бөлүмү*

Туризм сектору товарларды экспорттоо үчүн маанилүү болуп саналат, ошондуктан экспорттоочулар, өзгөчө Хорека[7] сегментине багытталган экспорттоочулар ушул сектордун статистикасына көз салып турушу керек. 2019-жылы ички туристтердин саны 17,5 млн. адамды түзгөн, ал эми 2020-2021-жылдары келүүлөрдүн саны 3,5-4,1 млн. түзгөн. Мында 2022-жылы келүүлөрдүн саны 29,8 млн. түзгөн, бул туристтик сектордун күтүлгөн калыбына келишин билдирет.

Хорека сегментиндеги керектөөчүлөрдү түшүнүү үчүн туристтердин социалдык жана маданий курамын эсепке алуу маанилүү. Экспортту пландаштыруу үчүн туристтер САПка кайсы жерлерден учуп келип жаткандыгын түшүнүү зарыл.

[7] Хорека (англ. *HoReCa Hotels, Restaurants, Catering*) – мейманканалар, ресторандар жана кейтеринг рыногунун сегменти.

## 1-таблица. Аймак боюнча бөлүштүрүүдө САП туристтери


| Аймактар | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Баардыгы** | **18 260** | **17 994** | **18 044** | **16 109** | **15 334** | **17 526** | **4 138** | **3 477** |
| **Африка** | 848 | 1 139 | 1 518 | 1 487 | 1 407 | 1 502 | 230 | 219 |
| **Америка** | 209 | 284 | 704 | 536 | 909 | 1 019 | 142 | 80 |
| **Чыгыш Азия жана Тынч океан** | 1 177 | 1 608 | 1 988 | 2 042 | 1 981 | 2 237 | 419 | 74 |
| **Европа** | 1 148 | 1 379 | 1 508 | 1 149 | 1 238 | 1 498 | 416 | 188 |
| **Жакынкы Чыгыш** | 11 144 | 9 935 | 7 730 | 6 039 | 5 567 | 6 522 | 1 911 | 2 172 |
| **Түштүк Азия** | 3 685 | 3 616 | 4 336 | 4 723 | 4 224 | 4 493 | 951 | 665 |
| **Башкалар** | 50 | 33 | 261 | 134 | 9 | 255 | 69 | 79 |

*Булак: БУУнун Бүткүл дүйнөлүк туристтик уюму*

Сауд Арабиясынын туризминин калыбына келишинин оң прогрессинин себептери пандемияга байланыштуу чектөөлөрдүн алып салынышы болгон, алардын ичинде өлкөгө кирип жаткан саякатчылар үчүн вакцинацияны тастыктоо, ПЦР-тесттер жана карантиндик талаптар. *Умрадан*[8] өтүү боюнча эл аралык сервистер баардык дүйнөдөн зыяратчыларды тартып, өз ишин толук улантышкан. Ички туризм саудиялыктар өз өлкүсүн изилдегендигинен улам күчтүү бойдон калууда. Эс алуу саякаттары басымдуулук кылат, бирок иш сапарлары акырындык менен конференциялар жана бетме-бет жолугушуулар менен кайтып келүүдө.

Төмөндө САПтын калкынын улуттук курамы берилген, калктын 58%ы – бул жергиликтүү калк, Түштүк Азиядан келгендер 18ден ашык %ды түзөт (4-сүрөт).

## 4-сүрөт. САП калкынын улуттук курамы (2023), млн адам




*Булак: globalmediainsight.com*

Маданияттардын жана улуттардын көп түрдүүлүгүн эске алуу менен, керектөөчүлөрдүн артыкчылыктары да ар кандай. Экспортту пландаштырууда товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөгө байланыштуу технологиялык аспекттерди эсепке алуу. Ушул аспекттер кийинки бөлүктө каралат.

[8] Умра – мусулмандар тарабынан кылынган жана Меккеге (Тыюу салынган мечитке) барууга байланыштуу, бирок хадж үчүн арналган айда эмес, кайсы болбосун башка убакыттагы кичи ажылык (хадж).


## ТЕХНОЛОГИЯЛЫК ТЕНДЕНЦИЯЛАР

САПта санариптештирүү керектөөчүлөрдүн жүрүм-турумунда маанилүү ролду ойнойт. *McKinsey* [9] изилдөөсүнүн маалымдары боюнча САП интернеттин кириши боюнча лидерлердин бири болуп саналат, анда 90% калктын тармакка жеткиликтүүлүгү бар. Ар бир 100 адам 129 мобилдик телефонго ээ жана 22де кеңири тилкелүү интернетке жазылуусу бар.

Өлкөдө мобилдик электрондук коммерциянын тез өздөштүрүлүшү күтүлүүдө, ал 2022-2027-жылдарда 325%га өсүшү керек[10].

САПтын керектөөчүлөрү биринчи кезекте мобилдик интернетти баалашат жана мобилдик тиркемелерге артыкчылык беришет. McKinsey белгилегендей, керектөөчүлөрдүн мобилдик тиркемелерге тартылгандыгы мурдагыдай эле веб-сайттар басымдуулук кылган Европанын жана Түндүк Американын өнүккөн рыноктoруна караганда 1,8 эсе жогору болгон. Санариптик технологиялардын тездетилген жайылтылышы маркетплейстерди олуттуу түрдө популярдуураак кылат, жана керектөөчүлөр маркетплейстер менен болжол менен Азиядагыдай эле, бирок Европанын жана Түндүк Американын өнүккөн рынокторунда караганда 1,7 эсе көбүрөөк өз ара аракеттенишет.

**5-сүрөт.САПта жана дүйнөнүн аймактарында санариптик каналдардын колдонулушун салыштыруу**





*Булак: McKinsey*

САПтын рыногунун санариптештирүү деңгээли технологиялардын жайылтылышынын жана керектөөчүлөр тарабынан кабыл алынышынын жогору даражасын көрсөтүп турат.

[9]«Жакынкы Чыгыштагы санариптик керектөөчүлөр: өсүп жаткан кабыл алуу жана мүмкүнчүлүк» McKinsey изилдөөсү. Январь, 2023.

[10] *Euromonitor International* «2022 Мобилдүүлүк индексиндеги санариптик төлөмдөр. Мындан ары кайсы жерде ойноо керек» изилдөөсү. Декабрь, 2022.

**6-сүрөт. Секторлор боюнча САПтын санариптештирүү деңгээли**





*Булак: McKinsey*

Кыргызстандын экспорттоочулары санариптештирүүнүн өсүп жаткан тенденцияларын эске алып, кайсы жаңы оюнчулар рынокто кыйла жогору үлүштөрдү ээлегендигин түшүнүшү керек. 2023-жылы санариптик сервистердин керектөөчүлөрүнүн санынын бакалея чөйрөсүндө 39%га жана чекене соодада 57%га өсүшү күтүлүүдө.

## ЛОГИСТИКАНЫН СЕРЕБИ

2023-жылы САП Бүткүл дүйнөлүк банк тарабынан иштелип чыккан Логистиканын натыйжалуулугунун индексинде өз позициясын олуттуу түрдө жакшырткан. Алар 2018-жылга салыштырмалуу жети сапка көтөрүлүп, ушул рейтингде 38-орунду ээлешкен.

**7-сүрөт. 2023-жылы Логистиканын натыйжалуулугу индексиндеги САПтын көрсөткүчтөрү**




*Булак: Бүткүл дүйнөлүк банк*

Азыркы учурда Кыргызстандын экспорттоочуларынын өз продукциясын САПка ар кандай маршруттар менен жөнөтүүгө мүмкүнчүлүгү бар.

### Автомобилдик ташуу

Бүгүнкү күнү автоунаа менен жүк ташуулар төмөнкүдөй маршрут менен жүзөгө ашырылат: Кыргызстан – Өзбекстан – Түркмөнстан – Иран (Бендер-Абас порту) – БАЭ (Дубай порту) – САП. Суроо-талаптын чектелгендигинен жана логистикага болгон баалардын глобалдын өсүшүнөн улам бүгүнкү күнү баалар 8 миң АКШ долларынан (22 тонналык же 82 куб.м. жүк ташуучу машине, тенттелген) 15 миң АКШ долларына чейин (22 тонналык жүк ташуучу

машине, рефрижератор) айырмаланышы мүмкүн. Жеткирүүнүн болжолдуу мөөнөттөрү 17-25 күндү түзөт.

### Авиаташуулар

Жүк үзгүлтүксүз авиалиниялары менен же авиаунааны пайдалануу менен жүк ташуучу чартер менен жеткирилиши мүмкүн. Ушул жол көрсөткүчтү басып чыгаруу учурунда Кыргызстандан САПка түздөн-түз үзгүлтүксүз авиарейстер жок болгон [11], ошондуктан көбүнчө төмөнкүдөй авиакомпаниялардын багыттары менен колдонушат[12].

**2-таблица. КРнын жана САПтын ортосундагы транзиттик авиакаттамдардын тизмеси**

| Авиа-компания | Рейстердин багыты | Рейстердин жыштыгы |
|---|---|---|
| **Fly Dubai** | САПтын 16 аэропорту: Абха, Аль-Уля, Гассим, Даммам, Джидда, Джизан, Медина, Наджран, Неом, Табук, Таиф, Хаиль, Эль-Кайсум, Эль-Хуфуф, Эр-Рияд, Янбу<br>Дубай аркылуу Бишкекке жана артка | Күн сайын |
| **Air Arabia** | САПтын 12 аэропорту: Абха, Гассим, Даммам, Джидда, Джизан, Медина, Табук, Таиф, Хаиль, Эль-Джауф, Эр-Рияд, Янбу<br>Шарджа аркылуу – Бишкек жана артка | Аптасына бир нече жолу |
| **Turkish Airlines** | САПтын 5 аэропорту: Даммам, Джидда, Медина, Таиф, Эр-Рияд<br>Стамбул аркылуу Бишкекке жана артка | Күн сайын |
| **Wizz Air** | САПтын 4 аэропорту: Даммам, Джидда, Медина, Эр-Рияд<br>Абу-Даби аркылуу – Бишкек жана артка | Аптасына бир нече жолу |

Логистикалык кызмат көрсөтүүлөрүнүн баа коюулушу продукциянын типине жараша айырмаланат. Авиаташуулар үчүн минималдуу баалар 2,5 АКШ долл./ кг тартып башталат. Ташуунун ылдамдыгы түшүрүүнү жана бажылык жол-жоболоштурууну эске алуу менен 3-5 сутканы түзөт.

## ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАГДАЙДЫН СЕРЕБИ

### Улуттук экономиканын өсүшүнүн көрсөткүчтөрү

Бүткүл дүйнөлүк банкка ылайык Сауд Арабиясынын ИДПсы Жакынкы Чыгыш жана Түндүк Африка аймагынын эң эле ири экономикасы статусун тастыктап 1 триллион АКШ долларын[13] түзгөн. Акыркы 10 жылдын ичинде ушул көрсөткүч мунай баасына жараша өзгөрүп турган. 2022-жылы САП G20 эң эле тез өсүп жаткан экономика катары таанылган. Мунайдын жогору өндүрүлүшүн да, ири долбоорлорду кошуп, мунайга байланыштуу эмес туруктуу тез-тез керектөө жана тез-тез инвестициялар менен шартталган мунайдын эсепке албагандагы ИДПнын 4,8%га өсүшүн да чагылдырып, жалпы өсүш 8,7 %ды түзгөн. Эл аралык Валюталык Фонддун (мындан ары – ЭВФ) баалоосу боюнча, өндүрүш көлөмүндөгү


[11] 2023-жылдын сентябрында «Flynas» саудиялык авиакомпаниясынын Джедда – Бишкек – Джедда жана Джедда – Ош – Джедда түздөн-түз үзгүлтүксүз авиарейстеринин ишке киргизилиши пландаштырылган.

[12] «Манас» эл аралык аэропортунун сайты http://www.airport.kg/

[13] Реалдуу баалардагы ИДП 1,108 триллион АКШ долларын түзгөн.

ажырым 2022-жылы кыскарып, динамика 2023-жылы сакталат, мында учурдагы болжолдор боюнча 2023-жылдын биринчи жарым жылдыгында мунайлык эмес өсүш 5%дан ашат жана 2028-жылга чейин өсүшүн улантат[14].

**8-сүрөт. Учурдагы баалар боюнча САПтын ИДПсы, млрд. АКШ долл**




** - болжолдоо маанилери*

*Булак: Эл аралык Валюталык Фонд*

САПтагы жумушсуздук тарыхый минимумда турат. Жумушчу күчтө катышуунун өсүшүнүн фонунда жалпы жумушсуздук 2022-жылдын аягына карата COVID-19 учурундагы 9%дан 4,8%га чейин төмөндөгөн, бул жеке секторддо сауд кызматчыларынын санынын көбөйүшүн да, чет өлкөлүк кызматчылардын (негизинен курулуш жана айыл чарба секторлорунда) пандемияга чейинки деңгээлден жогору болуп өсүшүн да чагылдырат. 2022-жылы жаштардын арасындагы жумушсуздук акыркы эки жылдын ичинде эки эсе 16%га чейин кыскарган, ошол эле убакта 2022-жылы жумушчу күчтө аялдардын катышкандыгы «Көрүнүштөрдө 2030» каралган 30%дык максаттуу көрсөткүчтөн ашып, 36%га жеткен.

Өлкөнүн бакубаттуулугунун көрсөткүчтөрүнүн бири болуп жан башына ИДП саналат, ал калктын сатып алуу жөндөмдүүлүгүн чагылдырат жана экспорттоочулар үчүн ориентир болуп саналат. 2021-жылы САПта ушул көрсөткүч 25,464 миң АКШ долларын түзгөн, бул дүйнөлүк деңгээлден 2,5 эсе ашат. Жан башына ИДП сатып алуу жөндөмдүүлүгү паритети[15] (СЖП) боюнча 54178,78 АКШ долларын түзгөн. Орточо мөөнөттүү келечекте 2028-жылга чейин ушул көрсөткүчтүн оң динамикасы болжолдонот, тиешелүү түрдө кадимки ИДП жана СЖП боюнча 32,075 жана 75,025 миң АКШ доллары өлчөмүндөгү маанилерге жетишүү күтүлүүдө.

[14] ЭВФ. «Сауд Арабиясы: IV берене боюнча 2023-жылдагы ЭВФ миссиясынын корутундусу». Июнь 2023 года.

[15] СПЖ калктын жан башына ИДП – сатып алуу жөндөмдүүлүгү паритети боюнча калктын жан башына Ички дүң продукттун көрсөткүчү.

**9-сүрөт. 2021-жылдагы экономиканын тармактары боюнча ИДП**




*Булак: САПтын Статистика башкармалыгы*


САПтын экономикасы олуттуу түрдө мунай-газ өнөржайы сектору менен көрсөтүлгөн, бирок мунайга байланыштуу эмес секторлордун ролу, өзгөчө кыймылсыз мүлк жана курулуш, соода, чекене соода жана финансылык сектор жылдан жылга өсүүдө.

## Акча-насыя саясатынын көрсөткүчтөрү

### *ИНФЛЯЦИЯНЫН ДЕҢГЭЭЛИ*

Акыркы он жылдыктын ичинде САП инфляцияны 3,5% деңгээлинде сактап турган, ал эми пандемия учурунда ал тургай дефляция байкалган[16]. 2022-жылы Керектөөчү баалардын орточо индекси (КБИ) былтыркы жылдын ошол эле мезгилине салыштырмалуу 2,5%га өскөн, ал ички субсидиялар/баалардын чеги жана күчтүү АКШ доллары менен жарым-жартылай кармалып турган. 2023-жылдын башында 3,4%га чейин көтөрүлүүгө карабастан, жалпы инфляция 2023-жылдын апрелинде 2,7%га кайтып келген, анткени унаага жана тамак-аш азыктарына баалардын салымынын төмөндөшү ижара акынын олуттуу өсүшүн компенсациялаган. Квалификациялары төмөн жумушчулар жана тар адистештирилген жумушчулар үчүн эмгек акыга кандайдыр бир кысым болуу байкалган, бирок орточо эмгек акы  өзгөрүлгөн эмес.

**10-сүрөт. 2012-2021-жылдар аралыгындагы САПтын инфляциясы жана анын 2028-жылга чейинки болжолу**




*Булак: Эл аралык Валюталык Фонд*

[16] Дефляция – баалардын түшүшү.

Сауд Арабиясы глобалдык инфляциянын тенденциясын алдын ала айтып, өз экономикасын коргоо үчүн ийгиликтүү чараларды кабыл алган деп Финансы министри Аль-Джадаан белгилеген. Энергия алып жүрүүчүлөргө болгон жергиликтүү бааларды тоңдуруу ошондой чаралардын бири болгон. САПта инфляциянын орточо деңгээли 2,6%ды түзөт, ошол эле убакта глобалдык инфляция 8%дан ашат. Божомолдор көрсөткөндөй, өлкөдө инфляция 2023-жылы төмөнүрөөк болот, САПтын экономикасын обочолонтуу жана дүйнөлүк экономиканы колдоо боюнча иш жүргүзүлүп жатат[17].

Ошентип 2023-жылдын апрелинде САПтын инфляциясынын деңгээли 2,7% туруктуу деңгээлинде калып келген. Жылдык инфляция өсүшүн улантууда жана 2,3%ды түзөт. Отчет турак-жайга, сууга жана отунга, ошондой эле инфляциянын негизги фактору болгон ижара акысына болгон баалардын өсүшүн белгилейт. Тамак-аш азыктары жана суусундуктар сектору да өстү, ошол эле убакта дүң баалар басаңдап баратат. Дүң баалардын индексинин жылдык өсүшү тамак-аш азыктарына, суусундуктарга, тамекиге жана текстилге болгон жогоруу баалар менен шартталган[18].

### *УЛУТТУК ВАЛЮТАНЫН КУРСУ*

Сауд риялы (SAR) 1961-жылы жүгүртүүгө киргизилген. 1986-жылдын июнунан тартып риял Эл аралык валюталык фонддун (ЭВФ) карыз алуунун атайын укуктарына расмий түрдө байланыштырылган, бул иш жүзүндө анын АКШ долларына байланышкандыгын билдирет.

Риялдын алмаштыруу курсунун АКШ долларына байланышкандыгы учурдагы экономикалык түзүмдү эске алуу менен, алгылыктуу болууда. Бул акча туруктуулугун сактоо үчүн өлкөгө жакшы кызмат кылган саясат.

Риялды АКШ долларына байланыштыруу курсу 1986-жылы **1 доллар үчүн 3,75 риял** деңгээлинде белгиленген. Ошодуктан, риялдын наркынын өзгөрүлүшүн талдоодо доллардын күчүнө же алсыздыгына көңүл буруу керек. САПка экспорттоону пландаштырып жаткан компаниялар үчүн риялдын курсун божомолдоо үчүн америкалык валютанын динамикасына байкоо жүргүзүү маанилүү. Ал үчүн DXY индексин колдонсо болот.

**11-сүрөт. DXY индексинин акыркы 5 жыл ичиндеги динамикасы**




*Булак: tradingview.com*

DXY индекси эл аралык соодада АКШ долларынын орточо салмактанып алынган наркына байкоо жүргүзүү үчүн АКШ ФРТ[19] тарабынан иштелип чыгып, негизги валюталардын

[17] *Arab News* маалыматтык агенттиги «Сауд Арабиясы — дүйнөлүк экономика үчүн «жарык так». 2023жылдын январы. https://www.arabnews.com/node/2234741/saudi-arabia

[18] *Arab News* маалыматтык агенттиги «Сауд Арабиясында инфляция 2,7% деңгээлинде өзгөрүүсүз калган». 2023-жылдын майы https://www.arabnews.com/node/2303561/business-economy

[19] АКШ ФРТ – АКШнын Федералдык резервдик тутуму. Индексти эсептөөдө алты валюта эсепке алынат: 57,6% салмагы менен евро, 13,6% жапон иенасы, 11,9% салмагы менен фунт стерлинг, 9,1% канада доллары, 4,2% швед кронасы, 3,6% швейцария франкы.

себетине карата доллар күчүнүн өлчөмүн билдирет. DXY индекси 2021-жылдан тартып 2023-жылга чейинки мезгил ичинде доллардын бекемделишин чагылдырат, анткени ФРТ катаал акча-насыя саясатын жүргүзүүнү улантууда.

### *ПАЙЫЗДЫК ЧЕНДЕРДИН ДЕҢГЭЭЛИ*


САПтын акча-насыя саясаты риял долларга байланышкандыгы үчүн көбүнчө АКШ саясатын кайталайт, бул экономиканын жана валютанын узак мөөнөттүү туруктуулугун камсыз кылат. Сауд Арабиясы алмаштыруу курсун таргеттөө саясатын төмөнкүдөй себептер боюнча тандап алган[20]:

- Бул басымдуу бөлүгү АКШ долларында болгон валюталык келүүлөр жана төлөмдөр менен ресурстарга негизделген экономика.
- USD/SAR алмаштыруу курсунун туруктуулугу экономиканы диверсификациялоо жана мамлекеттик бюджетти пландаштыруу максатында Сауд Арабиясына инвестициялардын тартылышына дем берүү үчүн олуттуу мааниге ээ.
- Экспорттук сектордо мунай жана мунай химиясы басымдуулук кылгандыктан, USD/SAR курсундагы өзгөрүүлөр Сауд Арабиясынын соода шарттарына өз алдынча олуттуу салым кошпойтн.

Алмаштыруу курсун таргеттөө тутумдун ликвиддүүлүгүнө жана баалар менен финансылык туруктуулукту сактоонун орточо мөөнөттүк максаттарына карата оперативдүү көңүл буруу менен толукталган акча-насыя саясатынын негизги максаты болуп саналат.

САП АКШ ФРТнын катаал акча-насыя саясатынын таасирине туруштук берүү үчүн фискалдык чараларды колдонот. Экономика жана пландаштыруу министри Фейсал бин Фадхил Алибрахим САПтын кыйла жогору пайыздык чендердин натыйжасын салмакташтыра турган экспансиячыл фискалдык чөйрөсү бар деп жарыялаган. Өлкө өзүнүн валютасынын долларга байланышкандыгын сактоо үчүн АКШ менен бирикке, бирок Сауд Арабиясында баалардын өсүшү анчалык чоң болгон эмес. Алибрахим 2023-жылга карата өсүү божомолуна жетишүү жана экономиканын диверсификациясын улантуу боюнча ишеним билдирген. Ошондой эле ал мунайга болгон баалардын түшүшүнүн ушул жылдын бюджетине карата таасир этүүсүн баалоого али эрте деп белгилеген[21].

**12-сүрөт. САПтын репо пайыздык ченинин динамикасы[22] (5 жыл)**




*Булак: tradingeconomics.com*

[20] «Сауд Арабиясынын монетардык (акча-насыя) саясаты». Эл аралык эсептер банкы, 2011.

[21] *Gulf News* маалыматтык агенттиги https://gulfnews.com/business/banking/saudi-arabia-says-fiscal-expansion-to-balance-out-fed-hikes-1.94539532#

[22] Риял менен көрсөтүлгөн САПтын репо пайыздык чени насыялар боюнча финансылык операцияларды жүргүзүү үчүн зайымчылар жана насыя берүүчүлөр тарабынан колдонулчу маалымдама чени болуп саналат.


Кыргызстандын экспорттоочулары пайыздык чендердин мындан аркы жогорулашына байланыштуу риялдын күтүлгөн бекемделишине көңүл бурушу керек, бул САПка импорттоону кыйла пайдалуураак кылышы мүмкүн. Ошол эле убакта, экспорттоону пландаштырууда компаниялар пайыздык чендердин жогорулашы калк жана ишканалар үчүн каржылоого чыгымдардын көбөйүшүнө алып келип, учурдагы кирешелерге жана белгилүү товарларга болгон суроо-талапка таасир этиши мүмкүн экендигин эске алышы керек.

## Тышкы сооданын көрсөткүчтөрү

2022-жылы[23] товар жүгүртүүнүн көлөмү көбүнчө экспорттун кескин түрдө 19,8%га өсүшү үчүн 6,3%га көбөйгөн, ал эми импорт 17,5%га кыскарган.

Акыркы 5 жылдын ичинде САПта тышкы соода жүгүртүүсү 2018-жылдан тартып 2020-жылга чейин кыскарып келген, бирок 2021-жылы ал буга чейинки жылга салыштырмалуу кескин түрдө 27%га өскөн. Акыркы 10 жылдын ичинде тышкы соода балансы оң бойдон калып келген, жана 2021-2022-жылдарда энергия алып жүрүүчүлөргө болгон баалардын өсүшүнөн улам соода балансынын жогору оң маанилери байкалууда.

**13-сүрөт. 2013-2022-жылдардагы САПтын тышкы соода жүгүртүүсүнүн көрсөткүчтөрү**





*Булак: TradeMap (Эл аралык соода борбору)*

### *НЕГИЗГИ СООДА ӨНӨКТӨШТӨРҮ*

САП үчүн 10 жетектөөчү соода өнөктөштөрү болуп Жапония, Түштүк Корея, АКШ, Италия жана Франция сыяктуу ЭКӨУнун өнүккөн өлкөлөрү, ошондой эле Азиянын Кытай (Тайванды кошуп), Малайзия, Сингапур жана Египет сыяктуу өнүгүп келе жаткан өлкөлөрү саналат. Жогоруда белгиленген өлкөлөр САПтын жалпы тышкы соода жүгүртүүсүнүн 70%ын түзөт.

[23] Күзгү статистикасынын негизиндеги.

**14-сүрөт. 2022-жылдагы САПтын соода өнөктөштөрүнүн Топ-10**[24]




*Булак: TradeMap (Эл аралык соода борбору)*

САПтын импортунун жана экспортунун географиялык түзүмүнүн талдоосу концентрациянын жогору даражасын көрсөтөт.

2022-жылы САПтын импортунун 67%ын 10 экспорттоочу-өлкө камсыз кылган. Негизги көрсөткүчтөр жана САПка импорттолгон товарлар 4-таблицада берилген. Кытай 38 млрд. АКШ доллары суммасын түзгөн импорту менен алдыңкы орунду ээлейт, бул 2021-жылга салыштырмалуу 25%га көбөйүү болуп саналат. Андан кийин 11,6 млрд. АКШ доллары суммасындагы импорту жана акыркы жылдын ичинде 4%га өсүшү менен АКШ турат. АКШны (-6%), Германиянын (-1%), Улуу Британияны (-2%) жана Нидерланддарды (-1%) эсепке албаганда, топ-10 импорттоочу-өлкөлөрдүн көпчүлүгү акыркы 5 жылдын ичинде оң динамиканы көрсөтүшкөн.

2022-жылы САПтын экспортунун 75%ы 10 импорттоочу-өлкөлөргө туура келген.3-таблица. САПтын экспорттук тармактарынын ТОП-10-таблицада негизги көрсөткүчтөр жана САПтан экспорттолгон продукция берилген. Кытай 78 млрд. АКШ долларына жетип жана 37%га көбөйүп экспорттун абсолюттук көлөмү боюнча тизменин башында турат. Экинчи орунда 42,7 млрд. АКШ доллары суммасындагы экспорту менен (өсүү 55%га) Жапония, ал эми үчүнчү орунда 41,6 млрд. АКШ доллары суммасындагы экспорту менен (өсүү 72%га) Түштүк Корея турат. Импорт сыяктуу эле, Сингапурду (-9%) жана Францияны (-8%) эсепке албаганда, САПтан болгон экспорт акыркы 5 жылдын ичинде топ-10 өлкөлөрүнүн арасында өсүп жатат.

***ТЫШКЫ СООДАНЫН ТОВАРДЫК ТҮЗҮМҮ***

САПтын экспорту мунай-газ тармагынын продукциясынан турат жана 287 млрд. АКШ долларын же өлкөнүн экспортунун 84%ын түзөт. 2022-жылы жалпы экспорттун 98%ы 3-таблицада берилген топ-10 товардык топторуна туура келген.

2018-жылдан тартып 2022-жылга чейин алдыңкы орунда турган тармактар оң динамиканы көрсөтүшкөн. Мунайдын экспорту 15%га, баалуу металлдардын жана буюмдардын – 6%га, алюминийдин жана андан жасалган буюмдардын – 12%га, пластмассалардын – 9%га, электрониканын – 2%га жана компьютерлердин – 10%га өскөн.

САПка импорттоонун жалпы наркынан 55%ы импорттун 10 эң ири тармактарынын үлүшүнө туура келген. Импорттогу эң чоң үлүштөрдү автомобилдик жер үстүндө жүрүүчү унаа (13%), машиналар жана жабдуулар (12%), ошондой эле компьтерлер жана электроника (8%) ээлешкен.

[24] Күзгү статистикасынын маалымдарынын негизинде.

### 3-таблица. САПтын экспорттук тармактарынын ТОП-10, млрд. АКШ долл.

| Товардын аталышы | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 |
|---|---|---|---|---|---|
| Минералдык отун, мунай жана мунай өнүмдөрү; битуминоздук заттар; минералдык мом | 231,6 | 202,4 [25] | 132,0 | 206,1 | 268,5 |
| Пластмассалар жана алардан жасалган буюмдар | 20,9 | 19,0 | 16,3 | 23,6 | 19,6 |
| Органикалык химиялык кошулмалар | 14,3 | 12,7 | 9,7 | 14,3 | 14,0 |
| Жер семирткичтер | 1,3 | 1,1 | 1,2 | 3,6 | 4,0 |
| Алюминий жана андан жасалган буюмдар | 2,3 | 2,1 | 2,1 | 2,4 | 2,3 |
| Органикалык эмес химиянын өнүмдөрү; органикалык эмес кошулмалар же баалуу металлдардын органикалык органикалык кошулмалары | 2,3 | 2,4 | 2,3 | 2,0 | 1,8 |
| Табигый же өстүрүлгөн бермет, асыл же жарым-жартылай асыл таштар, баалуу металлдар | 0,9 | 0,7 | 2,0 | 1,2 | 1,4 |
| Туз; күкүрт; жерлер жана таш; шыбак материалдары, акиташ жана цемент | 0,3 | 0,4 | 0,3 | 0,4 | 1,1 |
| Жез жана андан жасалган буюмдар | 0,6 | 0,5 | 0,5 | 0,9 | 1,0 |
| Каучук, резина жана алардан жасалган буюмдар | 0,3 | 0,3 | 0,3 | 0,5 | 0,8 |

*Булак: TradeMap (Эл аралык соода борбору)*

2018-2022-жылдар мезгил ичинде импорттун жалпы өсүшү машиналарды жана жабдууларды (-24%), мунай-газ продукциясын (-14%) жана баалуу металлдар менен зер буюмдарын (-8%) эсепке албаганда, негизинен жетектөөчү товарлардын импортунун көбөйүшүнүн эсебинен болгон.

### 4-таблица. САПтын импорттук тармактарынын ТОП-10, млрд. АКШ долл.

| Товардын аталыш | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 |
|---|---|---|---|---|---|
| Темир жол же трамвай кыймылдуу составынан тышкары, жол Жер үстүндө жүрүүчү каражаттар | 11,9 | 15,0 | 14,1 | 15,2 | 16,5 |
| Ядролук реакторлор, казандар, жабдуулар жана механикалык түзүлүштөр; алардын бөлүктөрү | 15,5 | 16,8 | 15,4 | 16,5 | 15,1 |
| Электр машиналар жана жабдуулар, алардын бөлүктөрү; үн жаздыруучу жана үн чыгаруучу аппаратура, ... | 13,7 | 14,4 | 12,7 | 13,7 | 10,4 |
| Фармацевтикалык продукция | 5,5 | 5,3 | 5,6 | 6,9 | 5,4 |
| Табигый же өстүрүлгөн бермет, асыл же жарым-жартылай асыл таштар, баалуу металлдар | 4,1 | 3,6 | 1,9 | 5,4 | 3,8 |
| Эмерек; төшөк буюмдары, матрастар, матрас негиздери, диван жаздыктары жана ошого окшоштор | 2,1 | 2,4 | 2,3 | 2,6 | 3,7 |
| Кара металлдар | 3,2 | 4,2 | 4,5 | 5,4 | 3,6 |
| Пластмассалар жана алардан жасалган буюмдар | 3,1 | 3,3 | 3,3 | 3,8 | 3,6 |
| Минералдык отун, мунай жана мунай өнүмдөрү; битуминоздук заттар; минералдык мом | 4,0 | 3,9 | 4,4 | 7,2 | 3,4 |

*Булак: TradeMap (Эл аралык соода борбору)*

# 2-БӨЛҮМ: ИМПОРТТУ ТЫШКЫ СООДАЛЫК ЖӨНГӨ САЛУУ

## САП СООДА РЕЖИМИНИН СЫПАТТАМАСЫ

2005-жылдан тартып САП БСУнун мүчөсү болуп саналат жана КРна карата абдан жагымдуу мамиле кылуу режими болуп саналган соода режимин колдонот. Бул КРда кандайдыр бир

[25] 2019-жылдын статистикасында мунай-газ тармагынын товарлары 0 менен, ал эми «Эч жерде белгиленбеген товарлар» 99-топтун товарларынын экспорту 202,4 млрд. АКШ долл. менен берилген.

преференцияларды берген Эркин соода жөнүндө өзүнчө макулдашуулар жок экендигин билдирет.

Отчеттук мезгилдин ичинде САПта соода саясатынын институционалдык негизинде олуттуу өзгөрүүлөр болгон. **Тышкы сооданын башкы башкармалыгы**[26] (GAFT) 2019-жылдын январында өзүнчө мамлекеттик уюм катары түзүлүп, Коммерция министирлигинен соода милдеттерин өзүнө алган. Азыркы учурда GAFT соода саясатынын баардык маселелери менен алектенет, алардын ичинде эл аралык соода сүйлөшүүлөрү, БСУнун талаптарынын сакталышы жана эл аралык экономикалык уюмдарда өкүлчүлүк кылуу. САП Персия булуңунун Өлкөлөрүнүн кызматташтык кеңешинин (мындан ары – GCC[27]) бажы биримдигинин жана Панараб эркин соода зонасынын мүчөсү болуп саналат КСА.

GCC бажы биримдигинин мүчөсү болуп саналып, САП Сингапур жана Европа ассоциациясы менен эркин соода жөнүндө макулдашуулары бар. Буга кошумча, САП соода, инвестициялар чөйрөсүндө жана башка экономикалык чөйрөлөрдө башка өлкөлөр менен да (Австралияны жана Жапонияны кошуп) баардыгын ичине камтыган экономикалык макулдашууларды түзүүнү пландаштырууда.

**5-таблица. САПтын соода макулдашуулары**

| Аталышы | Күчүнө кирген жыл | Катышуучу-өлкөлөр |
|---|---|---|
| Панараб эркин соода зонасы | 1998 | Бахрейн, Египет, Ирак, Иордания, Кувейт, Ливан, Ливия, Марокко, Оман, Катар, Саудовская Аравия, Судан, Сирия, Тунис, ОАЭ, Йемен |
| Персия булуңунун Өлкөлөрүнүн кызматташтык кеңешинин бажы биримдиги (GCC) | 2003 | Бахрейн, Кувейт, Оман, Катар, Сауд Арабиясы, БАЭ |
| GCC жана Сингапурдун ортосунда Эркин соода жөнүндө макулдашуу жана Экономикалык интеграциялоо жөнүндө макулдашуу | 2013 | GCC өлкөлөрү жана Сингапур |
| Европа эркин соода ассоциациясынын (EFTA) жана GCC ортосунда Эркин соода жөнүндө макулдашуу жана Экономикалык интеграциялоо жөнүндө макулдашуу | 2014 | GCC өлкөлөрү жана EFTA өлкөлөрү: Исландия, Лихтенштейн, Норвегия, Швейцария. |

*Булак: БСУ*

САП акырындык менен өзүнүн инвестициялык режимин бошотуп жатат, ошентип, мисалы, 2016-жылы чекене жана дүң соода секторлору 100% чет өлкөлүк менчик үчүн ачылган (мурда алар 75%га чейин чектелген болчу жана 20 миллион сауд риялы өлчөмүндөгү минималдык капиталды талап кылчу)[28]. 2023-жылдын апрелинде Сауд Арабиясы эл аралык компанияларды тартуу үчүн баардык өлкө боюнча төрт атайын экономикалык зоналардын (АЭЗ) ачылышы жөнүндө жарыялаган. АЭЗдер стратегиялык түрдө *King Abdullah Economic City* (КАЕС) – батышта, Джазан – түштүк-батышта, Рас-эль-Хайр – түндүк-чыгышта жана *Cloud Computing* в *King Abdulaziz City for Science and Technology* (КАСТ) - борбордо (Эр-Рияд) жайгашкан. Алар 20 жылга чейинки мөөнөткө корпоративдик киреше салыгынын 5%дык чени, кирешени репатриациялоого карата алынган 0%дык салык, бажы алымдарын төлөөнүн мөөнөтүн жылдыруу же капиталдык жабдууга жана ресурстарга 0%дык бажы алымдары, чет өлкөлүк таланттарга 5 жылга ийкемдүү эрежелер, АЭЗдин ичинде

[26] Тышкы сооданын башкы башкармалыгы (*The General Authority for Foreign Trade*). Сайт https://gaft.gov.sa/en/pages/default.aspx

[27] аббр. *GCC – Gulf Cooperation Council*. https://www.gcc-sg.org сайты

[28] Инвестициялык саясат боюнча *UNCTAD* вебсайты https://investmentpolicy.unctad.org/investment-policy-monitor/190/saudi-arabia

товарларга 0%дык КНС, кош салык салууну болтурбоо үчүн атайын салык режими, коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө атаандаштыкка жөндөмдүү тарифтер жана АЭЗдеги кызматкерлерди жана алардын үй-бүлөлөрүн операциялык жыйымдардан бошотуу сыяктуу атаандаштыкка жөндөмдүү стимулдарды сунушташат.

ЭСИҢИЗДЕРДЕ БОЛСУН:

Ушул басылма экспортко чейинки даярдануу этабында экспорттоону пландаштырууда жардам берүү үчүн кызмат кылат, бирок ал тышкы тоода операцияларын ишке ашыруу үчүн колдонмо катары кызмат кылбайт.

Зарыл документацияны жана продукцияны жүктөп жөнөтүүнү унаалык, брокердик жана бажылык уюмдар менен жүргүзүлгөн консультациялардын негизинде даярдоо сунушталат.

Экспортточулар өздөрүнүн чет өлкөлүк кардарлары менен импорттук талаптардын толук топтомун текшерип чыгышы зарыл, алар мындай маселелерди жергиликтүү органдар менен товарларды жөнөтүүгө чейин тактай алышат.

## ИМПОРТТУ БАЖЫЛЫК ЖӨНГӨ САЛУУ ЖАНА САЛЫК САЛУУ

**Закят, салыктар жана бажы боюнча башкармалык** (ZATCA[29]) «Закят жана салыктар боюнча башкы башкармалыкты» жана «Башкы бажы башкармалыгын» бир органга бириктирүү жөнүндө Министрлер кеңешинин чечимине ылайык түзүлгөн. Башкармалык алдыңкы тажрыйбага ылайык салык төлөөчүлөр тарабынан мыйзамдардын сакталышынын максималдуу түрдө мүмкүн болуучу деңгээлин камсыз кылып закятты, салыктарды жана бажы алымдарын алууга милдеттенет.

Ошондой эле башкармалык ылайык келүүнүн, өндүрүмдүүлүктүн жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүктүн эң жогору деңгээлине жетишүү үчүн портторго жана бажы операцияларына байланыштуу баардык ишти уюштуруу жана башкаруу үчүн жооптуу. Бул сооданы өнүктүрүүнүн жана улуттук коопсуздукту сактоонун эсебинен САПка маанилүү глобалдык логистикалык борборго айланууга жардам берүүгө багытталган.

Ошондой эле бир катар башка мамлекеттик мекемелер импортко байланыштуу конкреттүү өнүмдөр же маселелер үчүн жооптуу, мисалы Тамак-аш өнүмдөрүн жана дарыларды контролдоо боюнча башкармалык (SFDA[30]); Айлана чөйрө, суу ресурстары жана айыл чарба министрлиги (MEWA[31]); жана Сауд стандарттар, метрология жана сапат боюнча уюму (SASO[32]).

САП ТЭИТН сыпаттамаларынын жана коддорунун шайкеш келтирилген тутумун кабыл алат. САП мүчө-мамлекеттерге бажы алымдарынан бошотууну тартуулаган соода макулдашууларына кол койгон, анын ичинде GCC Бажы биримдиги менен макулдашуу. GCC кирбеген өлкөлөрдөн болгон импортко жок дегенде 5%дык бажы тарифи салынат. Бажы жыйымдары, порт жыйымдары, жүк кызмат көрсөтүүлөрү үчүн жыйымдар жана импортту текшерүүгө салык сыяктуу кошумча жыйымдар алынат.

ZATCA Бирдиктүү бажы тарифине оңдоолорду киргизген, анын натыйжасында 2020-жылдын июнунан тартып бажы алымдарынын чендери жогорулаган. Көбөйүү БСУнун чектөөлөрүнүн алкагында калууда, бирок айрым чендер 25%га чейин өскөн.

[29] аббр. *ZATCA – the Zakat, Tax and Customs Authority*. Башкармалыктын сайт https://zatca.gov.sa/en/Pages/default.aspx

[30] аббр. *SFDA – the Saudi Food and Drug Authority*. Башкармалыктын сайты https://sfda.gov.sa/en

[31] аббр. *MEWA – the Ministry of Environment, Water and Agriculture*. Сайт https://www.mewa.gov.sa/en/Pages/default.aspx

[32] аббр. *SASO – the Saudi Standards, Metrology and Quality Organization*. Сайт https://www.saso.gov.sa/en/pages/default.aspx

Жергиликтүү өндүрүштү жана тамак-аш азыктарын кайра иштетүүчүлөрдү коргоо үчүн САП импорттук алымдарды ошол сыяктуу өнүмдөрдүн жергиликтүү өндүрүшүнүн деңгээлине байланыштырып койгон. Адатынча, 40% өлчөмүндөгү импорттук тарифтин чени тамак-аш азыктарынын же айыл чарба продукциясынын жергиликтүү өндүрүшү өзүн-өзү камсыз кылуу деңгээлинен ашканда колдонулат. Азыркы учурда импорт алымынын 40%дык чени жаңы, кургатылган же кайра иштетилген жийделерге, ал эми 25%дык алым буудай унуна карата колдонулат. Ошол эле учурда, үй канаттууларынын импорту аралаш тарифке туш келет; кайсынысы жогору болсо, 25% же килограмм үчүн 1,00 риял (0,267 АКШ доллары). Адвалордук алымдар CIF[33] наркынан алынат. Күрүч, балдар сүтү жана мал үчүн тоют (арпа, жүгөрү, күрүч, сорго, соя уну ж.б.), кофе, чай жана жаңы кызыл эт өлкөгө алымсыз алып келинет[34].

2020-жылдын июлунда САП өкмөтү КНС ченин 5%дан 15%га чейин көтөргөн.

2017-жылдын 31-январында САП *GCC* өлкөлөрүнүн акциздик салыгы жөнүндө макулдашууну ратификациялаган жана Акциздик салык жөнүндө мыйзам менен Анын колдонулушу жөнүндө жобо чыгарган. Акциздик салыктын эки ар башка чендери колдонулат: алкоголсуз/таттуу даам берилген суусундуктарга 50% же тамекиге, энергетикалык суусундуктарга жана тамеки тартуу үчүн электрондук түзүлүштөргө/ вейпингге[35] 100%.

*GCC* бирдиктүү бажы тарифи боюнча кененирээк маалыматты төмөнкү шилтеме боюнча өтүп, тапсаңыздар болот:

https://eservices.zatca.gov.sa/sites/sc/en/tariff/Pages/TariffPages/TariffSearch.aspx

САПта бажылык тазалоо жол-жоболору боюнча кененирээк төмөнкү шилтеме боюнча:

https://eservices.zatca.gov.sa/sites/sc/en/tariff/Pages/TariffPages/TariffProcedures.aspx

Акциздик жыйым жана КНС жөнүндө кошумча маалыматты төмөнкү шилтемелер боюнча тапсаңыздар болот:

https://zatca.gov.sa/en/RulesRegulations/Taxes/Pages/excise-tax.aspx

https://zatca.gov.sa/en/RulesRegulations/Taxes/Pages/VATImplementingRegulations.aspx

## ЖӨНГӨ САЛУУНУН ТАРИФТИК ЭМЕС ЧАРАЛАРЫ

### Техникалык жөнгө салуу жана стандарттар

**Сауд стандарттар, метрология жана сапат боюнча уюму** (SASO) 30 000ден ашык стандарттарды чыгарган, алардын көбү эл аралык стандарттардан алынган. Бийликтин маалымдары боюнча, 2019-жылдын аягына карата САПтын учурдагы стандарттарынын 89%ы *GCC* стандарттарынан алынган. Азыркы учурда САПта 32 техникалык регламент иштейт[36].

#### *ТАМАК-АШ АЗЫКТАРЫН ЖӨНГӨ САЛУУ*

Тамак-аш азыктарын жөнгө салуу үчүн GSO мүчө-мамлекеттери катышкан мыйзамдарды белгилейт жана кабыл алат. САПты кошуп, GCC ар бир мүчө-мамлекети GCC тарабынан

[33] CIF (англ. *Cost, Insurance and Freight* — нарк, камсыздандыруу жана фрахт) — товарды кемеге жүктөөнүн, ташуунун жана дайындоо жерине чейин камсыздандыруунун наркын сатычуунун эсебинен төлөөнү билдирген эл аралык коммерциялык соода термини, товардын баасынын белгилениши.

[34] АКШ Айыл чарба боюнча департаменти.

[35] БСУ.

[36] Сауд Арабиясынын соода саясатынын сереби. БСУ, 2021.

түзүлгөн мыйзамдарды толуктап, өзүнүн улуттук тамак-аш мыйзамдарын иштеп чыгууга жана киргизүүгө укуктуу.

## Санитардык жана фитосанитардык чаралар

**Тамак-аш өнүмдөрүн жана дарыларды контролдоо боюнча башкармалык** (SFDA) 2009-жылы түзүлгөн жана тамак-аш өнүмдөрү менен мал үчүн тоютка карата эрежелерди жана стандарттарды белгилөө үчүн жооптуу САПтын өкмөттүк агенттиги болуп саналат. Ошондой эле ал ата-мекендик да, импорттук да тамак-аш өнүмдөрүн текшерүү үчүн жооп берет. САПтын тамак-аш өнүмдөрү жөнүндө мыйзамында төмөнкүдөй деп айтылган: «Эрежелерде, саясатта жана жол-жободо каралгандай, импорттук тамак-аш азыктары SFDA жактыруусуна чейин чыгарылбашы керек. SFDA САПка импорттоо үчүн багытталган тамак-аш өнүмдөрүн бажылык тазалоо процессин контролдоо үчүн ченемдик мыйзам алдындагы актыларды иштеп чыгуу үчүн жооп берет. САПка өзүнүн продукциясын экспорттогон өлкөлөр SFDA тарабынан белгиленген импорттун шарттарын жана талаптарын сакташы керек». SFDA импорттолгон өнүмдөр САП жана GCC менен Йемендин стандарттарды белгилөө боюнча агенттиги болуп саналган GCC стандартташтыруу боюнча уюму (мындан – GSO[37]) тарабынан белгиленген баардык стандарттарга жана эрежелерге ылайык келишин аныктайт.

SFDA негизги токтомдору (Сауд Арабиясынын Тамак-аш өнүмдөрү жана мал үчүн тоют жөнүндө мыйзамдары) 2016-жылы тамак-аш өнүмдөрүнүн коопсуздугун жана сапатын камсыз кылуу үчүн киргизилген. Тамак-аш өнүмдөрү жөнүндө мыйзам баардык тамак-аш чынжырын камтыйт, ал эми тоют жөнүндө мыйзам мал үчүн тоюттун коопсуздугуна кепилдик берет. Ушул мыйзамдар коопсуздукту жана маркалоонун талаптарына ылайык келүүнү камсыз кылуу үчүн импорттолуучу да, ата-мекендик да тамак-аш өнүмдөрүнө карата колдонулат.

SFDA операцияларынын сектору ташып келүү портторунда импорттолгон тамак-аш өнүмдөрүн жана тоютту текшерет. Ошондой эле ал өз лабораторияларында азыктардын сыноолорун өткөрөт. Баардык тамак-аш азыктары SFDA же GSO ченемдерине ылайык келиши керек, жана SFDA азык-түлүк сектору эрежелер менен стандарттар үчүн жооп берет. Операциялык сектордун негизги милдеттери импортторлгон өнүмдөрдү каттоону, алардын ылайык келишин текшерүүнү, чет өлкөлүк объекттерди (экспорттук продукциянын өндүрүүчүлөрүн) катоону жана инспекциялоону, экспорт үчүн санитардык тастыктамаларды берүүнү жана жергиликтүү заводдорду кароону камтыйт[38].

Тамак-аш өнүмдөрүн жөнгө салган САПтын стандарттарынын тизмегин SFDA сайтынан тапса болот:

https://www.sfda.gov.sa/en/saudi_standards_lists

GSO стандарттарын төмөнкү порталдан сатып алса болот:

https://www.gso.org.sa/store/

Стандарттар араб жана англис тилдеринде берилген, ал эми баалары бир стандарт үчүн бир тилде **75 сауд риялынан** тартып айырмаланат. Айрым стандарттар акысыз жеткиликтүүлүктө болушу мүмкүн.

[37] *GSO – Gulf Standardization Organization*. Мындан ары ушул аббревиатура стандарттардын жана регламенттердин номерлөөсүндө кездешет.

[38] АКШнын Айыл чарба боюнча мамлекеттик департаменти.

## Маркалоого карата талаптар

Баардык импорттук жана жергиликтүү тамак-аш өнүмдөрү GSO 9:2022 (SFDA.FD[39]/GSO 9:2022) стандарты боюнча маркалоонун талаптарына ылайык келиши керек. Маркалоо араб тилинде болушу керек же котормосун камтышы керек. Ал өнүмдүн, таңгактоочунун, келип чыккан өлкөнүн аталышын, ингредиенттердин тизмесин, колдонуу боюнча нускаманы жана жарактуулук мөөнөтүн камтышы керек. Эгерде өнүм башка өлкөдө кайра иштетилсе, анда кайра иштетүү өлкөсү келип чыгуу өлкөсү болуп калат. Келип чыгуу өлкөсүн маркалоо САПгы баардык өнүмдөр үчүн милдеттүү.

SFDA.FD/GSO 2487 (2021-жылдын редакциясында) «чаптаманы» кошуп, тамак-аш өнүмдөрүнүн маркалоосуна карата жалпы талаптар талкууланат. GCC мүчөсү катары САП ушул стандартты 2015-жылы киргизип баштаган. Регламенттин 7.2.2.1 бөлүмүндө маркалоодо араб тилиндеги маалымат кошумча чаптамада белгиленген болсо, өндүрүүчү бир чаптаманы (дизайны менен жана басып чыгарылган) бериши керек деп айтылган.

Маанилүү учурлар:

Бир эле өнүмдүн ар кандай таңгактары өзүнчө каттоону талап кылат.

Таңгакты, салмакты жана штрих-кодду кошуп, этикеткадагы өзгөртүүлөр кайра баалоону талап кылат.

САПта импорттоочулар жергиликтүү керектөө үчүн өнүмдөрдү маркалоого уруксат алышы керек.

Тамак-аш өнүмдөрүн каттоо порталы (FIRS[40]) – импорттук же жергиликтүү тамак-аш азыктарынын баардык ишканалары үчүн маалымат базаларын түзүү жана өнүктүрүү үчүн багытталган электрондук сервис, ага САПта лицензияланган жана катталган ата-мекендик жана чет элдик тамак-аш компанияларынын, алардын ыйгарым укуктуу агенттеринин, кампаларынын жана тамак-аш азыктарынын аталыштары камтылат.

Импорттоочулар өнүмдөрдү САПка ташып келүүнүн алдында FIRS порталы аркылуу арыз бериши керек. Баалоо штрих-код, аталышы, келип чыгуу өлкөсү, жарактуулук мөөнөтү жана башка деталдар сыяктуу өнүм жөнүндө маалыматты текшерүүнү камтыйт.

FIRS порталынын вебсайты: https://frcs.sfda.gov.sa/Login.aspx

САПты кошуп, GSO мүчө өлкөлөрүндө өндүрүү датасын жана жарактуулук мөөнөтүн белгилөө талабы менен таңгакталган тамак-аш өнүмдөрүн маркалоо эрежелери бар. Милдеттүү жарактуулук мөөнөттөрү тез бузулган өнүмдөр үчүн талап кылынат, ал эми болжолдуу жарактуулук мөөнөттөрү тез бузулбаган өнүмдөр үчүн белгиленген. Жарактуулук мөөнөтүнүн даталары үчүн жарактуу туюнтмалар «Жарактуулук мөөнөтү аяктаган дата», «…чейин колдонуу керек», жана кыйла узагыраак жарактуулук мөөнөттөрү үчүн «…чейин сатуу керек» дегендерди камтыйт. Даталар күнү-айы-жылы же айы-жылы форматында таңгакта так белгилениши керек. Пернаменттик сыялар колдонулушу керек, чаптамаларга жол берилбейт.

Маркалоо боюнча пайдалуу стандарттар:

- SFDA.FD/GSO 150-1:2021 «Тамак-аш өнүмдөрү үчүн жарактуулук мөөнөттөрү. 1-бөлүк: Милдеттүү жарактуулук мөөнөттөрү».
- SFDA.FD/GSO 150-2:2013 «Тамак-аш өнүмдөрү үчүн жарактуулук мөөнөттөрү. 2-бөлүк: ыктыярдуу жарактуулук мөөнөттөрү».
- SFDA.FD/GSO 9:2022 «Таңгакталган тамак-аш өнүмдөрүн маркалоо».

[39] САП стандарттарынын белгилениши.

[40] FIRS – англисчеден. *Food Registration System*.

- GSO ISO/TS 18614:2021 «Таңгак — Этикетканын материалы — Тапшырык кылуу жана өз алдынча чапатала турган этикеткаларды тандоо үчүн зарыл маалымат».
- GSO 2232:2021 «Ичүүчү сууну маркалоо».
- GSO 2576:2021 «Тамак-аш өнүмдөрүн маркалоодо «жаңы, накталай, таза ж.б.» сыяктуу терминдерди колдонууга карата талаптар».
- GSO 2577:2021 «Жемиш ширелерин, нектарларын жана башка жемиш суусундуктарын маркалоо».
- GSO 2281:2021 «Тамак-аш өнөр жайында колдонулган таңгакталган заттарды маркалоо».
- GSO 2725:2023 «Балдар үчүн арналган тамак-аш өнүмдөрүнүн маркетинги боюнча колдонмо».
- GSO ISO/TR 23304:2023 «Тамак-аш өнүмдөрү – витаминдерди жана алардын витамерлерин белгилөө боюнча колдонмо».

## Таңгактоо талаптары

ЭСИҢИЗДЕРДЕ БОЛСУН:

САПта тамак-аш өнүмдөрү менен байланышкан материалдарга карата тамак-аш өнүмдөрү үчүн таңгакка жана контейнерлерге карата кеңири тизмеси бар. Тамак-аш өнүмдөрүнүн экспорттоочулары алардын тамак-аш өнүмдөрүнүн таңгагына карата колдонулчу эрежелерди өздөрүнүн кардарлары (импорттоочулары) менен макулдашып алышы керек.

Ошондой эле САП тамак-аш өнүмдөрү үчүн таңгакка жана контейнерлерге тийиштүү төмөнкүдөй эрежелерди жана стандарттарды киргизген:

GSO 839:2021 «Тамак-аш таңгагы, 1-бөлүк – Жалпы талаптар» тамак-аш өнүмдөрүнүн таңгагына карата жалпы талаптарга тийиштүү. Негизги талаптар төмөндө келтирилген :

- Таңгактарды жасоодо, формалоодо же иштетүүдө колдонулган баардык таңгактоо материалдары тамак-аш өнүмдөрү менен байланыш үчүн тамак-аш сапатында болууга жана САПтын колдонулуучу стандарттарына ылайык келүүгө тийиш.
- Алар таза жана аларда камтылган материалдын булганышын болтурбаган абалда болууга тийиш.
- Алар таңгакталган материалдын касиеттерин сактап, аны жагымсыз жыттардын жана даамдардын пайда болушунан коргоого тийиш.
- Эгерде өнүмдөр тарабынан талап кылынса, алар өнүмдү микроорганизмдерди жугузуудан, курс-кумурскалардан, жырткычтардан жана кирден коргоону камсыз кылууга тийиш.
- Тамак-аш өнүмдөрү болгон учурда алар нымдуулукка чыдамдуу болууга тийиш.
- Алар айлана-чөйрөнүн шарттарынан жана соккулар, титирөө, статистикалык чыңалуу сыяктуу механикалык коркунучтардан зарыл коргоону камсыз кылууга, жана иштетүү учурунда бузулбаган бойдон калуугаа тийиш.
- Алар тамак-аш материалдарына жоон кайтарышы же аралашышы мүмкүн болгон айрым компоненттеринин миграциясы үчүн контейнерге таасир этпеши керек.
- Алар фармацевтикалык формада болбошу керек.

GSO 1863:2013 (Тамак-аш таңгагы, 2-бөлүк — пластик таңгагы) тамак-аш өнүмдөрүн таңгактоо үчүн колдонулган пластик таңгагынын талаптарына жана өзгөчөлүктөрүнө тийиштүү. Стандартка ылайык, тамак-аш өнүмдөрүн таңгактоо үчүн колдонулган пластик таңгактарынын этикеткаларында төмөнкүдөй маалымат белгилениши керек:

- Пластиктин типи
- Салмагы, сыйымдуулугу, таңгактын типине жараша саны же өлчөмдөрү
- Тамак-аш баалуугу жөнүндө билдирүү
- Колдонуунун максаты жана типи
- Колдонуу боюнча нускамалар

- Эскертүүлөр, эгерде бар болсо

КСА SASO 2173/2003 (Алюминий фольгасынан жасалган тамак-аш таңгагы) стандарты алюминий фольгасынан жасалган тамак-аш таңгагына карата жалпы талаптарга тийиштүү. Төмөндө SASO 2173 белгиленген негизги талаптар келтирилген:

- Металл алюминийдин тазалыгы 99% алюминийден кем эмес болууга тийиш.
- Ар бир таңгак кандайдыр бир кошулгандыктары, тешиктери же чийктери жок бир даанадан жасалууга тийиш .
- Колдонуунун мүнөзүнө жараша бышыктуулукка карата ошол таңгактардын колдонуучусунун жана өндүрүүчүсүнүн ортосундагы макулдашууга ылайык 200 микрометрден ашпаган кадимки калыңдыктагы фольгадан жасалууга тийиш.
- Коргоочу катмар менен жабылган алюминий фольгасы болгон учурда жабуу материалы ден-соолук үчүн кандайдыр бир кооптуу материалды тамак-аш өнүмүнө өткөрбөшү керек же тамак-аш материалына жыт же даам бербеши керек.
- Сууну, жыттарды жана газдарды өткөрбөш керек.
- Майлуу өнүмдөрдү жарыктан коргоо үчүн жарык өткөрбөшү керек.
- Тамак-аш өнүмүнүн жылуулукту жоготуудан же жылытуудан жетиштүү корголушун камсыз кылууга тийиш.

Жемиштердин экспорттоочулары төмөнкүлөр менен тааныштырылышы керек:

- GSO 124:1990 «Жаңы жемиштер жана жашылчалар үчүн коробкаларга карата жалпы талаптар».
- GSO 2231:2012 «Тамак-аш өнүмдөрү менен байланыш үчүн арналган материалдарга карата жалпы талаптар» стандарттын негизинде тамак-аш өнүмдөрү менен байланышкан материалдарды контролдоо боюнча схемалардын сакталышы үчүн

### *ПЛАСТИКТИ КОЛДОНУУ ЖААТЫНДАГЫ САЯСАТ*

Сауд Арабиясынын Стандартташтыруу боюнча уюму (SASO) тамак-аш өнүмдөрү менен байланышта болгондорду кошуп, тамак-аш эмес өнүмдөрүнө карата стандарттардын чыгарылышы үчүн жооп берет. 2020-жылдын 3-февралында уюм биологиялык жактан ажырай турган пластик буюмдарын колдонууну талап кылган токтомдун Фаза 2 жана Фаза 3 **ишке ашырууну токтотуп туруу жөнүндө жарыялаган**. Алгачкы жолу 2016-жылдын аягында чыгарылган регламент полипропиленден жана полиэтиленден жасалган баардык бир жолу колдонулчу буюмдарга жайылтылат. Анда баардык пластик таңгагынын, таңгактоо материалдарынын биологиялык жактан ажырай тургандыгы (тамак-аш өнүмдөрү менен байланышта болгон таңгактан тышкары) жана пластикалык буюмдарды SASOдо алдын ала каттоо, SASO логотипин түшүрүү жана SASO тарабынан лицензияланган пластик кошулмаларын колдонуу талап кылынат.

## Өнүмгө карата талаптар

### *ТАМАК-АШ КОШУЛМАЛАРЫ*

САПтын тамак-аш өнүмдөрү үчүн таңгакка жана контейнерлерге тийиштүү төмөнкүдөй эрежелери жана стандарттары бар:

- GSO 9:2019 стандартында жана ага байланыштуу стандарттарда төмөнкүлөрдү кошуп, тамак-аш өнүмдөрүнө карата жалпы талаптар белгиленген:
    - САПтын стандарттарына ылайык келген тамак-аш сапатындагы таңгактоо материалдарын колдонуу.
    - Таңгакталган материалдын тазалыгы жана касиеттеринин сакталышы.
    - Өнүмдү микроорганизмдерден, курт-кумурскалардан жана кирден коргоо.
    - Ным өткөрбөөчүлүк.

- Айлана-чөйрөнүн шарттарынан жана механикалык коркунучтардан коргоо.
- Өнүмгө болгон зыяндуу таасирдин жок болушу.

- SFDA SFDA.FD 2500 «Тамак-аш өнүмдөрүндө колдонуу үчүн уруксат берилген кошулмалар» регламентин жаңырткан, ал уруксат берилген кошулмалардын тизмесин камтыйт жана айрым жасалма боегучтарды жокко чыгарат. Тамак-аш өнүмдөрүнүн жеткирүүчүлөрү алардын өнүмдөрү уруксат берилген гана кошулмаларды камтый тургандагын текшерип, коопсуздук жана номерлөө шарттарына ылайык келген жаңы кошулмалар бар болсо, SFDA менен байланышы керек.

### *ПЕСТИЦИДДЕРДИН КАЛДЫКТАРЫН ЖАНА БАШКА БУЛГООЧУЛАРДЫ ЖӨНГӨ САЛУУ*

САПтын тамак-аш өнүмдөрүнө карата төмөнкүдөй эрежелери жана стандарттары бар:

- № SFDA-FD 382/2018 регламенти айыл чарба жана тамак-аш өнүмдөрүндө пестициддердин калдыктарынын максималдуу чектерин белгилейт. Эгерде САПтын же GSO мыйзамдарында конкреттүү өнүм үчүн чектер белгиленбесе, Codex Alimentarius жоболору колдонулат. Эгерде Codex Alimentarius белгиленген чек жок болсо, анда SFDA ЕБнин жана АКШнын эрежелеринен эң аз болгон чекти колдонот.
- САП жана GSO башка мүчөлөрү GSO 2481:2021 «Тамак-аш өнүмдөрүндө ветеринардык препараттардын калдыктарынын камтылышынын максималдуу деңгээлдери», GSO 2532:2016 «Органикалык тамак-аш азыктарында пестициддердин жана булгоочулардын максималдуу чектери», GSO 1016:2017 «Тамак-аш өнүмдөрүнүн микробиологиялык критерийлери», GSO 995:2021 «Тамак-аш өнүмдөрүндө уруксат берилген таттуу даам бергичтер – жалпы талаптар» жана башка стандарттарды кошуп, пестициддердин жана булгоочуу заттардын тизмесин иштеп чыккан.
- GSO 193:2021 «Тамак-аш өнүмдөрүндөгү жана тоюттардагы булгоочуларга жана токсиндерге карата жалпы стандарт» тамак-аш өнүмдөрүндө жана тоюттарда булгоочу заттардын жана токсиндердин максималдуу деңгээлдерин белгилеген техникалык регламент болуп саналат.

Ушул стандарттардан тышкары, изилдөөгө сууушталган GSOнун башка стандарттары да бар:

- GSO 2612:2023 «Тамак-аш өнүмдөрүндө тузду чектөө боюнча сунуштар».
- GSO 2500:2022 «Тамак-аш өнүмдөрүндө колдонууга уруксат берилген кошулмалар».
- GSO 2333:2022 «Тамак-аш өнүмдөрүндө ден-соолук жана тамак-аш баалуулугу жөнүндө билдирүүлөргө карата талаптар».
- GSO 995:2021 «Тамак-аш өнүмдөрүндө уруксат берилген таттуу даам бергичтер – жалпы талаптар».
- GSO 839:2021 «Азык-түлүк таңгагы – 1-бөлүк: Жалпы талаптар».
- GSO 1863:2021 «Азык-түлүк таңгагы –2-бөлүк: Пластик таңгагы. Жалпы талаптар».
- GSO 2545:2021 «Тамак-аш өнүмдөрү менен байланышта болуу үчүн багытталган кайра иштетилүүчү пластик материалдары жана буюмдары».

### *ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИК УКУКТАРЫН КОРГОО*

2022-жылы товардык белгилерди каттоо боюнча функция Коммерция министрлигинен **САПтын Интеллектуалдык менчик боюнча башкармалыгына** (SAIP[41]) өткөрүп берилген. Товардык белгилер SAIPта катталат. Эгер мурда каттоо процесси физикалык түрдө болсо, азыр жол-жобо SAIP порталында онлайн түрүндө жеткиликтүү болуп калган. Арыз каттоого алынгандан кийин Товардык белгилерди каттоо департаментине суроо-талап боюнча чечим кабыл алуу үчүн берилген документтерди изилдөөгө эки жумадан ашык убакыт талап кылынат.

[41] SAIP – англ. *the Saudi Authority on Intellectual Property.*

Эгерде арыз жактырылса, департамент товардык белгини араб тилиндеги «Ума Аль-Кура» расмий мамлекеттик газетасында жарыялайт, мында жарыялоонун наркы агент же товардык белгинин ээси тарабынан төлөнөт. Каттоонун жалпы наркы болжол менен 6500 сауд риялын түзөт. Катталган товардык белгилер 10 жылдын ичинде сакталат жана башка ошол сыяктуу мезгилге же мезгилдерге расмий документте кайра жарыялоодон кийин кандайдыр бир жаңы текшерүүсүз узартылышы мүмкүн[42].

***ИМПОРТТУК ЖОЛ-ЖОБОЛОР***

ZATCA товарларды САПка ташып келүү үчүн импорттоочулардан инвойсту, товардык-унаалык коштомо кагазын жана келип чыгуу тастыктамасын берүүнү талап кылат. Ошондой эле импорттоочу импорттун белгилүү түрлөрү үчүн кошумча документтерди берүүгө милдеттүү. Мисалы, импорттоочу талап кылынган товарлар үчүн тиешелүү тастыктамаларды бериши керек. Ар бир товар үчүн өзгөчөлүү шарттардын бар болушун текшерүү үчүн САПка товарларды импорттогон компаниялар https://zatca.gov.sa/en/RulesRegulations/Taxes/Pages/Integrated-Tarrifs.aspx порталынын жардамы менен же бажы брокеринен консультация алып, кандай шарттар колдонулгандыгын текшерсе болот.

Ошондой эле, импорттоочулар товарлар ташып келүү портуна келгенге чейин эң аз дегенде 48 саат мурда зарыл документтерди берип жана бажы декларациясынын формасын толтуруп, *Fasah* платформасынан бажылык тазалоо жол-жоболорунан өтүшү керек. Импорттоочулар зарыл документтер даяр болгон замат ошол маалыматты түздөн-түз *Fasahка* https://e-services.zatca.gov.sa/en/Individuals-services дареги боюнча же бажы брокеринин жардамы менен берсе болот. *Fasah* платформасы аркылуу импорттоочу бажы декларациясынын формасы толтурулган замат жүккө бажыдан же ал келгенге чейин байкоо жүргүзсө болот, ошондой эле заматта келген билдирүүлөрдү алса болот[43].

## 3-БӨЛҮМ: НЕГИЗГИ ЭКСПОРТТУК СЕКТОРЛОРДУ ТАЛДОО

Экспортту көбөйтүү боюнча өлкөнүн артыкчылыктарына ылайык келүүнү камсыз кылуу үчүн ушул жол көрсөткүчтүн алкагында төмөнкүдөй товардык топтор үчүн потенциал талданып чыгат:

- Эт продукциясы – ТЭИ ТН 02-бөлүгү.
- Балык продукциясы –ТЭИ ТН 03-бөлүгү.
- Балды кошуп, сүт продукциясы – ТЭИ ТН 04-бөлүгү.
- Жаңы жана кайра иштетилген өсүмдүк продукциясы – ТЭИ ТН 07 жана 08-бөлүктөрү.
- Алкоголсуз суусундуктар – ТЭИ ТН 20 жана 22-бөлүктөрүнөн өзүнчө товардык позициялар .
- Текстиль жана тигүү продукциясы – ТЭИ ТН 50 жана 67-бөлүктөрү.

2022-жылы товар жүгүртүүнүн көлөмү боюнча САП КРнын өнөктөш-өлкөлөрүнүн ичинен 74-орунду ээлеген - 1,40 млн. АКШ долл. Былтыркы жылдын көрсөткүчтөрүнөн 178%га көбөйүү.

**6-таблица. КРнын тышкы соода жүгүртүүсү, миң. АКШ долл.**

| Страны-партнеры | Товар жүгүртүү | Экспорт | Импорт | Сальдо |
|---|---|---|---|---|
| **Кытай** | 4 130 269 | 60 800 | 4 069 468 | -4 008 668 |
| **Россия** | 3 234 563 | 963 624 | 2 270 939 | -1 307 315 |
| **Казакстан** | 1 188 042 | 438 179 | 749 863 | -311 684 |
| **Түркия** | 628 926 | 140 674 | 488 252 | -347 577 |
| **Өзбекстан** | 599 254 | 236 647 | 362 608 | -125 961 |

[42] SAIP сайты https://www.saip.gov.sa/en/#

[43] АКШнын Эл аралык соода боюнча мамлекеттик департаменти.

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **АКШ** | 246 834 | 4 820 | 242 014 | -237 193 |
| **Германия** | 180 424 | 15 797 | 164 627 | -148 830 |
| **Корея Республикасы** | 157 598 | 1 059 | 156 538 | -155 479 |
| **БАЭ** | **125 739** | **101 003** | **24 736** | **76 267** |
| **Индия** | 117 869 | 10 478 | 107 390 | -96 912 |
| ***Сауд Арабиясы*** | *1 400* | *1380* | *20* | *1360* |

*Булак: КРнын Улутстаткому*

2022-жылы 2021-жылга салыштырмалуу 204%га өсүү болуп, 1,38 млн АКШ долларына жеткен. Өсүүнүн жогору көрсөткүчтөрүнө карабастан, салттуу рыноктorго салыштырмалуу экспорттун өтө төмөн деңгээлин эсепке алуу керек.

## КРнан САПка ЭКПОРТТООНУН ПОТЕНЦИАЛДУУ МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮ

Азыркы учурда САП КРсы үчүн салттуу рынок болуп саналбайт, жана экспорт майда партиялуу болуп саналат, же болбосо туруктуу эмес мүнөздө болот (мисалы, көргөзмөлөргө үлгүлөрдү жөнөтүү). Бул рынок КРнын экспорттоочулары тарабынан деталдуу изилдөнүү үчүн келечектүү рынок катары каралат. Талдоо үчүн бир нече критерийлер колдонулган[44]:

- 5 жылдык мезгил ичинде КРнын экспортунун 5 млн. АКШ долларынан ашык абсолюттук көлөмдөрү;
- салыштырмалуу атаандаштык артыкчылыгынын көрсөткүчү (RCA) 1,0 көп;
- 2022-жылы САПтын импортунун 10 млн. АКШ долларынан ашык абсолюттук көлөмдөрү;
- 2022-жылы САПтын импортунун өсүшүнүн көрсөткүчтөрү;
- Акыркы жылда САПтын импортунун өсүшүнүн көрсөткүчтөрү (анткени пандемия үчүн 5 жылдык статистика төмөндөтүлгөн болушу мүмкүн).

### 7-таблица. САПка экспорттоо үчүн потенциалдуу товардык позициялардын талдоосу

| ТЭИ ТН коду | Товардын аталышы | 2018-2022-жж. САПка КРнын экспорту. | 2018-2022 жж. КРнын экспорту (баардыгы) | RCA (2018-2022) | 2022-жылдагы САПтын импорту (баардыгы) | 2018-2022-жылдар үчүн САПтын импортунун орточо жылдык өсүшү | 2022-жыл үчүн САПтын импортунун орточо жылдык өсүшү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **0204** | Жаңы, муздатылган же тоңдурулган койдун же эчкинин эти | 0 | 9325 | 1,2 | 191639 | 2% | 23% |
| **0302** | Балык филесинен жана …товардык позициянын балык этинен тышкары, жаңы же муздатылган балык | 0 | 10108 | 1,9 | 45793 | 10% | 17% |
| **0402** | Коютулган же кант же башка татуу кылуучу заттар кошулган сүт же кам каймак | 0 | 46784 | 3,4 | 512990 | 12% | 39% |
| **0403** | пахта, уюган сүт же кам каймак, йогурт, айран жана башка ферменттелген же ачытылган ... | 13 | 27601 | 28,3 | 28106 | 11% | 28% |
| **0405** | Ак май жана сүттөн жасалган башка майлар; сүт пасталары | 0 | 74870 | 14,2 | 262343 | 3% | 24% |
| **0406** | Эжигейлер жана быштак | 1 | 43858 | 2,9 | 410542 | 1% | 27% |
| **0409** | Накта бал | 1477 | 8050 | 4,6 | 53015 | 1% | 7% |
| **0701** | Жаңы же муздатылган картөшкө | 0 | 29024 | 23,4 | 34681 | 4% | 48% |

[44] КРнан САПаа экспорттоонун бар болуу критерийи 5 жылдык мезгил ичинде каралган эмес, анткени ушул рынок салттуу эмес болуп, көлөмдөрү олуттуу эмес болгон Критерий.

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **0809** | Өрүктөр, алча жана гилас, шабдалылар (нектариндерди кошуп), кара өрүктөр жана терн, жаңы | 0 | 27560 | 9,7 | 55074 | 5% | -35% |
| **0810** | Башка жемиштер, жаңы | 0 | 6867 | 1,6 | 95341 | 1% | 0% |
| **1902** | Жылуулук менен иштетилген же иштетилген эмес, толтуруусу бар (ээтен…) макарон азыктары | 0 | 22551 | 6,8 | 84231 | 13% | 56% |
| **1905** | Нан, ундан жасалган кондитердик азыктар, пирожныйлар, печенье жана башка нан азыктары жана ундан жасалган кондитердик азыктар | 0 | 86297 | 5,8 | 426563 | 1% | 17% |
| **2002** | Бышырылган же уксус же уксус кислотасыз консерваланган томаттар | 0 | 5232 | 2,0 | 81096 | 4% | 19% |
| **2105** | Бал муздак жана тамак-аш музунун башка түрлөрү, курамында какао бар же какаосуз | 0 | 18599 | 12,1 | 50584 | 4% | 3% |
| **2202** | Минералдык жана газдалган сууларды кошуп, курамында канттын кошулмалары же башка таттуу даам берүүчү заттар бар суулар **...** | 0 | 17065 | 2,2 | 83366 | 4% | -8% |
| **6103** | Костюмдар, комплекттер, пиджактар, блейзерлер, шымдар, боору бар жана лямкалары бар комбинезондор, бриджилар **...** | 0 | 26298 | 1,4 | 235069 | 8% | -9% |
| **6104** | Костюмдар, комплекттер, жакеттер, блайзерлер, көйнөктөр, юбкалар, юбка-шымдар, шымдар, боору бар комбинизондор **...** | 46 | 35939 | 1,4 | 516513 | 14% | -39% |
| **6108** | Комбинациялар, ички юбкалар, ич кийимдер (трусы), панталондор, түнкү көйнөктөр, пижамалар, пеньюарлар, сууга түшүүчү халаттар, **...** | 0 | 38785 | 11,9 | 126036 | 1% | -18% |
| **6109** | Майкалар, жеңдери бар фуфайкалар жана машинага же колго токулган трикотаж денеге кийилүүчү башка фуфайкалар | 0 | 17250 | 1,0 | 232647 | 1% | 13% |
| **6110** | Свитерлер, пуловерлер, кардигандар, жилеттер жана машинага же колго токулган ушул сыяктуу трикотаж буюмдар Свитеры, пуловеры, кардиганы,**...** | 1 | 72034 | 3,3 | 307531 | 21% | -9% |
| **6112** | Машинага же колго токулган трикотаж спорт, лыжа костюмдары жана сууга түшүү үчүн костюмдар | 0 | 6989 | 7,6 | 22061 | 7% | 30% |
| **6115** | Колготкилер, чулкилер, гольфтор жана согончокко кийилчү байпактар жана башка байпак буюмдары, компрессиондук…кошуп | 0 | 18483 | 9,0 | 101408 | 5% | 24% |
| **6117** | Машинага же колго токулган даяр башка кийимдердин шаймандары; кийимдердин бөлүктөрү**...** | 0 | 8418 | 24,1 | 60774 | 22% | 40% |
| **6204** | Костюмдар, комплекттер, жакеттер, блайзерлер, көйнөктөр, юбкалар, юбка-шымдар, шымдар, боору бар комбинизондор**...** | 2 | 40371 | 2,6 | 508686 | 5% | -45% |
| **6302** | Төшүнчү, дасторкон, туалет жана ашкана буюмдары | 0 | 5502 | 1,4 | 114320 | 7% | 27% |
| **6402** | Таманы жана үстү резинадан же пластмассадан жасалган башка бут кийим | 0 | 23789 | 4,1 | 432880 | 7% | 17% |
| **6403** | Таманы жана үстү резинадан же пластмассадан, накта же композициялык булгарыдан жасалган бут кийим жана | 0 | 42908 | 3,2 | 209812 | 14% | -3% |

| | үстү нактаа... | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|

*Булак: TradeMap (Эл аралык соода борбору)*


Талдоонун негизинде мындан ары талдоо үчүн товардык позициялар тандалып алынган (7-таблицаны караңыз). Ушул товардык позициялар менен катар ушул сыяктуу товардык топтордон жаңы товарларды чыгаруу мүмкүнчүлүгүн кароо керек (мисалы, «Эт» товардык тобунан параллелдүү түрдө тоок этин жана субөнүмдөрдү экспорттоо мүмкүнчүлүгүн изилдесе болот).

Рынокту талдоо төмөнкүдөй көрсөткүчтөрүн камтыйт: рыноктун көлөмүн, сатуулардын динамикасын жана болжолун, сатуулардын каналдары боюнча түзүмүн (электрондук коммерциянын серебин кошуп), керектөөчүлөрдүн өзгөчөлүктөрүн жана артыкчылыктарын, таңгактоо тенденцияларынын серебин.

## ЭТ РЫНОГУН ТАЛДОО

2022-жылы САПтын эт рыногундагы сатуулар 7,4%га өсүп, 1781 миң тоннага же 17,5 млрд. АКШ жолларына жеткен. Сатуулардын болжолу 2027-жылга чейин 3,2%дык орточо өсүүнү же 2027-жылы 2086 миң тоннаны же 23,6 млрд. АКШ долларын көрсөтөт. Эт рыногунда басымдуулук кылган жана туруктуу өсүп жаткан позиция болуп үй канаттууларынын эти саналат, ал сатуулардын физикалык көлөмүнөн 82%ды түзөт, экинчи жана үчүнчү орунда «койдун жана эчкинин эти» жана «уйдун эти жана буйволдун эти» турат - 9%дан[45].

**15-сүрөт. САПта эт сатуунун динамикасы жана болжолу**





*Булак: © Euromonitor International*

Келечекте САПтын рыногунда кой этин сатуунун өсүшү нөлгө барабар болот жана 2027-жылы 156 миң тонна белгилисине токтолот. Мында 2022-2027-жылдар ичиндеги мезгилдеги баалардын өсүшүн эске алуу менен акчалай сатуулар 2,1 тартып 2,8 млрд. АКШ долларына чейин өсөт.

[45] *Euromonitor International* 2023.

**16-сүрөт. 2023-2027-жылдары эт сатуунун орточо жылдык өсүшүнүн болжолу, %**




*Булак: © Euromonitor International*

Кыргызстан Перс булуңунун өлкөлөрүнө, тактап айтканда БАЭге койдун этин экспорттоп жаткандыктан, өндүрүүчүлөргө ушул товарды САПка сатуунун көрсөткүчтөрү жана перспективалары кызыктуу болот. 2022-жылы В 2022 году *Statista* ылайык, койдун жана эчкинин этине орточо баа кг үчүн 14,40 АКШ долларын түзгөн, ал эми 2028-жылга ал баа кг үчүн 16,19АКШ долларына чейин өсүшү мүмкүн[46].

2020-жылы Хорека секторунда COVID-19га байланыштуу чектөөлөр үчүн кескин төмөндөө болгон, бирок 2021-жылдын башынан тартып ошол эле чектөөлөрдү акырындык менен алуудан жана коомдук тамактануу кызмат көрсөтүүлөрүн (мисалы, үйлөнүү тойлорун жана конференцияларды) калыбына келтирүүдөн, ошондой эле чет өлкөлүк саякатчыларга ресторандарды ачуудан улам жагдай жакшырган[47].

Зыяратчылардын санынын өсүшү коомдук тамактануу чөйрөсүндөгү сатуулардын мындан ары да өсүшүнө көмөк көрсөтүүсү күтүлүүдө. Ошентип, 2022-жылы Сауд Арабиясына барып келген зыяратчылардын саны 24,7 млн. адамды түзгөн, алардын ичинен 9,2 млн. чет өлкөлүк зыяратчылар[48]. Ошондой эле, САПта 13,5 млн. экспаттар жашагандыгын белгилеп кетүү керек, бул дагы коомдук тамактануу тармактарында этникалык тамакка суроо-талап жаратат.

Бүгүнкү күнү эттин чекене сатуулары 99,7%га адатынча чекене дүкөндөрү[49] аркылуу жүзөгө ашырылат. САПтын эт продукциясынын өндүрүүчүлөрүнүн тармагы бир кыйла түрдө майдаланган жана эт продукциясынын рыногунан 30%ын ээлеген кийинки 5 компания алдыңкы орундарда турат – *Al-Watania Poultry, BRF S.A., Herfy Food Services Co., Sunbulah Group* жана *Tanmiah Food Company*[50].

2022-жылы САП 2,168 млрд АКШ долларына эт импорттогон, анын ичинен 1,26 млрд долларына Бразилия (67%), Украина (18%) жана Франция (10%) тарабынан алып келинген үй канаттууларынын эти. Койдун жана эчкинин эти 204 млн. АКШ долларына импорттолгон жана анын негизги алып келүүчүлөрү болуп Австралия (44%), Жаңы Зеландия (23%) жана Судан (12%) саналат.

[46] Сауд Арабиясынын эт рыногунун сереби. *Statista*, 2023.

[47] «Коомдук тамактануу сервистери – ресторандар, отелдер, институционалдык» отчету. АКШнын айыл чарба боюнча мамлекеттик департаменти, октябрь, 2022.

[48] *Saudi Gazette* маалымат агенттиги https://saudigazette.com.sa/article/633513.

[49] Сауд Арабиясынын эт рыногунун сереби. *Statista*, 2023.

[50] Сауд Арабиясынын эт рыногунун сереби. *Mordor Intelligence*, 2023.

### 8-таблица. 2022-жылы өлкөлөр жана товардык позициялар боюнча САПтын эт импорту[51]

| ТЭИ ТН коду | Товардык позиция | Импорттун көлөмү, АКШ млн. долл. | Жеткирип берүүчү ТОП-3 өлкө | Импорттогу үлүшү |
|---|---|---|---|---|
| **0207** | 0105 товардык позицияда көрсөтүлгөн үй канаттууларынын эти жана субөнүмдөрү, жаңы, муздатылган | 1261,3 | Бразилия | 67 % |
| | | | Украина | 18 % |
| | | | Франция | 10 % |
| **0202** | Бодо малдын эти, тоңдурулган | 420,7 | Индия | 39 % |
| | | | Бразилия | 28 % |
| | | | Австралия | 19 % |
| **0201** | Бодо малдын эти, жаңы союлган же муздатылган | 220,9 | Бразилия | 31 % |
| | | | Австралия | 25 % |
| | | | Пакистан | 20 % |
| **0204** | Жаңы союлган койдун же эчкинин эти, муздатылган же тоңдурулган | 204,2 | Австралия | 44 % |
| | | | Жаңы Зеландия | 23 % |
| | | | Судан | 12 % |

*Булак: TradeMap (Эл аралык соода борбору)*

Кыргыз Республикасынын экспорттоочулары үчүн рыноктун өсүү көрсөткүчтөрүн жана өзгөчөлүктөрүн эске алуу маанилүү. Эт импортунун көрсөткүчтөрү 2018-2022-жылдар аралыгында орточо жылдык өсүштүн 3,2%ын жана 2022-жылы 7,6%ды түзгөн.

Кыргызстан тарыхта үй канаттуулардын этинин экспорттоочусу болуп саналган эмес, бирок 2022-жылы үй канаттуулардын экспорту 2,5 млн. АКШ долларын түзгөн. КР экспортунун географиясына ЕАЭБ өлкөлөрү кирет, бирок келечекте экспортту диверсификациялоо максатында айрым позициялар үчүн САП рыногуна көңүл буруу керек.

***КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭКСПОРТТУК ДАРАМЕТИ***


КР экспорттоочулары “Козунун жаңы союлган, муздатылган же тоңдурулган эти” позициясына көңүл бурушу керек. 2022-жылы импорт 204,2 млн. АКШ долл. түзгөн. Акыркы 5 жылда начар динамикага (1,7% өсүү) карабастан, 2022-жылы САПка зыяратчылардын санынын өсүшүнөн кийин койдун жана эчкинин импорту 46,6%га өскөн. Зыяратчылардын санынын өсүшү жана жыл сайын 30 миллионго жетиши күтүлүүдө, ошондуктан экспорттун мүмкүнчүлүктөрүн, импорттун жол-жоболорун жана эрежелерин кылдаттык менен изилдөө, ошондой эле муздатылган жана тоңдурулган эттин логистикасын өнүктүрүү керек.

## БАЛЫК ПРОДУКЦИЯСЫНЫН РЫНОГУН ТАЛДОО

САП рыногунда форель балыгын сатуунун төмөн көрсөткүчтөрүнө карабастан, балык продукциясынын рыногунун сереби рынок мүмкүнчүлүктөрүн түшүнүүгө пайдалуу болот.

[51] Эскертүү. Талдоо эттин түрлөрү боюнча рыноктун түзүмүн түшүнүү үчүн күзгү маалымдарынын негизинде жана ТЭИ ТН коддорунун 4-цифраларынын деңгээлинде жүргүзүлгөн. Мисалы, субпозицияларга бөлүү малдын бөлүктөрүн белгилейт–бүтүн эттерин, шыйрак ж.б.

**17-сүрөт. САПта балык жана деңиз азыктарын сатуу динамикасы жана болжолу**




*Булак: © Euromonitor International*

2022-жылы САПтын балык рыногундагы сатуулар накталай түрдө 5,8%га өскөн жана 213 миң тоннага же 3,6 млрд.АКШ долларына жеткен[52].

**9-таблица. 2022-жылы өлкөлөр жана товардык позициялар боюнча САПтын балык импорту**

| ТЭИ ТН коду | Товардык позиция | Импорттун көлөмү, АКШ млн долл | Жеткирип берүүчү ТОП-3 өлкө | Импорттогу үлүшү |
|---|---|---|---|---|
| **030214** | Жаңы же муздатылган "salmo salar" атлантикалык лососу жана "hucho hucho" дунай лососу | 41,2 | Норвегия | 98 % |
| | | | Улуу Британия | 1,9 % |
| **030389** | Тоңдурулган башка балыктар | 40,2 | Мьянма | 77 % |
| | | | Тайвань (КЭР) | 12 % |
| | | | Пакистан | 5 % |
| **030481** | Тынч океан лососунун, атлантика лососунун (salmo salar) жана дунай лососунун (hucho) сулп эти, тоңдурулган | 18,7 | Норвегия | 97 % |
| | | | Швеция | 2,9 % |
| | | | Испания | 0,1 % |
| **030313** | Атлантикалык лосось (salmo salar) жана дунай лососу (hucho hucho), тоңдурулган | 22 | Чили | 67 % |
| | | | Норвегия | 23 % |
| | | | Дания | 9 % |
| **030284** | Жаңы же муздатылган лаврак (dicentrarchus spp.) | 16,8 | Түркия | 78 % |
| | | | Греция | 13 % |
| | | | Испания | 7 % |
| **030314** | Форель (salmo trutta, oncorhynchus mykiss, oncorhynchus clarki, oncorhynchus aguabonita, oncorhynchus | 0,252 | Норвегия | 100 % |
| **030211** | Жаңы же муздатылган форель (salmo trutta, oncorhynchus mykkis, oncorhynchus clarki, oncorhynchus | 0,075 | Норвегия | 58 % |
| | | | Улуу Британия | 40 % |
| | | | Нидерланддар | 1 % |

*Булак: TradeMap (Эл аралык соода борбору)*

2022-жылы САП 198,3 млн АКШ долларына балык жана деңиз азыктарын импорттогон, бул чекене сатуулардын көлөмүнөн 6%дан кемин түзөт жана деңиз азыктарынын ички өндүрүшү басымдуулук кылгандыгын билдирет.

Деңиз азыктарынын ден-соолук үчүн пайдасы жөнүндө маалымдуулуктун жогорулашы, белок менен байытылган, майсыздандырылган өнүмдөргө суроо-талаптын өсүшү, жана ата-мекендик балык өндүрүшүн өнүктүрүү боюнча өсүп жаткан өкмөттүк демилгелер САПтын деңиз өнүмдөрүнүн рыногунун кеңейүүсүнө түртку берээри болжолдонууда.

[52] *Euromonitor International*, 2023.

Мындан тышкары, Кызыл деңизде жагымдуу экологиялык шарттардын бар болушу деңиз өнүмдөрүнүн өндүрүшүнүн көбөйүшүнө түрткү берээри күтүлүүдө[53].

Перс булуңунун Ишкерлеринин форумунун жүрүшүндө MEWA Ишкерлик департаментинин башчысы Аль-Сабхан мырза САП балыктын өндүрүшүн 500%га чейин жана 2025-жылга чейин экспортту 3 млрд. риялга чейин көбөйтүүгө ниеттенип жатат деп жарыялаган[54].

*Euromonitor International* болжолдоруна ылайык сатуулардын ар жылдык өсүшү накталай түрдө 0,8% жана акчалай түрдө 6,1 % деңгээлинде күтүлүүдө жана 2027-жылга чейин 222 миң тоннага же 4,870 млрд. АКШ долларына жетет.

**КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭКСПОРТТУК ДАРАМЕТИ**

Балык рыногундагы сатуулар акчалай түрдө 6,1% менен тез өсөт, бирок керектөөнүн басымдуу үлүшү ички өндүрүштүн эсебинен камсыз кылынып жатат. Балык тармагын өкмөттүк жактан колдоо фактору да ички оюнчуларга САПтын рыногунда артыкчылыкка ээ болууга мүмкүндүк берет.

САПтын форель жана анын филесинин импортунун товардык түзүмүнө таянсак, ушул рынок азырынча КРнын экспорттоочулары үчүн өтө жагымдуу болуп көрүнбөйт. Балким, алыскы келечекте ушул рынок экспорт үчүн кыйла кызыктуураак болуп калышы мүмкүн.

## СҮТ РЫНОГУН ТАЛДОО

Бул сереп салууда (серепте) сактоо мөөнөтү кыска сүт азыктары каралбайт, анткени САП рыногунун алыстыгы жана узак аралыктарга транспортировкалоодогу чектөөлөр үчүн алар экспорттоо үчүн ылайыктуу эмес. Ушул категория өзүнө сүттү, кам каймактарды, айрандарды жана йогурттарды камтыйт. Алардын ордуна биз башка эки позицияны талдайбыз – эжигейлерди жана быштактарды, ошондой эле ак майды. Ушул өнүмдөрдүн жарактуулук мөөнөттөрү кыйла узунураак жана алар САПка экспорттолушу мүмкүн.

### Эжигей рыногу

САПтын эжигей рыногундагы чекене сатуулар 2022-жылы 3,1%га (учурдагы баалар менен) өскөн жана 1,209 млрд. АКШ долларына жеткен. Сатуулардын болжолдору көрсөткөндөй, орточо жылдык өсүү 4,1%ды накталай түрдө (2027-жылы 138,1 миң тоннаны) түзөт жана акчалай түрдө (2027-жылы 1,547 млрд. АКШ долл.) өсүү 5,0% түзө[55]. Сүйкөөчү эжигейлер сатуулардан 60%ды ээлейт.

2022-жылы эжигейдин кг үчүн орточо чекене баа 10,7 АКШ долларын түзгөн,[56] алардын ичинде: сүйкөөчү эжигейлер 11,6 АКШ долл., эритилген эжигейлер (сүйкөөчү эжигейлерден тышкары) 10,1 АКШ долл., катуу эжигейлер 13,9 АКШ долл., жумшак эжигейлер 7,7 АКШ долл..


[53] «Сауд Арабиясынын деңиз өнүмдөрүнүн рыногу» отчетунун кыскача мазмуну. *BlueWeave Consulting*, январь 2023.

[54] *Saudi Gazette* маалымат агенттиги «Сауд Арабиясы тамак-аш өнөржайынын 85%ын локалдаштырууга ниеттенип жатат» https://saudigazette.com.sa/article/626185.

[55] *Euromonitor International*, 2023.

[56] *Statista*, 2023.


**18-сүрөт. САПта эжигей сатуунун динамикасы жана болжолу, млн. АКШ долл.**




*Булак: © Euromonitor International*

Бүгүнкү күндө Кыргызстан эжигейди ЕАЭБ өлкөлөрүнө гана экспорттоп, азырынча САПка экспорттой элек. Бирок экспортту диверсификациялоо максатында өндүрүүчүлөр бул рынокту изилдеши керек. САП эжигей рыногу - бул 2023-2027-жылдар аралыгында сатуулардын ар жылдык өсүшү дээрлик 67 млн. АКШ долларын түзөөрү болжолдонгон өсүп келе жаткан рынок.

**19-сүрөт. САПтагы "Эжигейлер" сатуу каналдары, миң тонн**




*Булак: © Euromonitor International*

2022-жылы эжигей сатууларынын көлөмдөрү кайра өсүп баштаган, бирок бул өлкөдө эжигейге болгон баалардын көтөрүлүшүнө байланыштуу болгон. Эритилген эжигей жана жумшак эжигей, тактап айтканда фета жана моцарелла, САПта популярдуу бойдон калууда, аларга болгон суроо-талап кадимки турмушка кайтып келүү менен өсүп жатат. 2022-жылдын аягында коомдук тамактануу чөйрөсүндө эжигей сатуулардын көлөмдөрү пандемияга чейинки деңгээлге чейин калыбына келиши күтүлүүдө. Өлкөдө эжигейдин чекене соодасы да ыңгайлуулуктан жана өнүмдөрдүн кенен тандоосунун эсебинен заманбап азык-түлүк ритейлерлер жагына жылышып баратат.

Өндүрүштүк чыгымдардын өсүшүнөн улам, компаниялар эжигей рыногунда промо-акцияларды өткөрүүдө чектелүү болууда, бирок эжигейдин чекене сатууларынын көлөмдөрүнүн жана наркынын туруктуу өсүшү күтүлүүдө. Фета жана моцарелла популярдуу бойдон калат, ошондой эле эжигейди жеке соода маркаларынын алдында өндүрүүнүн өсүшү күтүлүүдө. Эжигей рыногундагы *Danya Foods Ltd, Almarai Co Ltd* и *Fromageries Bel SA* сыяктуу басымдуулук кылган оюнчулар өз позицияларын сактап келет, бирок социалдык тармактарды колдонуу башка бренддерге өз продукциясы жөнүндө маалымдуулукту жогорулатууга жардам бериши мүмкүн. Онлайн-сатуулардын өсүшү сатуулардын ушул каналына болгон кызыкчылыкты тастыктайт, бул келечекте он-лайн сатуулардын кеңейтилишине алып келиши мүмкүн.

## 10-Таблица. 2022-жылы өлкөлөр жана товардык позициялар боюнча САПтын эжигей импорту

| ТЭИ ТН коду | Товардык позиция | Импорттун көлөмү, млн АКШ долл | Жеткирип берүүчү ТОП-3 өлкө | Импорттогу үлүшү |
|---|---|---|---|---|
| **040630** | Эритилген, майдаланбаган жана үбөлөнбөгөн эжигейлер | 306,7 | Бахрейн | 73 % |
| | | | Польша | 11 % |
| | | | АКШ | 4 % |
| **040690** | Башка эжигейлер | 203,3 | Жаңы Зеландия | 28 % |
| | | | Ирландия | 11 % |
| | | | АКШ | 11 % |
| **040610** | Жаңы эжигейлер (жетиле элек же аягына чейин кармалган эмес), аны менен бирге сары суу-альбумин эжигейлери жана быштак | 87 | Германия | 24 % |
| | | | Дания | 15 % |
| | | | Нидерланддар | 9 % |
| **040620** | Бардык сорттогу майдаланган эжигейлер же үбөлөнгөн эжигейлер | 38,1 | АКШ | 52 % |
| | | | Франция | 20 % |
| | | | Жаң Зеландия | 15 % |

*Булак: TradeMap (Эл аралык соода борбору)*


2022-жылы САП эжигейлерди 636,9 млн. АКШ долларына импорттогон, биринчи орунда – наркы 306,7 млн. АКШ долл. түзгөн эритилген эжигейлер, ал эми экинчи орунда – жалпы наркы 203,3 млн. АКШ долл. түзгөн башка эжигейлер.

КР экспорттоочулары үчүн өсүш көрсөткүчтөрүн жана рыноктун өзгөчөлүктөрүн эске алуу маанилүү. 2018-жылдан тартып 2022-жылга чейинки аралыкта эжигей импортунун көрсөткүчтөрү 9% деңгээлиндеги орточо жылдык өсүштү көрсөткөн, ал эми 2022-жылы өсүш 35%ды түзгөн, бул өндүрүштүк жана логистикалык чыгымдарга байланыштуу болгон.

### Ак май рыногу

САПтын ак май рыногунда 2022-жылы чекене сатуулар 4,0%га (учурдагы баалар боюнча) өсүп, 95,9 млн. АКШ долл. жеткен. Сатуулар божомолу боюнча 2027-жылы орточо жылдык көрсөткүч накталай түрдө (2027-жылы 12,3 миң тонна) 6,2%га өсөрү жана акчалай түрдө (2027-жылы 122,9 млн. АКШ долл.) 5,1%га өсөрү болжолдонууда[57].


## 20-сүрөт. САПта ак майдын сатуунун динамикасы жана болжолу




*Булак: © Euromonitor International*

[57] *Euromonitor International*, 2023.

**21-сүрөт. САПтын “Ак май” сатуу каналдары, миң тонна**




*Булак: © Euromonitor International*

2022-жылы ак майдын кг үчүн орточо чекене баа 9,22 АКШ долларын түзгөн[58] жана 2027-жылга карат баанын 10 долларга чейин өсүшү күтүлүүдө.

Бүгүнкү күндө Кыргызстан ак майды ЕАЭБ өлкөлөрүнө экспорттоп, ал эми САПка экспорттой элек. САП ак май рыногу сатуулардын жылдык өсүшү болжол менен 5,4 млн. АКШ долларынан ашып, 2027-жылга чейин 122,9 млн. АКШ долларына жетери болжолдонгон өнүгүп келе жаткан рынок болуп саналат.

2022-жылы ак майды сатуу каналдары төмөнкүдөй бөлүндү: чекене сатууга 7,7 миң тонна же 74%, ал эми коомдук тамактануу тармактарына 2,7 миң тонна (19,6%) туура келди.

Украинадагы согуштан жана логистикага байланыштуу көйгөйлөрдөн келип чыккан глобалдык экономикалык көйгөй ак майды кошуп, тамак-аш азыктарына болгон бааларды көтөрүп жатат. Өндүрүшкө болгон чыгашалардын көбөйүшү компанияларды өздөрүнүн өнүмдөрүнө болгон бааларды көтөрүүгө мажбурлайт, ал эми керектөөчүлөр чыгымдарды үнөмдөөгө аргасыз болушат. Бирок Украиндагы жаңжалдан келип чыккан күнкарама майына болгон баалардын өсүшү ак май сатууларынын өсүшүнө түрткү болууда. Ден-соолукка багытталган жеке маркалар алдындагы өнүмдөр да популярдуу болуп баштады, жана *Almarai* сыяктуу компаниялар ак май өндүрүүдө лидерликти сактап калууга умтулуп жатышат.

2020-жылы САПта ак майдын жана спреддердин чекене сатуулары карантин үчүн кескин түрдө өсүп, бирок 2021-жылы ресторандар ачылгандан кийин түшүп кеткен. Бирок 2022-жылы сатуулардын туруктуулугу жана өсүшү күтүлүүдө. Ак майды жана спреддерди кулинарияда пайдаланууга карата өсүп жаткан кызыгуу, өздүк соода маркаларынын алдындагы өнүмдөрдүн жеткиликтүүлүгү жана жагымдуу варианттардын өнүгүшү өсүүнү колдоп келет. Заманбап азык-түлүктүк ритейлерлер сатуулардын негизги жерлери бойдон калууда. Зайтун майын пайдалануу сыяктуу жагымдуу тенденциялар атаандаштык жаратышат, бирок өнүмдүк стратегиялардын табигыйлыгы жана инновациялары керектөөчүлөрдү өзүнө тартышат.

**11-таблица. 2022-жылы өлкөлөр боюнча САПтын ак май импорту**

| ТЭИ ТН коду | Товардык позиция | Импорттун көлөмү, млн АКШ долл | Жеткирип берүүчү ТОП-3 өлкө | Импорттогу үлүшү |
|---|---|---|---|---|
| **040510** | Ак май | 206,2 | Жаңы Зеландия | 50 % |
| | | | Дания | 13 % |
| | | | Литва | 7 % |

*Булак: TradeMap (Эл аралык соода борбору)*

[58] *Statista*, 2023.

2022-жылы Сауд Арабиясы 206,2 млн. АКШ долл. суммасына ак май импорттогон. Экспортчулар өсүү көкрсөткүчтөрүн жана рыноктун өзгөчөлүктөрүн изилдеши керек. 2018-2022-жылдар аралыгында ак майдын импортунун орточо жылдык өсүшү 8% деңгээлинде болгон, бирок 2022-жылы импорт 42%га кескин түрдө өскөн..

***КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭКСПОРТТУК ДАРАМЕТИ***


САПтын эжигей жана ак май импортунун түзүмүнөн улам КР экспорттоочуларын "ак май" жана "башка эжигейлер" категориялары кызыктырышы мүмкүн. Акыркы 5 жылдын ичинде эки өнүм тең оң динамиканы көрсөтүүдө, ошондуктан биздин экспорттоочулар экспорттук мүмкүнчүлүктөрдү кылдат изилдеп, логистиканы өнүктүрүүсү керек. Кыргызстан башка эжигейлердин 5154 тоннаны түзгөн максималдуу көлөмүн экспорттогон, ал эми 2022-жылы ушул көлөм 2385 тоннага чейин кыскарган. Кыргызстан ак майды 2020-жылы дээрлик 5 миң тонна экспорттоп, эң чоң көрсөткүчкө жетсе, 2022-жылы бул көлөм 4,7 миң тоннаны түзгөн.

САПта эжигей менен ак майдын чекене сатуулары 2021-жылды кошпогондо тынымсыз өсүүдө жана болжолдонуп жаткан 2023-2027-жылдар аралыгында жылдык орточо өсүш темпи эжигейлер үчүн 5,0%га жана ак май үчүн 5,1%га жетиши күтүлүүдө. Калктын өсүшү, экономикалык туруктуулук жана колдо болгон кирешенин өсүшү САП рыногун жагымдуу кылат. Экспорттоочулар жер үстүндөгү транспорттун логистикасына, импорттун эрежелерине жана жол-жоболоруна, мүмкүн болгон дистрибуция каналдарына көңүл буруп, потенциалдуу өнөктөштөр үчүн баалуу сунуштарды даярдап, андан соң экспорттук сатууну пландаштырышы керек. Айыл чарбасындагы өкмөттүк субсидиялар жана протекционизм жана ички кайра иштетүүнүн өнүгүшү кирүүдөгү тобокелдиктер болушу мүмкүн.

## БАЛ РЫНОГУН ТАЛДОО

САП рыногунда балдын чекене сатуулары 2022-жылы 4,2%га (учурдагы баалар боюнча) өсүп, 236,3 млн. АКШ долл. жеткен. Сатуулардын болжолу боюнча, 2027-жылы орточо жылдык өсүш накталай түрдө (2027-жылы 76,5 миң тонна) 5,6%ды жана акчалай түрдө (2027-жылы 305,8 млн. АКШ долл) 5,3%ды түзөт[59].

**22-сүрөт. САПта таттуу спреддерди сатуу динамикасы жана болжолу**




*Булак: © Euromonitor International*

Бал жана шоколад пасталары САПтагы спреддер рыногунда эң эле динамикалык түрдө өнүккөн рыноктор болору күтүлүүдө. Өнүмдөрдүн ушул категорияларынын популярдуулугу алардын керектөөчүлөрдүн пандемияга чейинки көнгөн адаттарына кайтып келишинен улам келип чыккан чекене суроо-талаптын жалпы төмөндөшүнө тартылгандыгын чектеген.


[59] *Euromonitor International*, 2023.

Кулинарияга жана кактап бышырылган тамактарга болгон кызыгуу рецептерде көп пайдаланылган балга жана шоколад пасталарына болгон суроо-талапка түрткү берген.

Бал ден-соолукка көбүрөөк көңүл бурулгандыктан жана анын имунитетти көтөрүү касиеттеринен улам суроо-талапка ээ болууда. Жаңы ишке киргизүүлөр жана даамдардын көп түрдүүлүгү да керектөөчүлөрдүн ушул категорияга болгон кызыгуусун сактап келүүдө. Бирок сакталып келген баа сезгичтиги балдын өтө кымбат түрлөрүнүн сатууларын чектеши мүмкүн, ошондуктан керектөөчүлөр кыйла жеткиликтүү варианттарды издешет.

2022-жылы бал сатуу каналдары боюнча сатуулардын түзүмү боюнча чекене сатуулага 51,4 миң тонна (81,1%), ал эми коомдук тамактануу тармактарына 12 миң тонна (18,9%) туура келген.

**23-сүрөт. САПтагы бал сатуу каналдары, миң тонна**




*Булак: © Euromonitor International*

САПта бал өз алдынча өнүм катары да жана ар кандай рецепттердеги ингредиент катары да популярдуу бойдон калууда. Өкмөттүн «Көрүнүш 2030» программасы боюнча балдын ички өндүрүшүн көбөйтүү ички өндүрүүчүлөр тарабынан болгон атаандаштыктын өсүшүнө түрткү берет. Экинчи жагынан, таттуу спреддердин ассортиментин кеңейтүү органикалык өнүмдөр жана кант менен майдын камтылышы төмөн болгон өнүмдөр сыяктуу ден-соолукка багытталган өнүмдөрдүн суроо-талапка ээ болушуна түрткү берет.

**12-таблица. 2022-жылы өлкөлөр боюнча САПтын бал импорту**

| ТЭИ ТН коду | Товардык позиция | Импорттун көлөмү, млн АКШ долл | Жеткирип берүүчү ТОП-3 өлкө | Импорттогу үлүшү |
|---|---|---|---|---|
| **040900** | Накта бал | 62,3 | Кытай | 23 % |
| | | | Жаңы Зеландия | 16 % |
| | | | Германия | 13 % |

*Булак: TradeMap (Эл аралык соода борбору)*

2022-жылы Сауд Арабиясы балды 62,3 млн. АКШ долл. суммасына импорттогон. КР экспорттоочулары үчүн өсүү көрсөткүчтөрүн жана рыноктун өзгөчөлүктөрүн изилдөө маанилүү. 2018-2022-жылдар аралыгында бал импортунун орточо жылдык өсүшү 1% деңгээлинде болуп, 2022-жылы нөлдүк өсүү болгон.

*КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭКСПОРТТУК ДАРАМЕТИ*

Акыркы жылдары Кыргызстандан балдын жалпы экспортунун эң максималдуу көлөмү 704 тоннаны (2017-жылы), ал эми 2022-жылы 257 тоннаны түзгөн.

САПтын бал рыногу оң динамикада болуп, болжол боюнча 2023-2027-жылдар аралыгында орточо жылдык өсүү темпи 5.3% га жетери күтүлүүдө. САП рыногунун өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен КРнан балды позициялоого көңүл буруу зарыл.

САПта балдын өндүрүшүн локалдаштыруу боюнча өкмөттүк программалар киргүүдөгү тобокелдиктер болушу мүмкүн.


## ЖАШЫЛЧА-ЖЕМИШ РЫНОГУН ТАЛДОО

Кыргызстандын экспорттук түзүмүн, ошондой эле САП рыногунун алыстыгын эске алуу менен арзан баадагы жана орточо экспорттук аралыгы кыска жашылчалар менен буурчак өсүмдүктөрү бул серeп салууда каралбайт.

### Буурчак рыногу

САП рыногунда буурчак өсүмдүктөрүнүн чекене сатуулары 2022-жылы 9,2%га (учурдагы баалар боюнча) өсүп, 130,5 АКШ долларына жетти. Сатуулардын болжолу боюнча жыл сайын 9,5% өсүш байкалып, 2027-жылга чейин 205,2 млн АКШ долларына жетери болжолдонууда[60]. Жалпы буурчак өсүмдүктөрүнүн ичинен төө буурчактын сатууларынын үлүшү 24,5 млн. АКШ долларын же 18,8 %, ал эми кадимки буурчак 6,7 % түзгөн.

**24-сүрөт. САПта буурчак өсүмдүктөрүн сатуу динамикасы жана болжолу**




*Булак: © Euromonitor International*

Буурчак өсүмдүктөрүнүн сатууларынын физикалык көлөмү 35,2 миң тоннаны түзгөн жана 2027-жылга чейин 44,4 миң тоннага чейин өсөт, алардын ичинен 2022-жылы төө буурчактын сатууларынын көлөмү 6,8 миң тоннаны түзүп, 2027-жылга чейин 8,8 миң тоннага жетиши болжолдонууда.

Бүгүнкү күндө Кыргызстан буурчак өсүмдүктөрүн көптөгөн өлкөлөргө экспорттойт, анын ичинен Балкан өлкөлөрү, Түркия, Орусия, Жакынкы Чыгыш өлкөлөрү, Ооганстан, Кавказ өлкөлөрү, Түштүк Азия өлкөлөрү өзгөчөлөнүп турат. Кыргызстан азырынча САПка буурчакты экспорттобойт. САП буурчак рыногунун жылдык сатууларынын өсүшү 15 млн. долларынын тегерегинде болжолдонгон өнүгүп жаткан рынок болуп саналат. Бирок ушул рынокто нокот жана жасмык өзгөчөлөнүп турган, башка буурчак өсүмдүктөрү көбүрөөк көрсөтүлгөн.

«Көрүнүш 2030» туризмдин инновациялык секторун өнүктүрүүдө чет өлкөлүк инвестицияларды тартуунун эсебинен САПтын экономикасын диверсификациялоого

[60] *Euromonitor International*, 2023.

багытталган өкмөттүк чаралардын жыйнагын билдирет. «Көрүнүш» жакынкы бир нече жылдын ичинде наркы дээрлик 1,1 триллион долларын түзө турган инфратүзүм жана кыймылсыз мүлк чөйрөсүндөгү бир нече мега долбоорлордун ишке ашырылышына негизделген. Курулуш процессинде миллиондогон жумушчулар кейтеринг компанияларынан үч жолку тамактануу алышат жана бул тамак-аш азыктарына, тактап айтканда буурчак өсүмдүктөрүнө болгон суроо-талапты кескин түрдө жогорулатат.

**13-таблица. 2022-жылы өлкөлөр жана субпозициялар боюнча САПтын буурчак импорту**

| ТЭИ ТН коду | Товардык позиция | Импорттун көлөмү, млн АКШ долл | Жеткирип берүүчү ТОП-3 өлкө | Импорттогу үлүшү |
|---|---|---|---|---|
| **071350** | Тоют буурчагы же ири уруктуу жылкы буурчагы (vicia faba var. major) жана тоют буурчагы же жылкы буурчагы, . . . | 25,1 | Австралия | 66 % |
| | | | Египет | 33 % |
| | | | Бахрейн | 1 % |
| **071320** | Кургатылган, тазаланган, урук кабыгынан тазаланган же тазаланбаган, чагылган же чагылбаган нокот | 19,7 | Индия | 55 % |
| | | | Түркия | 19 % |
| | | | Австралия | 16 % |
| **071333** | Кадимки төө буурчак, анын ичинде майда уруктуу ак төө буурчак (phaseolus vulgaris), кургатылган | 8,0 | Канада | 42 % |
| | | | Кытай | 30 % |
| | | | Египет | 12 % |
| **071340** | Кургатылган, тазаланган, урук кабыгынан тазаланган же тазаланбаган, чагылган же чагылбаган жасмык | 5,8 | Канада | 61 % |
| | | | Түркия | 25 % |
| | | | Бахрейн | 14 % |
| **071310** | Буурчак (pisum sativum), кургатылган | 2,7 | Канада | 97,6 % |
| | | | Түркия | 1,9 % |
| | | | Таиланд | 0,3 % |

*Булак: TradeMap (Эл аралык соода борбору)*

2022-жылы САП 64,1 млн. АКШ долларына буурчак өсүмдүктөрүн (0713 товардык позиция), анын ичинен 25,1 млн. АКШ долларына (40%) тоют буурчактарын импорттогон. Андан кийин 19,7 млн. АКШ долларына нокот жана 8 млн. АКШ долларына жөнөкөй төө буурчак импорттогон.

КР экспорттоочулары үчүн өсүү көрсөткүчтөрүн жана рыноктун өзгөчөлүктөрүн эске алуу маанилүү. 2018-2022-жылдар аралыгында буурчак өсүмдүктөрүнүн импорту жыл сайын 4%га түшүп келген, ошол эле учурда 2022-жылы ал 10%га өскөн .

***КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭКСПОРТТУК ДАРАМЕТИ***

КР экспорттоочуларын, "жасмык", "нокот" жана "буурчак" позициялары реэкспорт болгондуктан, “төө буурчак” субпозициясы гана кызыктырышы мүмкүн. Кыргызстан 2016-жылы «07133 кадимки төө буурчакты» максималдуу 105,5 миң тонна көлөмүндө, ал эми 2022-жылы 34,7 миң тонна экспорттогон. Бирок 07133 боюнча САПтын импорту 8,0 млн. АКШ долларын түзгөн, бул салттуу экспорттук рыноктогo салыштырмалуу өтө чоң эмес көлөм болуп саналат.

## Картөшкө рыногу


2022-жылы САПтын жаңы казылган картошка рыногунда чекене сатуулар 3,1%га (учурдагы баалар боюнча) өсүп, 141,9 млн АКШ долларына жетти. Сатуулар болжолу боюнча, 2027-жылга карата өсүү жыл сайын 5,5%ды түзөт жана 176,2 млн. АКШ долларына жетет[61].

2022-жылы тоңдурулган кайра иштетилген картөшкөнүн чекене сатуулары 7,2%га (учурдагы баалар боюнча) өскөн жана 86,2 млн. АКШ долларына жеткен. Сатуулардын божомолу

[61] *Euromonitor International*, 2023.

боюнча, жыл сайын өсүш 5,5%ды түзөт жана 2027-жылка чейин 112,7 млн. АКШ долларына жетет[62].


**25-сүрөт. САПта картөшкө сатуунун динамикасы жана болжолу**




*Булак: © Euromonitor International*

Бүгүнкү күндө Кыргызстан жаңы картөшкөнүн 94%ын коңшу Өзбекстан менен Казакстанга экспорттойт. Логистикалык кыйынчылыктарга карабастан, САПтын жаңы картөшкө рыногу өсүп келе жатат жана анын сатуулары жыл сайын 7 млн. АКШ долларына жетери болжолдонууда.

**26-сүрөт. Тоңдурулган кайра иштетилген картөшкө сатуу каналдары**




*Булак: © Euromonitor International*

Мисал катары, тоңдурулган кайра иштетилген картөшкө каналын карап чыгалы. 2022-жылы тоңдурулган кайра иштетилген картөшкө каналдары мындай болуп бөлүнгөн: чекене сатууларга 35,6 миң тонна (23%) жана коомдук тамактануу тармактарына 119,6 миң (77%) тонна туура келет.

**14-таблица. 2022-жылы өлкөлөр боюнча САПтын картөшкө импорту**

| ТЭИ ТН коду | Товардык позиция | Импорттун көлөмү, млн АКШ долл | Жеткирип берүүчү ТОП-3 өлкө | Импорттогу үлүшү |
|---|---|---|---|---|
| **070190** | Жаңы же муздатылган башка картөшкө | 17,7 | Индия | 46 % |
| | | | Германия | 27 % |
| | | | Египет | 13 % |
| **200410** | Бышырылган же консерваланган картөшкө, тоңдурулган | 345,3 | Нидерланддар | 36 % |
| | | | Бельгия | 36 % |
| | | | АКШ | 13 % |

*Булак: TradeMap (Эл аралык соода борбору)*

САПтын жаңы жана тоңдурулган өнүмдөрүнүн рыногуна кирүүнү пландаштырып жаткан компаниялар бир нече факторлорду эске алышы керек. Тоңдурулган кайра иштетилген картөшкөнүн категориясы импорттун дефицитине байланыштуу көйгөйлөргө дуушар болгон,

[62] *Euromonitor International*, 2023.

бул жеткирип беруулөрдүн чектелишине алып келген. Бул САПка тоңдурулган картөшкөнү 92%га өндүрүүнү кошуп, азык-түлүк коопсуздугун жана өзүн өзү камсыздоону камсыз кылуу боюнча демилгелерди ишке ашырууга түрткү берген. Кайра иштетилген жашылча-жемиштерге болгон суроо-талаптын өсүшү, өзгөчө коомдук тамактануу чөйрөсүндө, болжолдонууда, анткени COVID-19га байланыштуу чектөөлөр алып салынган, жана керектөөчүлөр ресторан менен кафелерге кайтып келип жатышат. Өзгөчө керектөөчүлөрдүн активдүүлүгүнүн жогорулашынан жана ыңгайлуулукка суроо-талаптын өсүшүнөн улам, кайра иштетилген жашылча-жемиштердин чекене сатуулары да туруктуу өсүү менен күтүлүүдө. Электрондук коммерция каналы өсүшүн улантат.

Экспорттоочулар өсүү темптерин жана рыноктун өзгөчөлүктөрүн изилдеши керек. Эгерде 2018-2022-жылдар аралыгындагы импорттун өсүү темптерин салыштыра турган болсок, жаңы картөшкөнүн импорту жыл сайын орточо 21%га өскөн, ошол эле мезгилде тоңдурулган картөшкөнүн импорту жыл сайын 9%га, ал эми 2022-жылы тиешелүү түрдө 40%га жана 52%га өскөн.


***КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭКСПОРТТУК ДАРАМЕТИ***

Жаңы картөшкө акыркы 5 жылда оң динамикага ээ болуп жаткандыктан, биздин экспорттоочуларга жаңы картөшкөнү экспорттоонун мүмкүнчүлүктөрүн кылдат изилдеп чыгуу сунуш кылынат. 2017-жылы Кыргызстан 230 миң тонна картөшкөнү экспорттого, ал эми 2022-жылы ушул көлөм 59 миң тоннаны гана түзгөн. Экспортту диверсификациялоо үчүн тоңдурулган кайра иштетилген картөшкөнү өндүрүү мүмкүнчүлүктөрүн изилдеп чыгуу керек. САПтын рыногунда жаңы да, тоңдурулган да картөшкүнүн импортунун жана чекене сатууларынын өсүшү акыркы жылдарда уланып жатат, жана 2023-жылдан тартып 2027-жылга чейинки аралыкта ушул темптердин сакталышы күтүлүүдө.

## Жаңы жашылча-жемиштер рыногу

САПтын мөмө-жемиш рыногунда чекене сатуулар[63] 2022-жылы 5,8%га (учурдагы баалар боюнча) өсүп, 2,752 млрд АКШ долларына жетти. Сатуулар болжолу боюнча, 2027-жылы орточо жылдык өсүш 5,7%га же 3,635 млрд АКШ долларына жетери болжолдонууда.

**27-сүрөт. САПта жемиш сатуунун динамикасы жана болжолу**





*Булак: © Euromonitor International*

САПтын жаңы жашылча рыногунда чекене сатуулар 2022-жылы 6%га (учурдагы баалар боюнча) өсүп, 2,647 млрд АКШ долларына жетти. Сатуулар болжолу боюнча, 2027-жылы орточо жылдык өсүш 6,8% же 3,681 млрд АКШ долларына жетери күтүлүүдө[64].

[63] Талдоого КР аймагында өспөгөн тропикалык жемиштер кирген жок.

[64] *Euromonitor International*, 2023.

### 28-сүрөт. САПта жашылча сатуу каналдары




*Булак: © Euromonitor International*

САПта жашылча-жемиш рыногу – сатуулардын ар жылдык өсүшүнүн божомолу 150 млн. АКШ долларынан ашык (жемиштер) жана дээрлик 180 млн. АКШ долларын (жашылчалар) түзгөн өсүп келе жаткан рынок.

2023-жылдын жайында САПта дарбыздар, коондор, манго, жүзүм, шабдалы, нектариндер жана абрикостор сыяктуу сергитүүчү жемиштерге чоң суроо-талап байкалат. Ушул жемиштер негизинен ТАР, Индия, Пакистан, Греция, Испания жана Египет сыяктуу өзүнүн сапаттуу продукциясы менен белгилүү өлкөлөрдөн импорттолот. Өлкө импорттон көз карандылыкты азайтуу жана финиктер, кара өрүктөр, папайя, манго, жүзүм жана анар сыяктуу жемиштер менен камсыздалгандыкты жогорулатуу үчүн айыл чарбасына жигердүү инвестициялап жатат. Ири супермаркеттер жана моллдор сатуунун популярдуу каналдарына айланып жатышат, ошондой эле онлайн-сатып алуулардын популярдуулугу өсүүдө. Жайкы жемиштердин көбүнүн баалары туруктуу бойдон калууда, бирок айрым импорттук жемиштердин баасы логистика үчүн бираз өскөн[65].

Жашылча-жемиш продукциясынын 2/3 САПка импорттолот. Буга карабастан, өлкө САПта өндүрүлгөн продукцияга болгон тарифтерди көтөрүп протекциялык позицияны ээлеген. Баклажан, бадыраң, помидор, пияз, арбуз жана сабиз сыяктуу айрым жашылча-жемиштердин импортуна бажы тарифтери көтөрүлгөн[66].

### 15-таблица. 2022-жылы өлкөлөр боюнча САПтын жемиш импорту

| ТЭИ ТН коду | Товардык позиция | Импорттун көлөмү, млн АКШ долл | Жеткирип берүүчү ТОП-3 өлкө | Импорттогу үлүшү |
|---|---|---|---|---|
| **080810** | Жаңы бышкан алма | 139,3 | Италия | 52 % |
| | | | Чили | 16 % |
| | | | Түштүк Африка | 6 % |
| **081010** | Жаңы бышкан кожогат (кулпунай) | 46,1 | АКШ | 53 % |
| | | | Египет | 28 % |
| | | | Түштүк Африка | 9 % |
| **080610** | Жаңы бышкан жүзүм | 46,0 | Египет | 26 % |
| | | | Индия | 18 % |
| | | | Түштүк Африка | 16 % |
| **080930** | Шабдалы (нектарин дагы) | 31,5 | Иордания | 70 % |
| | | | Египет | 20 % |
| | | | Түркия | 5 % |
| **080830** | Жаңы бышкан алмурут | 15,4 | Түштүк Африка | 44 % |
| | | | Испания | 30 % |
| | | | Чили | 14 % |

[65] *Fresh Plaza* медиа платформасы «Сауд Арабиясында жайкы жемиштерге болгон жогору суроо-талап». Май 2023-ж.

[66] Испаниянын *ICEX España Exportación e Inversiones* экспорт агенттигинин сайты «Сауд Арабиясы айыл чарба, мал чарба жана балык чарба секторлорунун 99 товарларына жаңы тарифтерди белгилейт». Июнь, 2022-ж.

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **080910** | Жаңы бышкан абрикос | 11,7 | Өзбекстан | 49 % |
| | | | Кытай | 34 % |
| | | | Түштүк Африка | 7 % |
| **080940** | Кара өрүк жана көк жемиш (терн), жаңы бышкан | 10,0 | Иордания | 85 % |
| | | | түркия | 10 % |
| | | | Түштүк Африка | 3 % |

*Булак: TradeMap (Эл аралык соода борбору)*

Экспорттоочулар өсүү темптерин жана рыноктун өзгөчөлүктөрүн изилдеши керек. Эгерде 2018–2022-жылдар аралыгындагы импорттун өсүү темптерин салыштыра турган болсок, анда алманын (-6%), кулпунайдын (7%), жаңы бышкан жүзүмдүн (-4%), шабдалынын (5%), алмуруттун (-7%), абрикостун (11%) жана кара өрүктүн (-1%) импортунун орточо жылдык өсүү көрсөткүчтөрүн көрөбүз.

**16-таблица. 2022-жылы өлкөлөр боюнча САПтын жашылча импорту**

| ТЭИ ТН коду | Товардык позиция | Импорттун көлөмү, млн АКШ долл | Жеткирип берүүчү ТОП-3 өлкө | Импорттогу үлүшү |
|---|---|---|---|---|
| **070310** | Баш пияз жана шалот-пиязы (шалот) | 65,4 | Египет | 89 % |
| | | | Индия | 10 % |
| | | | Испания | 1 % |
| **070200** | Жаңы же муздатылган помидорлор | 39,4 | Иордания | 44 % |
| | | | Египет | 33 % |
| | | | Түркия | 9 % |
| **070320** | Жаңы же муздатылган сарымсак | 37,8 | Кытай | 99 % |
| | | | Египет | 0,2 % |
| | | | Индия | 0,1 % |
| **070511** | Баш салат-латук (баш салат), жаңы же муздатылган све | 25,0 | Египет | 63 % |
| | | | Испания | 30 % |
| | | | Нидерланддар | 6 % |
| **070610** | Сабиз жана шалгам | 14,8 | Австралия | 68 % |
| | | | Түркия | 17 % |
| | | | Кытай | 9 % |
| **070410** | Түстүү капуста жана брокколи, жаңы же муздатылган | 3,9 | Испания | 67 % |
| | | | Египет | 24 % |
| | | | Иордания | 6 % |

*Булак: TradeMap (Эл аралык соода борбору)*

Экспорттоочулар өсүү темптерин жана рыноктун өзгөчөлүктөрүн изилдеши керек. Эгерде 2018–2022-жылдар аралыгындагы импорттун өсүү темптерин салыштыра турган болсок, пияздын импортунун орточо жылдык өсүшү (-8%), помидордуку (-19%), сарымсактыгы 3%, салат-латуктуку 1%, сабиз менен шалгамдыкы (-8%) жана түстүү капуста менен броколлиники (-10%) болгонун көрөбүз.

**_КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭКСПОРТТУК ДАРАМЕТИ_**

Кыргызстан жашылча-жемиштерди ЕАЭБ өлкөлөрүнө, Түркияга, Германияга жана Өзбекстанга экспорттойт. Жемиштер[67] менен жаңы жашылчалар[68] акыркы 5 жылда оң динамиканы көрсөтүүдө – жемиштер боюнча орточо жылдык өсүш 40%, жашылчалар боюнча 57% түздү. Экспорттоочулар экспорттун мүмкүнчүлүктөрүн кылдаттык менен изилдеп чыгып, жаңы терилген продукциянын логистикасын өнүктүрүүсү керек. 2022-жылы Кыргызстандан 54 миң тонна жемиш жана 50 миң тонна жаңы терилген жашылча экспорттолгон.

Жашылча-жемиштердин чекене сатууларынын өсүшүнө карабастан, 5 жыл ичинде импорттун төмөндөшү байкалууда. Мында 2023-2027-жылдар аралыгында чекене сатуулардын орточо жылдык өсүшү 5,7% (жемиштер) жана 6,8% (жашылчалар) деңгээлинде болору күтүлүүдө.


Товардык позицияларды талдоодо логистика маселелерине, негизги жеткирип берүүчү-өлкөлөрдүн позицияларына, ошондой эле САПтын өкмөтүнүн жашылча-жемиштердин өндүрүшүн локалдаштыруу боюнча пландарына көңүл буруу керек. Мындан улам, КРнын өндүрүүчүлөрү ушул рынокко чыгуу боюнча талдоого жана стратегияга кылдаттык менен мамиле кылышы керек.

## Жаңгактардын жана кургатылган жемиштердин рыногу

САПтын жаңгактар рыногунда чекене сатуулар 2022-жылы 7%га (учурдагы баалар боюнча) өсүп, 194 млн. АКШ долларына жетти. Сатуулар болжолу боюнча, 2027-жылы орточо жылдык өсүш 7,0%га же 273 млн. АКШ долларына жетери болжолдонууда[69].

САПтын кургатылган жемиштер[70] рыногунда чекене сатуулар 2022-жылы 4,1%га (учурдагы баалар боюнча) өсүп, 447,5 млн. АКШ долларына жетти. Сатуулар болжолу боюнча, 2027-жылы орточо жылдык өсүш 10,3%га же 730,9 млн. АКШ долларына жетери болжолдонууда.

**29-сүрөт. САПта жаңгак сатуунун динамикасы жана болжолу**




*Булак: © Euromonitor International*


[67] Жаңгакты эске албаганда.

[68] Буурчак өсүмдүктөрүн, картөшкөнү эске албаганда.

[69] *Euromonitor International*, 2023. КРда өскөн жаңгактар көрсөтүлгөн.

[70] Кургатылган жемиштердин өндүрүшүн өнүктүрүү боюнча инвестициялык сунуш. https://investsaudi.sa

**30-сүрөт. САПта кургатылган жемиш сатуунун динамикасы жана божомолу**




*Булак: © Euromonitor International*

САПта жаңгактардын жана кургатылган жемиштердин рыногу – бул божомол боюнча сатуулардын жылдык өсүшү 5,8 млн АКШ долларынан ашык (тандалган жаңгактар боюнча) жана дээрлик 57 млн АКШ долларын (снектер катары кургатылган жемиштер боюнча) түзгөн өсүп келе жаткан рынок.

Кургатылган жемиштер аш болумдуу касиеттеринен улам жагымдуу тамак үчүн популярдуу опцияга айланган. Мындан тышкары, кургатылган жемиштер сүт жана нан өнөржайында даамды жана азыктык баалуулукту жакшыртуу үчүн колдонулат. Колдо бар кирешенин көбөйүшү жана калктын өсүшү сыяктуу факторлор САПта кургатылган жемиштердин рыногунун өсүшүн колдоону улантары күтүлүүдө[71].

Жогору суроо-талап жана ден-соолук үчүн пайда жөнүндө маалымдуулук Сауд Арабиясында жаңгактардын мындан ары да өсүшүнө түрткү берүүдө[72]. Рынок да жооп кайтарып жатат, мисалы, *Mars* компаниясы *Carrefour, Spinneys, Lulu, Danube, Panda* и *Tamimi* чекене тармактары менен кызматташат. Алар кардарлар үчүн 6 жаңгак батончиктеринен турган серияны ишке киргизишкен. Башка мисал – бул САПта сергек жашоо образын пропагандалаган *Hazel* чакан үй-бүлөлүк бизнеси, алар бадам (миндаль), мисте жана пекан жаңгактары сыяктуу 100%дык жаңгактарды глазурдалган кутучада сунуш кылышат[73].

**17-таблица. 2022-жылы өлкөлөр боюнча САПтын жаңгактар жана кургатылган жемиштер импорту**

| ТЭИ ТН коду | Товардык позиция | Импорттун көлөмү, млн АКШ долл | Жеткирип берүүчү ТОП-3 өлкө | Импорттогу үлүшү |
|---|---|---|---|---|
| **080251** | Кабыгындагы мисте | 70,9 | АКШ | 99 % |
| | | | Түркия | 1 % |
| | | | Бахрейн | 0 % |
| **080212** | Кабыгынан тазаланган бадам (миндаль) | 61,8 | АКШ | 91 % |
| | | | Испания | 3 % |
| | | | Түркия | 3 % |
| **080132** | Кабыгынан тазаланган кешью жаңгактары | 35,2 | Индия | 97 % |
| | | | Кот-д'Ивуар | 1,5 % |
| | | | Бразилия | 0,5 % |
| **080232** | Кабыгы жок грек жаңгактары, жаңы же кургатылган | 14,4 | Кытай | 51 % |
| | | | АКШ | 36 % |
| | | | Түркия | 11 % |
| **080620** | Кургатылган жүзүм | 14,1 | Түркия | 30 % |

[71] *Euromonitor International*, 2023. Кургатылган жемиштер снектер катары каралат.

[72] *Data Bridge Market Research* аналитикалык агенттиги «Сауд Арабиясынын жаңгактар рыногу – тармактын тенденциялары жана 2030-жылга чейинки божомол». Февраль 2023ж.

[73] *Data Bridge Market Research* аналитикалык агенттиги «Ден-соолук үчүн жаңгактарга карата керектөө артыкчылыгынын жогорулашы Сауд Арабиясында жаңгактар рыногунун өсүшүнүн кыймылдаткыч факторлорунун бири болуп саналат». 2023 г.

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Индия | 20 % |
| | | | Чили | 20 % |
| **080211** | Кабыгындагы бадам (миндаль) | 8,6 | АКШ | 97 % |
| | | | Австралия | 1,5 % |
| | | | Иордания | 1,3 % |
| **080252** | Кабыгынан тазалган мисте | 2,9 | Түркия | 71 % |
| | | | АКШ | 23 % |
| | | | Иордания | 5 % |
| **080231** | Кабыгындагы грек жаңгактары, жаңы, тазаланбаган же кургатылган | 1,8 | Чили | 49 % |
| | | | АКШ | 35 % |
| | | | Кытай | 8 % |
| **081310** | Кургатылган абрикостор | 1,6 | Түркия | 95 % |
| | | | Пакистан | 4 % |
| | | | АКШ | 1 % |

*Булак: TradeMap (Эл аралык соода борбору)*

Экспорттоочулар өсүү темптерин жана рыноктун өзгөчөлүктөрүн изилдеши керек. Эгерде 2018–2022-жылдар аралыгындагы импорттун өсүү темптерин салыштыра турган болсок, кабыгындагы мистенин импортунун орточо жылдык өсүшү 7%, тазаланган бадамдын (-8%), тазаланган кешьюнун( -15%), тазаланган грек жаңгактарынын (-6%), кургатылган жүзүмдүн (-7%), кабыгындагы бадамдын 13%, тазаланган мистенин (-5%) жана кабыгындагы грек жаңгактарынын (-7%) болгонун көрөбүз.

***КЫРГЫЗСТАН ЭКСПОРТУНУН ДАРАМЕТИ***

Кыргызстан жашылча-жемиштерди ЕАЭБ өлкөлөрүнө, Түркияга, Германияга жана Өзбекстанга экспорттойт. Кургатылган жемиштер жана жаңгактар акыркы 5 жылда оң динамиканы көрсөтүүдө. Экспорттоочулар экспорттун мүмкүнчүлүктөрүн, САП рыногундагы тобокелдиктерди кылдаттык менен изилдеп чыгып, логистиканы өнүктүрүшү керек..

Жашылча-жемиштердин чекене сатууларынын өсүшүнө карабастан, 5 жыл ичинде импорттун төмөндөшү байкалууда. Мында 2023-2027-жылдар аралыгында чекене сатуулардын орточо жылдык өсүшү 10,3% (кургатылган жемиштер) жана 7,0% (жаңгактар) деңгээлинде болору күтүлүүдө.

Товардык позицияларды талдоодо логистика маселелерине, негизги жеткирип берүүчү-өлкөлөрдүн позицияларына, ошондой эле САПтын өкмөтүнүн кургатылган жемиштердин өндүрүшүн локалдаштыруу боюнча пландарына көңүл буруу керек.


## ДАЯР ТАМАК-АШ ПРОДУКЦИЯСЫНЫН РЫНОГУН ТАЛДОО

### Кактап бышырылган тамак (выпечка) рыногу

2022-жылы САПтын кактап бышырылган тамак рыногунда чекене сатуулар 7,5%га (учурдагы баалар боюнча) өсүп, 5,698 млрд АКШ долларына жетти. Сатуулар болжолу боюнча, 2027-жылы орточо жылдык өсүш 5,6% же 7,466 млрд АКШ долларына жетет[74].

[74] *Euromonitor International*, 2023.

**31-сүрөт. САПта кактап бышырылган тамак сатуунун динамикасы жана болжолу**





*Булак: © Euromonitor International*

2022-жылы Украинадагы окуялар үчүн буудайга болгон баалардын кескин өсүшү САПта нан азыктарынын сатууларына олуттуу таасир тийгизген. Бирок коомдук тамактануу чөйрөсүндөгү сатуулар калыбына келип, COVID-19 пандемиясына чейинки деңгээлден ашкан. Ошол эле убакта 2021-жылы нан азыктарынын чекене сатуулары төмөндөгөн, бирок 2022-жылы алар оң өсүштү көрсөтүшкөн. Диний зыяратчыларын кайтып келишин жана чет өлкөлүк жумушчулардын санынын көбөйүшүн кошуп, чектөөлөрдүн алып салынышы нан азыктарына болгон суроо-талаптын өсүшүнө түрткү берет. Пандемия учурунда жаңы өнүмдөрдү ишке киргизүүдөгү кечиктирүүгө карабастан, 2022-жылы балдардын ланч-бокстору үчүн жеткиликтүү *Deemah* мини-пирожноелер кошуп, жаңы өнүмдөр көрсөтүлгөн.

2022-жылы кактап бышырылган тамак сатуунун каналдары мындай болуп бөлүнгөн: чекене сатууларга 2882,3 миң тонна (63,4%) жана коомдук тамактануу тармактарына 1663,8 миң тонна (36,6%) туура келет.

**32-сүрөт. САПта кактап бышырылган тамак продукциясын сатуу каналдары**




*Булак: © Euromonitor International*

Социалдык тармактардын жана инфлюенсерлердин платформаларын кактап бышырылган тамактарды илгерилетүү үчүн колдонуу, инновациялык компаниялар жана онлайн-чөйрөдө активдүү катышуу нан азыктарына болгон суроо-талаптын өсүшүнө жана рыноктун кеңейишине түрткү берет. Гипермаркеттер, супермаркеттер, наабайканалар жана жергиликтүү азык-түлүк лавкалары бөлүштүрүүнүн негизги каналдары болуп калууда. *Almarai* компаниясы өзүнүн жетектөөчү бренддеринен жана бизнести кеңейтүү стратегияларынан улам таңгакталган кактап бышырылган тамак рыногундагы лидер болуп саналат.

**18-таблица. 2022-жылы өлкөлөр боюнча САПтын кактап бышырылган тамак импорту**

| ТЭИ ТН коду | Товардык позиция | Импорттун көлөмү, млн АКШ долл | Жеткирип берүүчү ТОП-3 өлкө | Импорттогу үлүшү |
|---|---|---|---|---|
| **190590** | Башка нандар жана ундан жасалган | 202,2 | Бахрейн | 15 % |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | кондитердик азыктар | | Польша | 15 % |
| | | | Бельгия | 10 % |
| **190531** | Кургак таттуу печенье | 148,9 | Бахрейн | 24 % |
| | | | Египет | 14 % |
| | | | Италия | 9 % |
| **190532** | Вафли жана вафли облаткалары | 143,8 | Италия | 50 % |
| | | | Польша | 13 % |
| | | | Түркия | 8 % |

*Булак: TradeMap (Эл аралык соода борбору)*

Эгерде 2018–2022-жылдар аралыгындагы импорттун өсүү көрсөткүчтөрүн салыштыра турган болсок, «1905 Нан, ундан жасалган кондитердик азыктар, пирожноелер, печенье ж.б.» товардык позициясынын импорту жыл сайын орточо 9%га болсо, 2022-жылы бул көрсөткүч 22%га өскөн.

***КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭКСПОРТТУК ДАРАМЕТИ***


Бүгүнкү күндө Кыргызстан “1905” товардык позициясынын чоң бөлүгүн Казакстанга экспорттойт, ал экспорттун жалпы көлөмүнөн 91%ды түзөт. Бул позициянын экспорту акыркы 5 жылда жыл сайын орто эсеп менен 25%га өсүүдө.

САПтын рыногу жаңы мүмкүнчүлүктөрдү тартуулайт жана рыноктук перспективалардын, импорттук жол-жоболордун жана эрежелердин, ишкерлик чөйрөнүн жана дистрибуциялык каналдардын изилдөөсүн кошуп, кылдат талдоону талап кылат. САПтын өсүп жаткан кактап бышырылган тамак рыногуна өзгөчө көңүл буруу керек, ал жерде сатуулардын жылдык өсүшү 354 млн. АКШ долларынан ашык болору, жана 2027-жылы сатуулардын көлөмү 7 млрд. АКШ долларынан ашары күтүлүүдө.

## Алкоголсуз суусундуктар рыногун талдоо

Алкоголсуз суусундуктар рыногу 2022-жылы 10,630 млрд АКШ долл. жетип, 8,647 млн литрди түзгөн. 2022-жылы өткөн жылга салыштырмалуу өсүү 5,7%ды түздү, ал эми 2023-2027-жылдарга болжол менен орточо жылдык өсүш акчалай түрдө 6,5% болору күтүлүүдө.

**33-сүрөт. САПтагы алкоголсуз суусундуктардын динамикасы жана болжолу**




*Булак: © Euromonitor International*


2022-жылы САПта суусундуктарды керектөө жерлеринде (***on-trade***[75] ***)*** алкоголсуз суусундуктардын сатуларынын көлөмдөрү дүкөндөрдөгү сатуулардан (***off-trade***[76] ) артта

[75] Дүкөндөн тышкары сатуу (on-trade) – бул керектөөчү суусундукту сатып алып, аны сатып алган эле жеринде ичкендей кылып, суусундуктарды сатуу каналдарынын бөлүштүрүлүшү. Адатта бул суусундуктарды ичүүгө сунуштаган коомдук тамактануу түйүндөрү жана жайлары.

[76] Дүкөндө сатуу (off-trade) – бул керектөөчү суусундукту башка жерден ичүү үчүн сатып алгандай кылып, сатуу каналдарынын бөлүштүрүлүшү. Буга чекене соода кылган дүкөндөр мисал болот.

калууда. Бирок экономикалык кырдаалдан жана инфляциядан улам накталай өлчөөдө сатуулар көлөмү нарк жагынан сатуудан артта калууда.

**34-сүрөт. САПта алкоголсуз суусундуктарды сатуу каналдары, млн. литр**




*Булак: © Euromonitor International*


Дени сак жашоо образынын өсүп жаткан тенденциялары жана кантка болгон салык керектөөчүлөрдү канттын камтылышы төмөн же таптакыр жок болгон суусундуктарга өтүүгө үмдөйт, жана компаниялар жаңы ден-соолук үчүн жагымдуу өнүмдөрдүү иштеп чыгууда. Сауд Арабиясында канттуу суусундуктарга 50%дык салык киргизилип, КНС көтөрүлгөн. Ушул чаралар канттын камтылышы жогору суусундуктарга болгон бааларга олуттуу таасир тийгизишкен.

Баалардын жана канттын зыяндуулугу жөнүндө маалымдуулуктун өсүшүнүн натыйжасында керектөөчүлөр кантты керектөөнүн жана жүрөк-кан тамыр оорулары, диабер жана семирүү сыяктуу оорулардын ортосундагы байланышты түшүнүп, канттын камтылышы жогору суусундуктардын керектелишин чектеп башташкан. Семирүү САПта катаал көйгөй болуп саналат, жана таттуу даам берилген суусундуктарга салык ушул көйгөйгө каршы күрөшүү үчүн киргизилген.

### *ШИРЕ РЫНОГУ*

САПтын шире рыногунда чекене сатуу 2022-жылы 4,4%га өсүп, 1,976 млрд АКШ долларына жетти. Сатуу болжолу боюнча, 2027-жылы орточо жылдык өсүш 5,4% же 2,547 млрд АКШ долларына жетери күтүлүүдө [77]. Бирок 2022-жылы ширелердин сатуулары накталай өлчөөдө 0,5%га кыскарган, ал эми болжол 1,4% жылдык өсүштү түзөт.

**35-сүрөт. САПтагы шире рыногунун динамикасы жана болжолу**





*Булак: © Euromonitor International*

2022-жылы шире каналдары төмөнкүдөй бөлүндү: дүкөндө сатууга 685 млн литр (78,4%), дүкөндөн тышкаркы сатууга 188,6 млн литр (21,6%) туура келген.

[77] *Euromonitor International*, 2023.

Супермаркеттер жана гипермаркеттер САПта ширелерди дистрибуциясында жок кылууну улантышат. САПта жана Булуңдун башка өлкөлөрүндө иштеген *LuLu, Carrefour, Al Othaim* сыяктуу оюнчулардын тармактарын кеңейтүү стратегияларын белгилөө керек.

**36-сүрөт. САПта шире сатуу каналдары, миң тонна**




*Булак: © Euromonitor International*

2022-жылы мектептерде канттын камтылышы жогору болгон суусундуктарды ичүүгө САПтын өкмөтү тарабынан киргизилген тыюулар шире сатууларына тер таасирин тийгизүүдө. Экинчи жагынан, диний зыяратчылардын санынын өсүшү шире сатууларына оң таасирин тийгизип жатат.

Шире өндүрүүчүлөрү канттын камтылышын төмөндөтүү жана чыгымдарды азайтуу ыкмаларын издеп жатышат. Өсүмдүк суулары сыяктуу ширелердин кыйла жагымдуураак варианттарына кызыгуу өсүүдө. Кантка болгон салык жана КНС көбөйүшү чыгымдарга жана ширелердин бааларына таасир этет. Канттын жогору керектелишинин зыяндуулугу жөнүндө, өзгөчө семирүүгө жана ооруларга карата керектөөчүлөрдүн маалымдуулугу өсүүдө. Өндүрүүчүлөр ширелердин кыйла жагымдуураак варианттарына токтолуп, даамга зыян келтирүүсүз баа боюнча атаандаштык түзүшү керек.

Экспорттоочулар рыноктун өсүү көрсөткүчтөрүн жана өзгөчөлүктөрүн изилдеши керек. Эгерде 2018-2022-жылдар аралыгындагы импорттун өсүү көрсөткүчтөрүн салыштыра турган болсок, "Жемиш ширелери жана жашылча ширелери, ачытылбаган жана кошулмалары жок" товардык позициясы боюнча импорт жылына орточо 16%га жана 2022-жылы 19%га өскөн.

**19-таблица. 2022-жылы өлкөлөр боюнча САПтын шире импорту [78]**

| ТЭИ ТН коду | Товардык позиция | Импорттун көлөмү, млн АКШ долл | Жеткирип берүүчү ТОП-3 өлкө | Импорттогу үлүшү |
|---|---|---|---|---|
| **200990** | Ширелердин аралашмалары | 33,4 | Кытай | 36 % |
| | | | Нидерланддар | 22 % |
| | | | Германия | 15 % |
| **200969** | Башка жүзүм ширеси | 29,2 | Испания | 66 % |
| | | | Аргентина | 21 % |
| | | | Италия | 11 % |
| **200979** | Башка алма ширелери | 21,7 | Австрия | 46 % |
| | | | Кытай | 25 % |
| | | | Германия | 22 % |
| **200989** | Мөмө-жемиштин же жашылчанын бир түрүнүн ширеси, башкалары | 15,6 | Испания | 33 % |
| | | | Германия | 20 % |
| | | | Таиланд | 12 % |
| **200961** | Брикс саны 30дан ашпаган жүзүм ширеси (жүзүм суслосун кошуп) | 2,4 | Австрия | 67 % |
| | | | Улуу Британия | 22 % |
| | | | Түштүк Африка | 3 % |


*Булак: TradeMap (Эл аралык соода борбору)*

[78] Эскертүү. Мында КРда өндүрүлгөн жашылча-жемиш ширелери каралат.

### *БӨТӨЛКӨГӨ КУЮШТУРУЛГАН СУУ РЫНОГУ*


САПтын бөтөлкөгө куюштурулган суу рыногунда чекене сатуулар 2022-жылы 8,6%га өсүп, 3,939 млрд АКШ долл. жетти. Сатуу болжолу боюнча, 2027-жылы акчалай түрдө орточо жылдык өсүш 6,3%га же 6,3 млрд АКШ долл. же накталай түрдө орточо жылдык өсүш 4,0%га же 7,735 млрд. литрге жетери күтүлүүдө[79].

**37-сүрөт. САПта бөтөлкөгө куюштурулган суу динамикасы жана болжолу**




*Булак: © Euromonitor International*

**38-сүрөт. САПта бөтөлкөгө куюштурулган суу сатуунун каналдары**




*Булак: © Euromonitor International*

2022-жылы бөтөлкөгө куюштурулган суу каналдары төмөнкүдөй бөлүндү: дүкөндө сатууга 4,98 млн литр (83,7%) жана дүкөндөн тышкары сатууга 973 млн литр (16,3%) туура келет.

Бөтөлкөгө куюштурулган суу ден-соолук жана жыргалчылык жаатындагы тенденциялардан улам, ошондой эле  өкмөт тарабынан өткөрүлгөн мектептерде керектелүүчү тамак-аш азыктарынын жана суусундуктардын мониторингине байланыштуу, канттын камтылышы жогору алкоголсуз суусундуктарга тыюу салуу менен катар утушта болгон.

Бөтөлкөгө куюштурулган суу САПта жергиликтүү тургундарда жана экспаттарда популярдуулукка ээ болору күтүлүүдө. Канттын камтылышы жогору алкоголсуз суусундуктардан кыйла жагымдуураак жана баасы боюнча жеткиликтүүрөөк бөтөлкөгө куюштурулган суугa өтүүгө кантка болгон салыктар жана КНС түрткү берүүдө. Ысык климат жана сууну тузсуздандыруу үчүн кубаттуулуктарды ишке киргизүү боюнча долбоорлор да бөтөлкөгө куюштурулган суу сатууларынын өсүшүнө түрткү болуп жатат. Зыяратчылардын санын өсүшү жана чекене дүкөндөрдүн көбөйүшү да бөтөлкөгө куюштурулган суугa суроо-талаптын өсүшүнө түрткү берет.

**20-таблица. 2022-жылы САПтын бөтөлкөгө куюштурулган суу импорту [80]**

| ТЭИ ТН коду | Товардык позиция | Импорттун көлөмү, млн АКШ долл | Жеткирип берүүчү ТОП-3 өлкө | Импорттогу үлүшү |
|---|---|---|---|---|
| **220110** | Минералдык жана газдалган суулар | 20,1 | Италия | 36 % |
| | | | Франция | 35 % |
| | | | Бахрейн | 9 % |
| **220210** | Курамында кант же башка таттуу даам | 14,3 | Польша | 24 % |

[79] *Euromonitor International*, 2023.

[80] Эскертүү бул жерде КРда өндүрүлгөн жашылча-жемиштерден жасалган ширелер каралып жатат.

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | бергичи бар суулар, анын ичинде минералдык жана газдалган суулар | | Улуу Британия | 13 % |
| | | | АКШ | 11 % |

*Булак: TradeMap (Эл аралык соода борбору)*

Экспорттоочулар рыноктун өсүү темптерин жана өзгөчөлүктөрүн изилдеши керек. 2018-2022-жылдар аралыгында бөтөлкөгө куюштурулган суунун импортунун өсүү көрсөткүчтөрү «Минералдык жана газдалган суулар»үчүн 6%ды жана «Курамында кант же башка таттуу даам бергичи бар суулар» үчүн 3%ды түздү жана 2022-жылы тиешелүү түрдө 3%га жана 1%га кыскарты. Мында «бөтөлкөгө куюштурулган газы жок суу» негизги өнүмү боюнча 5 жылдын ичинде жыл сайын 34% кыскаруу байкалууда.

***КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭКСПОРТТУК ДАРАМЕТИ***

Кыргызстан азырынча САПка бөтөлкөгө куюштурулган сууну экспорттобойт.


Экспорттук контракттарды жигердүү издөөнүн астында экспорттоочулар жергиликтүү атаандаштык жана рынок протекционизми сыяктуу рынокко кирүүгө байланыштуу рыноктук мүмкүнчүлүктөрдү жана тобокелдиктерди кылдат изилдеп чыгышы керек.

САПтын бөтөлкөгө куюштурулган суу боюнча айрым товардык позицияларынын импорту акыркы 5 жылдын ичинде жыл сайын орточо 3-6%га өсүп жатат. Бирок «бөтөлкөгө куюштурулган газы жок суу» маанилүү позициясы 2018-2022-жылдар аралыгында 34%га кыскарган, бул өндүрүштүн локалдаштырылышын билдирет, анткени чекене сатуулар өсүп жатат.

## КИЙИМ РЫНОГУН ТАЛДОО

Кийим жана бут кийим рыногунун өлчөмү 2022-жылы 17,9 млрд АКШ долларына жана көлөмү 313 млн бирдикти түзүп, бирок пандемияга чейинки деңгээлге али жете элек. 2022-жылы өсүү сатуулардын көлөмү боюнча 14,0%ды жана сатылган товарлардын саны боюнча 8,9%гды түздү, ал эми 2023-2027-жылдар аралыгында орточо жылдык өсүш болжол менен 6,5% (акчалай түрдө) жана 2,4% (накталай түрдө) деңгээлинде болот. Дүйнөлүк фэшн индустрия компанияларынын жетекчилерин сурамжылоого ылайык, глобалдуу инфляциялык басымга карабастан, Жакынкы Чыгыш базарлары кийим жана бут кийим жаатындагы сатуу көрсөткүчтөрүн сактап калышат жана кийим менен бут кийим сегментинде сатуулардын көлөмдөрүн көбөйтүүлөрү да мүмкүн[81].

**39-сүрөт. Кийим, бут кийим жана спорт жабдыктарын сатуунун динамикасы жана болжолу**





САПтагы бай сатып алуучулардын[82] 73%ы жыл сайын мода индустриясынын буюмдарына 12 000 АКШ долларына чейин же андан көп каражат коротушат, бул көрүнүш аталган

[81] «2023-жылы фэшн-индустриянын абалы. Глобалдык булуттар калыңдаган сайын өсүүнү кармап туруу». *The Business of Fashion* и *McKinsey*, 2022.

[82] Эскертүү. Бир жылда бир үй чарбасына 75000 АКШ долларынан ашык кирешелер.

рынокту көптөгөн эл аралык бренддер үчүн жагымдуу кылат. САПта мода индустриясы рыногу эл аралык бренддер үчүн жагымдуу эки негизги рыноктун бири болуп саналат[83].


**40-сүрөт.САПтагы сатып алуучулардын модага жумшаган чыгымдары**




*Булак: The Business of Fashion*

2022-жылы кийим жана бут кийим сатууларынын калыбына келиши уланган, бирок алар пандемияга чейинки деңгээлдерден төмөн бойдон калууда. Сауд Арабиясында COVID-19 башталышы кийим жана бут кийим рыногуна терс таасир тийгизген, бирок чектөөлөрдүн алып салынышы жана офистерге жана мектептерге кайтып келүүнү кошуп, социалдык жана экономикалык жигердүүлүктүн кайра башталышы менен перспективалар кыйла жагымдуураак болуп калды. Көңүл ачуучу жана туристтик чөйрөлөрдө жигердүүлүктүн жогорулашы да өсүүгө түрткү берген, ал эми өлкөнүн өкмөтү экономиканы диверсификациялоо үчүн туризмди жигердүү өнүктүрүп келген. Ушул факторлор кийимдин жана бут кийимдин чекене сатууларынын олуттуу өсүшүнө алып келген.

**41-сүрөт. Аялдар, эркектер жана балдар кийимдеринин динамикасы жана болжолу**




*Булак: © Euromonitor International*

COVID-19 пандемиясы күнүмдүк жана спорт кийимине жана бут кийимине болгон тенденцияны күчөткөн. Үйдө өткөрүлгөн убакыттын көбөйүшү, алыстан иштөөгө жана дистанциондук окутууга өтүү ыңгайлуу сатып алууларга артыкчылык берүүгө өбөлгө түзгөн. Ден-соолук жана жыргалчылык жөнүндө маалымдуулук да спорт товарларына суроо-талапты жогорулаткан. «Vision 2030» стратегиясынын алкагында Сауд Арабиясы спортко жана эс алууга жигердүү инвестициялап жатат, бул да спорт кийимдерин сатууга түрткү

[83] «Жакынкы Чыгыштын керектөөчүлөрү саркеч кийимдерди кантип сатып алгандыгын түшүндүрүү». *The Business of Fashion*, 2023.


берүүдө. Ушул көрүнүш жаш муундун арасындагы спорт кийиминин популярдуулугу менен айкалышта ушул сегменттин өсүшү үчүн жагымдуу шарттарды түзүп жатат.

## Аялдар кийиминин рыногу

САПтын аялдар кийиминин рыногунда чекене сатуулар 2022-жылы 16,3%га өсүп, 7,08 млрд АКШ долларына жетти. Сатуу болжолу боюнча, 2027-жылы орточо жылдык өсүү 5,9%га же 9,4 млрд АКШ долларына жетери күтүлүүдө[84]. Сатуулардын түзүмүндө тыш кийимдер 85%ды ээлейт.

Сауд Арабиясында чет өлкөлүк жумушчуларды жергиликтүү тургундар менен алмаштырууга багытталган Saudisation программасы аялдардын жумуш менен камсыз болушуна өбөлгө түзгөн жана аялдар кийимине суроо-талап жараткан. Автомобиль айдоого тыюунун алып салынышы жана жол кире жана балдарды кароо субсидияларынын программаларын киргизүү да аялдардын жумушчу күчтө катышуусун кеңейткен. Аялдардын жумушчу күчтөгү катышы 2017-жылы 17,4%дан 2022-жылы 33,6%га чейин жогорулаган, бул аялдар кийимине, анын ичинде кыйла кымбат товарларга жана дизайнердик бренддерге болгон чыгымдардын көбөйүшүнө алып келген.

**42-сүрөт. САПта аялдар кийимин сатуунун түзүмү, млн АКШ долл.**




*Булак: © Euromonitor International*

COVID-19 пандемиясына чейин САПта аялдар саркеч жана кооз кийимге артыкчылык беришчи, алардын артыкчылыктарына глобалдык мода тенденциялары, батыш ЖМКы жана блогерлер таасир этишкен. Ошондой эле алар ыңгайлуу жана жагымдуу болгон күнүмдүк жана спорт модасына кызыгышчу. Бренддердин ортосундагы атаандаштык өндүрүүчүлөр тарабынан болгон сунуштарга, бүтүмдөргө жана жарнамалык акцияларга түрткү берген.

2022-жылы *Fawaz Abdulaziz Al Hokair & Co* дүкөндөргө салынган инвестициялардын жана пандемиядан кийин бренддердин портфелин оптималдаштыруунун жардамы менен аялдар кийими чөйрөсүндө лидер болуп кала берген. Ошондой эле, алар *valU* менен өнөктөштүктө электрондук төлөмдөр үчүн жаңы чечим тартуулашкан, ал сатып алуучуларга сатып алууларды дүкөндө да, онлайн да сатып алып, аларды өтө чоң эмес бөлүктөр менен төлөөгө мүмкүнчүлүк берген.

**21-таблица. Аялдар кийими рыногундагы лидерлер**

| Компаниялар | Рыноктогу үлүшү, % |
|---|---|
| **Fawaz Abdulaziz Al Hokair & Co** | 6,7% |
| **Al Bandar Trading Co** | 5,5% |

[84] Euromonitor International 2023.

| | |
|---|---|
| **M H Alshaya Co** | 1,8% |
| **Xiyin E Commerce FZE Pvt Ltd** | 1,7% |
| **Kamal Osman Jamjoom Group LLC** | 1,2% |
| **Landmark Group** | 1,0% |
| **Башка компаниялар** | 82,1% |


*Булак: © Euromonitor International*

САП аялдарга колдоо көрсөтүүнү улантат, анын ичинде жумуш менен камсыз болгондуктун деңгээлин жогорулатуу, өз алдынча саякаттоого жана автомобиль айдоого уруксат берүү, ошондой эле спорт иш-чараларына катышууга дем берүү. Аялдардын карьералык өсүшү «Көрүнүш 2030» программасынын приоритети болот, бул жумушка орношуунун жаңы мүмкүнчүлүктөрүн түзөт. Кыйла көз карандысыз аялдар аялдар кийимин эс алуу үчүн да, жумуш үчүн да жигердүүрөөк сатып алары күтүлүүдө. Туризми өнүктүрүү пландары да аялдар кийимин сатуу үчүн жагымдуу чөйрө түзөт, анткени Сауд Арабиясы дүйнөдө алдыңкы туристтик өлкөлөрдүн бири болууга умтулууда.

## Эркектер кийиминин рыногу

САПтын эркектер кийиминин рыногунда чекене сатуу 2022-жылы 15,9%га өсүп, 3,5 млрд АКШ долларына жетти. Сатуу болжолу боюнча, 2027-жылы орточо жылдык өсүш 7,2% же 4,97 млрд АКШ долларына жетери болжолдонууда[85]. Сатуулар түзүмүндө тыш кийимдер 79%ды ээлейт.

**43-сүрөт. САПта эркектер кийимин сатуу түзүмү, млн. АКШ долл.**




*Булак: © Euromonitor International*

2022-жылы калган чектөөлөрдүн алып салынышы САПта эркектер кийиминин өсүшүнө түрткү берген, анткени кызматкерлер жумушка кайтып келген. Бул ыңгайлуу жана оңтойлуу эркектер кийимине, анын ичинде *Adidas* жана *Nike* сыяктуу спорт кийимдеринин бренддерине суроо-талапты жогорулаткан. Спорттун жана фитнестин өнүгүшүнө салынган инвестициялар, ошондой эле популярдуу спорт фигуралары менен кызматташуу ошол бренддердин позициясын кармап турат. Катарда болуп өткөн Футбол боюнча дүйнө чемпионаты да эркектер категориясында спорт кийиминин бренддеринин ийгилигине өбөлгө түзгөн.

*Тоба* (саудиялыктардын салттуу ак тыш кийими) саудиялык эркектер гардеробунун негизги бөлүгү болот жана жергиликтүү калктын арасында жумуш менен камсыз болгондуктун өсүшүнөн улам анын популярдуулугунун өсүшү күтүлүүдө. *Тобалар* расмий жана мамлекеттик секторлордо кийимдин милдеттүү формасы болуп калып келет, ошондой эле

[85] *Euromonitor International*, 2023.

өзгөчө учурларда жана иш-чараларда кийилет. Болжолдонгон мезгилде классикалык дизайны менен премиум тобалардын популярдуулугунун да өсүшү күтүлүүдө. «Көрүнүш 2030» стратегиясынын алкагында САП өкмөтү көбүрөөк туристтерди тартууга умтулуп жатат, бул эркектер кийиминин сатууларынын өсүшүнө салым кошушу мүмкүн.

### 22-таблица. Эркектер кийиминин рыногундагы лидерлер

| Компаниялар | Рыноктогу үлүшү, % |
|---|---|
| adidas Group | 6,1% |
| Al Bandar Trading Co | 4,7% |
| Fawaz Abdulaziz Al Hokair & Co | 4,5% |
| Nike Inc | 3,6% |
| M H Alshaya Co | 2,4% |
| Chalhoub Group | 1,4% |
| Beside Group | 1,4% |
| BMA International FZE | 1,0% |
| Остальные компании | 74,9% |

*Булак: © Euromonitor International*

### 23-таблица. 2022-жылдагы САПтын кийим импорту (61 жана 62-товардык топтор)[86]

| ТЭИ ТН коду | Товардык позиция | Импорттун көлөмү, млн АКШ долл | Жеткирип берүүчү ТОП-3 өлкө | Импорттогу үлүшү |
|---|---|---|---|---|
| 6204 | Костюмдар, комплекттер, жакеттер, блайзерлер, көйнөктөр, юбкалар, юбка-шымдар, шымдар, боору бар комбинезондор. . . | 554,2 | Кытай | 66 % |
| | | | Испания | 11 % |
| | | | Индия | 7 % |
| 6104 | Костюмдар, комплекттер, жакеттер, блайзерлер, көйнөктөр, юбкалар, юбка-шымдар, шымдар, боору бар комбинезондор... | 535,2 | Кытай | 88 % |
| | | | Испания | 4 % |
| | | | Индия | 3 % |
| 6110 | Свитерлер, пуловерлер, кардигандар, жилеттер жана машинага же колго токулган ошол сыяктуу трикотаж кийимдер ... | 313,4 | Кытай | 81 % |
| | | | Испания | 8 % |
| | | | Италия | 2 % |
| 6109 | Майкалар, жеңи бар фуфайкалар жана башка машинага же колго токулган трикотаж фуфайкалар | 295,1 | Кытай | 51 % |
| | | | Индия | 21 % |
| | | | Испания | 9 % |
| 6103 | Костюмдар, комплекттер, пиджактар, блайзерлер, шымдар, боору жана лямкасы бар комбинезондор, бриджилер ... | 276,3 | Кытай | 78 % |
| | | | Индия | 13 % |
| | | | Испания | 3 % |
| 6203 | Костюмдар, комплекттер, пиджактар, блайзерлер, шымдар, боору жана лямкасы бар комбинезондор, бриджилер . . . | 271,9 | Кытай | 59 % |
| | | | Индия | 14 % |
| | | | Пакистан | 9 % |
| 6211 | Спорт, лыжа жана сууга түшүүчү костюмдар, кийимге тийиштүү башка нерселер | 185,1 | Кытай | 73 % |
| | | | Индия | 6 % |
| | | | АКШ | 4 % |
| 6108 | Комбинациялар, ички юбкалар, трусылар, панталондор, уктоочу көйнөктөр, пижамалар, пеньюарлар, жуунуучу халаттар, ... | 144,7 | Кытай | 78 % |
| | | | Индия | 13 % |
| | | | Гонконг (Кытай) | 3 % |
| 6115 | Колготкилер, чулкилер, гольфалар, байпактар, | 109,6 | Кытай | 85 % |

[86] Примечание. Здесь анализ проводится на 4-значном уровне кодов ТН ВЭД.

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | подследниктер жана башка чулки-байпактар, анын ичинде компрессиондугу да бар ... | | Индия | 7 % |
| | | | Түркия | 3 % |
| **6111** | Балдар кийими жана машинага же колго токулган трикотаж балдар кийимине тийиштүү буюмдар | 84,7 | Индия | 58 % |
| | | | Кытай | 22 % |
| | | | Испания | 8 % |
| **6201** | Пальто, жарым-жартылай пальто, накидкалар, плащтар, курткалар (анын ичинде лыжалык), ветровкалар, штормовиктер жана ошого окшош. . . | 81,5 | Кытай | 81 % |
| | | | Индонезия | 5 % |
| | | | Испания | 4 % |
| **6107** | Кальсондор, трусылар, уктоочу көйнөктөр, пижамалар, суга түшүүчү халаттар жана ошол сыяктуу буюмдар. . . | 76,7 | Кытай | 62 % |
| | | | Индия | 21 % |
| | | | Египет | 9 % |
| **6214** | Шаль, шарфтар, кашне, мантильялар, вуалдар жана ушул сыяктуу буюмдар | 75,4 | Кытай | 71 % |
| | | | Индия | 14 % |
| | | | Египет | 3 % |
| **6114** | башка трикотаж машинага же колго токулган кийимдерге тийиштүү буюмдар | 73,3 | Кытай | 42 % |
| | | | Египет | 17 % |
| | | | Нидерланддар | 15 % |
| **6117** | трикотаж машинага же колго токулган кийимдерге тийиштүү буюмдар; кийимдердин бөлүктөрү. . . | 63,9 | Кытай | 51 % |
| | | | Улуу Британия | 40 % |
| | | | Пакистан | 3 % |
| **6212** | Бюстгальтерлер, курлар, корсеттер, курсак тарткычтар, байлагычтар жана ушуга окшогон нерселер, алардын трикотаж бөлүктөрү . . . | 55,6 | Кытай | 74 % |
| | | | Гонконг (Кытай) | 8 % |
| | | | АКШ | 7 % |
| **6208** | Майкалар жана денеге кийилүүчү башка фуфайкалар, комбинациялар, ички юбкалар, трусылар, панталондор, уктоочу көйнөктөр , . . . | 50,8 | Кытай | 59 % |
| | | | Индия | 24 % |
| | | | Түркия | 4 % |

*Булак: TradeMap (Эл аралык соода борбору)*

САПта кийим импортунун дээрлик 2/3 бөлүгү Кытайдан келген ташып келүүлөр менен камсыз кылынган. Кийим импортунун өсүшүнүн көрсөткүчтөрү ар кандай, мисалы, 5 жылдын ичинде трикотаж буюмдарынын импорту 8%га өсүп, ал эми тигилген буюмдардын импорту (трикотаж эмес) өскөн эмес.

*КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭКСПОРТТУК ДАРАМЕТИ*

Акыркы 5 жылда тигүү секторунун экспорту жыл сайын орточо эсеп менен 57% өссө, трикотаж кийимдеринин экспорту 7% кыскарды. Кыргызстан САПка экспорт кылбайт.

САПтын кийим рыногунда эл аралык, аймактык же жергиликтүү бренддер үстөмдүк кылгандыктан, КР экспорттоочулары ири оюнчулар үчүн өндүрүүгө активдүү даярдык көрүшү керек. Бул үчүн сорсинг[87] стратегияларын, алдынкы эл аралык компаниялардын же жергиликтүү бренддердин стратегияларын изилдеп, андан соң өз кызматтарын сунуштоолору керек.

# 4-БӨЛҮМ: ИШКЕРЛИК КЫЗМАТТАШТЫК ЛАНДШАФТЫНЫН СЕРЕБИ

Сауд Арабиясы бизнес ачуу жана жүргүзүү жагынан Жакынкы Чыгышта жагымдуу ишкерлик багыт бойдон калууда, бирок бизнестин динамизми жана эркиндиктердин чектөөлөрү дагы деле калууда. «Көрүнүш 2030» модернизациялоо программасы рыноктун либералдаштырылуусуна, инвестициялардын диверсификациялоосуна жана

[87] Сорсинг стратегиясы (жеткирип берүүчүлөрдү табуу) – бул компаниянын сатып алуу чыгымдарын анын жалпы максаттары менен шайкеш келтирүүгө багытталган иш-чаралардын жыйындысы.

модернизациялоого өзүнүн салымын кошууда. Олуттуу социалдык прогресс байкалууда, бирок гендердик теңсиздик, ишкерликтин чектелген эркиндиктери жана жогорку билимдин төмөн деңгээли узак мөөнөттүү тобокелдиктерди түзөт.

Ошондой эле, 2022-жылдан тартып САП экономиканы диверсификациялоо жана мунайдан көз карандуулукту төмөндөтүү үчүн чараларды киргизип жатат. Ишкерлик чөйрөнү чектеген ушул чаралардын арасында төмөнкүлөр бөлүнүп чыгат:

- «Саудизациялоо» программасы – компанияларга жергиликтүү тургундарды жалдоону талап программа.
- Импорттон көз карандуулукту төмөндөтүүгө, ошондой эле экономиканы диверсификациялоого багытталган ар кандай секторлордо өндүрүштөрдү локалдаштыруу программасы.
- Салык салуудагы жана салыктык бюджеттик түшүүлөрдүн өсүшүнө багытталган тарифтик саясаттагы өзгөртүүлөр, ошондой эле өлкөнүн ичинде өндүрүлүшү мүмкүн болгон товарлардын белгилүү тизмегине карата импорттун чектөөлөрү.

САПта бизнес жүргүзүүдө бизнес жүргүзүүнүн айрым өзгөчөлүктөрүн билүү керек. Заманбап Сауд Арабиясы көптөгөн бизнес-ыкмаларды жана батыш стилдерин интеграциялаган, бирок айрым маданий айырмачылыктарды сактап келет. Өлкөдө ишкерлик мамилелер көп учурда ишеним түзүүнүн жана таанышуунун негизинде түзүлөт. Салттуу саудиялыктар сылык сөздөр менен алмашууга көп убакыт бөлүп, ишкерлик байланыштарды түзүү үчүн бир нече жолугушууларды талап кылышат. Жолугушуулар көбүнчө чай жана салттуу сауд кофеси менен коштолот, жана официантка кайтарып берүүдөн мурда бир-үч чашка кофени кабыл алуу сылыктыктын белгиси болуп саналат.

Коомдо жана жумушчу орундарда аялдардын ролу мураскер канзаада Мохаммед бен Салман Аль Сауд тарабынан өткөрүлгөн реформалардан кийин өзгөрүп жатат. Консервативдүү баалуулуктар дагы деле басымдуулук кылууда, бирок аялдар бизнесте кыйла жигердүүрөөк ролду ээлеп жатышат, ал эми бизнесте жана жумушта аялдар кол кармашып учураша алышат же учурашууда колун жүрөгүнө коюшат. Сауд бизнесмендери, өзгөчө Батышта билим алгандар же саякаттагандар, ишкерлик мамилелерде батыш манералары жана стандарттары менен тааныш. Кийим эркектер үчүн да, аялдар үчүн да консервативдүү болушу керек, бирок аялдар үчүн абайяга талаптар жумшартылган. САП ресторандарга аялдар үчүн өзүнчө кирүү эшиктерин жокко чыгаруу жана чет өлкөлүк түгөйлөр үчүн эрежелерди өзгөртүү сыяктуу реформаларды жүргүзүүнү улантууда[88].

САПтын рыногуна кирүү стратегиясын пландаштыруу үчүн маданий өзгөчөлүктөрдөн тышкары өлкөдө соода жүргүзүүнүн айрым өзгөчөлүктөрүнө көңүл буруп, кабыл алуу керек:

- Ритейлерлер жана импорттоочулар тарабынан өздүк соода маркасынын алдында импорттук продукциянын сатууларынын өсүшү.
- Импорттоочулар товарлардын кеңири тизмесин башка өлкөлөрдө, мисалы БАЭде жана Египетте, болушу мүмкүн болгон консолидаторлор аркылуу импорттошу мүмкүн. Консолидаторлор араб тилине которулган этикеткасы бар стикерлерди «чаптоо» боюнча кызматтарды көрсөтүшү мүмкүн.
- Гипермаркеттердин жана супермаркеттердин тармактары өз ассортиментинин бөлүгүн жеткирип берүүчүлөрдөн өз алдынча импорттошу мүмкүн (мисалы, *LuLu* гипермаркеттеринин тармагы).
- Импорттоочулар жаңы товардык позицияларды издешет жана продукцияны илгерилетүү жана жарнамалоо үчүн жеткирип берүүчүлөр тарабынан колдоо көрсөтүүнү талап кылышат. Сауд сатып алуучусу оптималдуу продукцияны издөөдө дооматтуу болуп, этикеткаларды

[88] АКШнын эл аралык соода боюнча мамлекеттик департаменти.

кылдаттык менен изилдеши мүмкүн, ошондуктан жарнама сатып алуучулардын көңүлүн алуу үчүн маанилүү фактор болуп саналат.

- Адатынча ири супермаркеттер жана гипермаркеттер жергиликтүү дистрибьютерлерден листингдик жыйымдарды талап кылышат. Ири дистрибьютерлер кыйла төмөнүрөөк листингдик төлөм тууралуу сүйлөшүп алышы мүмкүн. Мындан тышкары, дистрибьютерлерден жалпы жылдык жүгүртүүдөн жеңилдетүү, жарнамалык кампанияларга катышууга төлөм, дүкөндөгү мерчандайзинг үчүн, дүкөндөгү полкаларды ижара алуу үчүн төлөм жана жарактуулук мөөнөтүнөн ашып кеткен товарлар үчүн компенсация суралышы мүмкүн. Дистрибьютерлер тарабынан ыйгарым укук берилген чекене сатуучулар керектөөчүлөр үчүн, өзгөчө жарактуулук мөөнөтү 60 же андан аз күндү түзгөн өнүмдөр үчүн атайын сунуштарды тартуулашат.

2021-жылы Сауд Арабиясында чекене сатуулардын жалпы көлөмү 40 миллиард долларынан ашык бааланган. Ушул сандан 59 пайызы салттуу азык-түлүк дүкөндөрү аркылуу жана 41 пайызы чекене сооданын заманбап каналдары аркылуу жүргүзүлгөн. Чекене сооданын салттуу каналдарындагы түшкөн акча гипермаркеттердин жана супермаркеттердин тармагынын тез кеңейүүсүнөн улам азайып жатат. Жаңы шаар борлору түзүлгөндөн улам чекене соода секторунун кеңейүүсү уланары күтүлүүдө.

Хорека сектору COVID-19га чейин кеңейип келген. Ага карабастан, пандемия бир нече айдын ичинде жогору кухня ресторандарынын секторун талкалаган, бирок азыр сектор COVID-19га каршы баардык чаралардын жокко чыгарылышынан улам толугу менен калыбына келген. 2021-жылы Хорека секторунун жалпы кирешеси дээрлик 29 миллиард долларын түзгөн, жана болжолдор боюнча, кийинки бир нече жылдын ичинде анын жыл сайын дээрлик 10%га өсүшү күтүлүүдө. Хорека сектору өзүнүн ингредиенттерге болгон керектөөлөрүнүн 79%ын канаттандыруу үчүн импорттук тамак-аш азыктарынан көз каранды.

Сауд Арабиясынын жергиликтүү тамак-аш өнөр жайы олуттуу мааниге ээ. Учурда бар болгон маалымдар көрсөткөндөй, 2021-жылы өлкө аралык тамак-аш өнүмдөрүн 3 миллиард доллары суммасына импорттогон. Сауд Арабиясынын өкмөтү азык-түлүктүк коопсуздукту жогорулатуу үчүн жергиликтүү тамак-аш өнөржайын кеңейтүүгө ар кандай стимулдарды берет. Ошентип, ата-мекендик өнөржайды кеңейтүү перспективасы тамак-аш ингредиенттерине суроо-талапты жогорулатышы керек.

COVID-19 пандемиясы САПта үйгө жеткирип берүү секторун трансформациялоого жардам берген, жана азыркы учурда бир нече чет өлкөлүк жана жергиликтүү тиркемелер чекене өнүмдөрдү жана тамактарды ресторандардан баардык Падышалык боюнча жеткирип берүү үчүн кеңири колдонулат. Интернет-дүкөндөр абдан популярдуу болуп, бай сауд инвесторлору жана мамлекеттик инвестициялык компаниялар же бар болгон тиркемелерди сатып алышкан, же жаңыларды иштеп чыгып жатышат[89].

## КЫЗМАТТАШУУНУН ӨКМӨТ АРАЛЫК ПЛАТФОРМАЛАРЫ

Эки өлкөнүн ортосунда туризм чөйрөсүндө экономикалык кызматташтыкты өнүктүрүүгө багытталган негизги келишимдерге кол коюлган, алардын ичинде инвестицияларды коргоо жөнүндө, кош салык салуудан кутулуу жөнүндө, аба каттамы жөнүндө, экономикалык кызматташтык жөнүндө, эки өлкөнүн соода-өнөр жай палаталарынын ортосунда Ишкерлик Кеңешти түзүү жөнүндө макулдашуулар.

Акыркы жылдары интенсивдүү өз ара визиттер, бизнес-форумдар жана ишкерлик жолугушуулар өткөрүлүп, эки тараптуу экономикалык кызматташтык активдештирилген.

[89] АКШнын Айыл чарбасы боюнча мамлекеттик департаменти.

Сауд өнүктүрүү фонду КРнын транспорттук инфратүзүмүн жакшыртуу, ошондой эле социалдык секторду өнүктүрүү боюнча ишти жүргүзүүдө.

Эки өлкөнүн бизнес-коому ишкерлик байланыштарды түзүп жатышат. 2023-жылдын августунан тартып «Flynas» авиакомпаниясынын Джидда – Ош – Джидда жана Джидда – Бишкек – Джидда маршруту боюнча жаңы рейстери ишке киргизилген, алар өз ара соода-экономикалык кызматташтыкка көмөк көрсөтөт.

## НЕГИЗГИ СООДА КӨРГӨЗМӨЛӨРҮНҮН ЖАНА B2B[90] АЯНТЧАЛАРЫНЫН ТИЗМЕСИ

САП эң ири аймактык рынок болгондуктан, бул жерде дүйнөлүк деңгээлдеги көптөгөн соода көргөзмөлөрү жана конференциялар өтөт.

**24-таблица. САПтагы көргөзмөлөрдүн тизмеси**

| Аталышы | Тематикасы | Өткөрүлгөн күнү жана жери |
|---|---|---|
| «Foodex Saudi 2023» эл аралык көргөзмөсү | Тамак-аш өнүмдөрү жана суусундуктар | 17-20-сентябрь 2023 (Эр-Рияд) |
| «Food & Hospitality Expo 2023» эл аралык көргөзмөсү | Меймандостук жана тамак-аш өнүмдөрүнүн индустриясы | 23-26-октябрь 2023 (Джедда) |
| «Saudi Agro Food 2023» эл аралык көргөзмөсү | Тамак-аш өнүмдөрү жана суусундуктар, айыл чарбасы | 23-26-октябрь 2023 (Эр-Рияд) |
| «Saudi Food Expo 2023» эл аралык көргөзмөсү | Тамак-аш өнүмдөрү жана суусундуктар | 13-16-ноябрь 2023 (Эр-Рияд) |
| «International Saudi Halal Expo 2023» эл аралык көргөзмөсү | Халяль бизнеси | 19-21-ноябрь 2023 (Эр-Рияд) |
| «Saudi Horeca 2023» эл аралык көргөзмөсү | Меймандостук жана тамак-аш өнүмдөрүнүн индустриясы | 27-29-ноябрь 2023 (Эр-Рияд) |
| «Saudi International Marine Exhibition & Conference» адистештирилген көргөзмөсү жана конференциясы | Балык кармоо, аквамаданият жана деңиз өнүмдөрү | 04-06-февраль 2024 (Эр-Рияд) |

*ӨНҮМДӨРДҮН ҮЛГҮЛӨРҮН КИРГИЗҮҮГӨ КОЮЛГАН ТАЛАПТАР*

САПтын потенциалдуу сатып алуучулары үчүн же көргөзмөлөрдө демонстрациялоо үчүн багышталган үлгүлөр САПтын маркалоо жана жарактуулук мөөнөтү боюнча эрежелерине баш ийбейт, бирок ташып келүү портторунда текшерилүүгө жатат. Өнүм сатылбайт жана анын коммерциялык баалулугу жок экендиги белгиленген инвойс Сауд Арабиясына адатынча *DHL, FEDEX* ж.б. сыяктуу компаниялар аркылуу жөнөтүлгөн үлгүлөрдү коштоого тийиш.

Үлгүлөрдү экспоненттер катары жөнөтүү тууралуу көргөзмөнүн уюштуруучулары менен тактап алуу сунуш кылынат.

## МАМЛЕКЕТТИК УЮМДАРДЫН ЖАНА БИЗНЕС-АССОЦИАЦИЯЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

Экспорттоочулар үчүн экспорттук иш-чараларды пландаштыруунун жана ишке ашыруунун ар кандай этаптарында пайдалуу боло турган мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдардын ролун эске алуусу маанилүү. Алардын арасында тышкы сооданы жөнгө салуучу

[90] b2b – business-to-business. Бул компаниялар ортосундагы соода.

органдар жана эл аралык соода-экономикалык мамилелерди өнүктүрүү боюнча иштеген уюмдар бар.

**25-таблица. САПтын мамлекеттик жана башка уюмдарынын байланыш маалыматтары**

| Уюмдун аталышы | Веб-сайты |
|---|---|
| Кыргыз Республикасынын Сауд Арабия Падышалыгындагы элчилиги | https://mfa.gov.kg/ru/dm/posolstvo-kyrgyzskoy-respubliki-v-korolevstve-saudovskaya-araviya |
| САП өкмөтүнүн порталы | https://www.my.gov.sa/wps/portal/snp/main |
| Айлана-чөйрө, суу ресурстары жана айыл чарба министрлиги | https://www.mewa.gov.sa/en/Pages/default.aspx |
| Тышкы сооданын башкы башкармалыгы | https://gaft.gov.sa/en/pages/default.aspx |
| Закят, салыктар жана бажы боюнча башкармалык | https://zatca.gov.sa/en/Pages/default.aspx |
| Тамак-аш өнүмдөрүн жана дарыларды контролдоо башкармалыгы | https://sfda.gov.sa/en |
| Сауд стандарттар, метрология жана сапат боюнча уюму | https://www.saso.gov.sa/en/pages/default.aspx |
| Перс булуңунун араб мамлекеттеринин кызматташтык кеңешинин Стандартташтыруу боюнча уюму | https://www.gso.org.sa |
| САПтын Соода палаталарынын федерациясы | https://fsc.org.sa/?lang=en |
| Эр-Рияд соода палатасы | https://www.chamber.sa/en/Home/Pages/default.aspx |
| Джедда соода палатасы | https://www.jcci.org.sa/en/aboutthechamber |